# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА, ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК ЖАНА ЖАЗЫК-АТКАРУУ МЫЙЗАМДАРЫНЫН НОВЕЛЛАЛАРЫ

## ОКУУ КИТЕБИ

### 3-Бөлүк

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА, ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК ЖАНА ЖАЗЫК-АТКАРУУ МЫЙЗАМДАРЫНЫН НОВЕЛЛАЛАРЫ

**ОКУУ КИТЕБИ**

**3-БӨЛҮК**

**БИШКЕК**
**2018**

**УДК 343**
**ББК 67.99 (2Ku) 93**
**Н 72**

Кыргыз Республикасынын Жазык, жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдарынын новеллалары: окуу китеби: 1-б. - Б.: 2018. - 156 б.

**ISBN 978-9967-9070-3-4**

**Авторлор:**
**Жазык-укуктук блогу:**
- Сыдыкова Л. Ч. – ю.и.д., профессор
- Сулайманова Н. Н. – ю.и.д., профессор
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

**Жазык-процесстик блогу:**
- Сманалиев К. М. – ю.и.д., профессор
- Кулбаев А. К. – ю.и.к.
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

**Жазык-аткаруу блогу:**
- Сапарбаев Б. К. – БУУ БКБнын эксперти
- Асаналиев А. – БУУ БКБнын эксперти
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант

**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам:**
- Сейдалиева М. Э. – 1-класстагы юстиция кеңешчиси
- Бахаутдинов М. М. – адвокат
- Калыбаева А. А. – ю.и.к.
- Котик Н. М. – адвокат
- Османова А. М. – адвокат
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

**Орус тилинен кыргыз тилине которгондор:**
- 1-6 модуль - Калыева О.А,
- 7-12 модуль -  Биялиев К.А.

Жазык, жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдарынын новеллалары боюнча окуу китеби Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн соттук-укуктук реформанын жана «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча пландын алкагында даярдалган, сотторду, прокурорлорду, укук коргоо органдарынын жана башка мамлекеттик органдардын кызматкерлерин, адвокаттарды даярдоо үчүн, ошондой эле юриспруденция багыты боюнча окуу жайларына сунушталат.

Бул окуу китеби «Сорос-Кыргызстан» Фондунун колдоосунда «Кыргыз Республикасында соттук-укуктук реформаларды алга жылдырууга жана туруктуулугуна көмөктөшүү» долбоорунун алкагында жарык көрдү.

**Н 1203021300-18**
**ISBN 978-9967-9070-3-4**

**УДК 343**
**ББК ББК 67.99 (2Ku) 93**

Бул окуу китеби Кыргыз Республикасында (2011 – 2018-жж.) өткөрүлгөн соттук-укуктук реформанын алкагында жазык-укуктук мыйзамдардын пакетин иштеп чыгуу боюнча көп жылдык иштин жыйынтыгы болуп саналат. Колдонуудагы мыйзамдарды ревизиялоо жана жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн жогорку квалификациялуу улуттук жана эл аралык юристтерди, КР Президенинин Аппаратынын, КР Парламентинин, КР Премьер-министринин Аппаратынын, КР Юстиция министрлигинин, КР Башкы Прокуратурасынын, КР ИИМинин, коопсуздук органдарынын кызматкерлерин, бейөкмөт секторлорду жана башкаларды тартуу менен жумушчу топ түзүлүп, чымыркангaн иштин натыйжасында кайра иштедик жана мыйзамдарды түп-тамырынан жакшыртууга жетиштик. Натыйжада 17 кодекс жана мыйзам, анын ичинде жаңы КР Жазык кодекси, КР Жоруктар жөнүндө кодекси, КР Бузуулар жөнүндө кодекси, КР Жазык-процесстик кодекси, КР Жазык-аткаруу кодекси, Пробация жөнүндө Мыйзамы, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзам иштелип, талкууланып, 2016 – 2017-жж. кабыл алынды. Жаңы мыйзамдар прогрессивдүүлүгү, реалдуу гумандаштырууга, декриминализациялоого жана депенализациялоого багыт алгандыгы менен айырмаланат, бул өзгөчө 2019-жылдын январынан күчүнө кире турган жазык-укуктук блокто абдан ачык көрсөтүлгөн. Жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдары адам укуктарын коргоону эске алуу менен түзүлгөн жана аларды камсыз кылуунун реалдуу механизмдерин караштырат.

Соттук-укуктук реформанын кийинки кадамы, бул мыйзамдардын канчалык ишке ашырылышына, бардык соттук, укуктук, укук коргоо системалары реформага даяр болушуна, окутулганына жана кабыл алынган мыйзамдардын кабыл алынышына жараша болот.

Реформанын ийгилиги жана натыйжалуулугу жаңы мыйзамдарда камтылган концептуалдык негиздерди сактоодо, аларды жайылтуунун синхронизациясында жана ырааттуулугунда гана мүмкүн. КР Өкмөтү тарабынан донор мамлекеттердин көмөгү менен 2017 – 2018-жж. КР Жогорку сотунун жетектөөчү курамы, КР ЖСнын Конституциялык палатасынын соттору, КР Башкы прокуратурасы, КР ИИМи, КР УКМКсы, КР ЭККМКсы, КР ЖАМКсы, КР Адвокатурасы үчүн жаңы кабыл алынган кодекстер боюнча маалыматтык семинарлардын сериялары уюштурулуп, 13 тренинг өткөрүлдү, анда сунушталган иштелип чыккан модулдар апробацияланды жана жакшыртылды, кийин өздөрүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнө окутуу өткөрүү үчүн 40 тренер даярдалды.

Бул окуу китеби ушул тренингдердин негизинде даярдалды жана өзүнө жазык, жазык-процесстик, жазык-аткаруу мыйзамдарынын бардык новеллалары боюнча 12 окуу модулдарын камтыйт.

Окуу китеби реформаторлордун жаңы муунунун ишине маанилүү жардам болуп, ар түрдүү максаттуу топторго маалыматты сылык жана структуралап берүүгө мүмкүндүк берет.
Соттук-укуктук реформаны ишке ашырууда, тренерлер үчүн тренингдерди өткөрүүдө, модулдарды иштеп чыгууда, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр: «Сорос-Кыргызстан» Фонду, ООНдун Өнүктүрүү программасы, БУУнун БКБсы, ЭККУ олуттуу салым кошушту. Бул окуу китеби өнөктөштөрдүн бири – «Сорос-Кыргызстан» Фондунун көмөгү менен даярдалды жана басып чыгарылды.

# МАЗМУНУ

**9-МОДУЛЬ. ДАЛИЛДЕРДИ ДЕПОНИРЛӨӨ.
ШЕКТЕНҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАНДЫРУУ.
ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ.**

1.1. Тренердик торчо ........ 5

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар ........ 12

1.3. Тренерлер үчүн материалдар ........ 37

**10-МОДУЛЬ. БИРИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК,
КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТ ӨНДҮРҮШҮ.
ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ МАМЛЕКЕТ
КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ (МКЮЖ).**

1.1. Тренердик торчо ........ 41

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар ........ 49

1.3. Тренерлер үчүн материалдар ........ 71

**11-МОДУЛЬ. КР ЖАҢЫ ЖАЗЫК ЖАНА ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК
КОДЕКСТЕРИ БОЮНЧА ЖАЗЫК ЖОРУКТАРЫ**

1.1. Тренердик торчо ........ 81

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар ........ 89

1.3. Тренерлер үчүн материалдар ........ 111

**12-МОДУЛЬ. МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН
ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ**

1.1. Тренердик торчо ........ 121

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар ........ 127

1.3. Тренерлер үчүн материалдар ........ 151

# 9 - МОДУЛЬ

## ДАЛИЛДЕРДИ ДЕПОНИРЛӨӨ

## ШЕКТЕНҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАНДЫРУУ

## ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ.

## ДАЛИЛДЕРДИ ДЕПОНИРЛӨӨ. ШЕКТҮҮ ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛОО. ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУЛАР

**ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ:** Тренингдин катышуучуларына КР жаңы ЖПКсындагы далилдерди депонирлөөнү, шектүү экендиги жөнүндө кабарлоону, процесстик макулдашууларды регламенттеген жоболор жөнүндө билим берүү

**ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:**
1. Жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө
2. Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо
3. Процесстик макулдашуулар

**МАШЫКТЫРУУЧУЛАР-ЭКСПЕРТТЕР:** Сманалиев К. М. – ю.и.д., Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору; Кулбаев А. К. – ю.и.к.., Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти; Качикеева Б. Ж. – эксперт

**КАТЫШУУЧУЛАРЫ:** Судьялар, УКМК, Прокуратура, ИИМ, ЖАМК, ЭККМК кызматкерлери, ЖОЖдордун укук факультеттеринин окутуучулары, жактоочулар, укук коомчулугу.

**ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ:** 7 саат 30 мүнөт (5 окуу сааты, түштөнүүгө – 1 саат, тыныгууга – 30 мүнөт)
5,5 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1– сессия – 90 мүн., 2-сессия - 90 мүн., 3-сессия – 90 мүн., жыйынтыктоочу сессия – 30 мүн.)

**КЕРЕКТҮҮ КЕҢСЕ ТОВАРЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР:**
- Флипчарттар жана түстүү маркерлер
- Дептер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

**ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:**
**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа
**ТМ 1-2.** №1казус. «Никитиндин иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-3.** № 2 казус. «Петровдун иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-4.** № 3 казус. «Чулковдун иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-5.** «Далилдерди депонирлөө» Power Point Presentation
**ТМ 2-1.** «Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо» «Power Point Presentation
**ТМ 2-2.** «Шектүүнү кармоо процедурасы» салыштырма таблицасы (1-2 нуска)
**ТМ 3-1.** «КР ЖПКсынын 58(н)-главасы менен 36-1(д)-главасынын» салыштырма таблицасы менен иштөө боюнча көнүгүү (1-2 нуска)
**ТМ 3-2.** «Процесстик макулдашуулар» Power Point Presentation
**ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы

**КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР[1]:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси;
2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
3. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндөгү кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
5. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруучу кодекси;
6. Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» мыйзамы;
7. КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 «КР Жазык кодексин, КР Жоруктар жөнүндө кодексин, КР Жазык-процесстик кодексин, КР Жазык-аткаруучу кодексин жүзөгө ашыруу жөнүндө» мыйзамы
8. КР 2009-жылдын 25-июнундагы «Мамлекет тарабынан кепилденген укуктук жардам жөнүндө» мыйзамы

**(же тренингдин ар бир темасы үчүн керектүү мыйзамдардан үзүндүлөр)**

**ОКУТУУ МЕТОДДОРУ:**

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо дискуссияларды өткөрүү
- Таратылуучу материалдар менен иштөө
- Power Point Presentation
- Симуляция
- Жалпы талкуу
- Мини-лекция

1 Ирети боюнча 1ден 6га чейинки кодекстер жана мыйзамдар КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган жана аларга КР Президенти 2017-жылдын 2-февралында кол койгон.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 09:00-09:30 | **Киришүү сессиясы**<br>Учурашуу жана таанышуу.<br>Тренингдин максаттары жана милдеттери.<br>Иштөө эрежелери. | | Бейджиктер, түстүү маркерлер, калемсаптар, А4 | |
| 09:30-11:00 | **1-сессия. Далилдерди депонирлөө**<br><br>**1-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:**<br>1. Ушул депонирлөө институтун киргизүү себептери;<br>2. Жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө түшүнүгү жана негиздери.<br>**2.2. Машыктыруучу тарабынан 1-сессияны жыйынтыктоо[2]:**<br>Бул сессияда катышуучулар 2012-жылдын 8-августундагы «Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» өткөрүлүүчү соттук-укуктук реформанын алкагында кылмыш-жаза процессиндеги көрсөтмөлөрдү депонирлөөнүн ролу тууралуу билим алышты. Депонирлөө институтун киргизүү укук коргоо, укукту колдонуу органдарынын жумушун азайтып, адам укугун коргоого мүмкүнчүлүк берет. | **1-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» көнүгүүсү.<br>Машыктыруучу казустар менен иштөө үчүн катышуучуларга 3 чакан дискуссиялык топко (ЧДТ) бөлүнүүнү сунуштайт. Машыктыруучу топторго бирден фабуласы менен казус берет жана тапшырманы түшүндүрөт<br>**1-топ үчүн тапшырма:** №1 казус. «Никитиндин иши» **(ТМ 1-2)**<br>**2-топ үчүн тапшырма:** №2 казус. «Петровдун иши» **(ТМ 1-3)**<br>**3-топ үчүн тапшырма:** №3 казус. «Чулковдун иши» **(ТМ 1-4)**<br>Казустардын үстүндө иштөөнүн максаты – тренингдин катышуучуларына «көрсөтмөлөрдү депонирлөө» институтунун киргизилишинин маанилүүлүгүн жана зарылдыгын көрсөтүү, «депонирлөө» терминине түшүнүк берүү, жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөөнүн негиздерин түшүндүрүп берүү.<br><br>**2-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бет ачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бет ачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бет ачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш.<br><br>**3-КАДАМ.** Бардык ДЧТлердин бет ачарларынан кийин машыктыруучу бардык катышуучуларга суроо берет: «Бул тапшырмалар пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?». | **ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа<br><br>**ТМ 1-2.** №1 казус. «Никитиндин иши» (1-2 нуска)<br><br>**ТМ 1-3.** №2 казус. «Петровдун иши» (1-2 нуска)<br><br>**ТМ 1-4.** №3 казус. «Чулковдун иши» (1-2 нуска) | Сманалиев К. М. |

2 Машыктыруучу катышуучулардын деңгээлине жана статусуна жараша текстти кошумчалап, кыскартып, татаалдантып, жеңилдетип бериши мүмкүн.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **4-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>Казустарды талдоо практикалык көнүгүү аркылуу тренингдин катышуучуларына «көрсөтмөлөрдү депонирлөө» институтунун жаңы ЖПКсына киргизилишинин маанилүүлүгүн жана зарылдыгын түшүнүүгө, «депонирлөө» термини менен таанышууга, жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөөнүн негиздерин түшүнүүгө мүмкүндүк берди.<br><br>**5-КАДАМ.** Машыктыруучу сессияны «Далилдерди депонирлөө» аттуу Power Point Presentation менен чакан лекциясын бекемдейт. **(ТМ 1-5)**<br><br>**6-КАДАМ.** Экинчи машыктыруучу катышуучуларга таратылуучу материалды таратат **(ТМ 1-5)**<br><br>**7-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР». Бардык машыктыруучулар жана эксперттер катышуучулардын суроолоруна жооп беришет.<br><br>**8-КАДАМ.** Машыктыруучу **1-сессиянын жыйынтыктарын** чыгарат, түшүнүксүз жерлерин түшүндүрүп берет жана 2-сессияны өткөрүү үчүн экинчи машыктыруучуга сөз берет. | **ТМ 1-5.** «Далилдерди депонирлөө» аттуу Power Point Presentation | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 11:00-11:30 | Тыныгуу | | | |
| 11:00-12:00 | **2-сессия. Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо**<br>**2.1. 2-сесссиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:**<br>1. Шектүү экендиги тууралуу кабарлоонун негиздери жана процесстик тартиби. Шектүү экендиги тууралуу кабарлоого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби.<br>2. КР жаңы ЖПК боюнча шектүүнү кармоо процедурасы.<br>3. КР жаңы ЖПК боюнча шектүүнүн процесстик статусу.<br><br>**2.3. Машыктыруучу тарабынан 2-сессия боюнча жыйынтык чыгаруу[3]:**<br>Сессияда катышуучулар КР жаңы ЖПК-сы боюнча шектүүнүн (кармагандан тартып же шектүү экендиги тууралуу кабарлангандан тартып) процесстик статусу тууралуу билип калышты. КР-дин 1999-жылдагы ЖПКсы боюнча «Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо» менен «Адамды айыпкер катарында таануунун» ортосундагы айырманы билишти: процесстик документтерди, кабарлоону тапшыруу тартибин, шектүүнүн укуктары менен милдеттерин түшүндүрүүнү жана суракты. | **1-КАДАМ. Мини-лекция.**<br>Машыктыруучу мини-лекциясын «Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо» аттуу Power Point Presentation жардамы менен өткөрөт **(ТМ 2-1)**, иштеп жаткан ЖПКнын адамды айыпкер катары таануунун маселелерин жана адамга шектүү экендиги жөнүндө кабарлоонун алгоритмин түшүндүрүп берет.<br><br>**2-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».<br><br>**3-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучуларга «Шектүүнү кармоо процедурасы» салыштырма таблицасы **(ТМ 2-2)** менен иштөө жана ЖПКнын ченемдеринин өзгөрүлүшүн талкуулоо үчүн 2 чакан дискуссиялык топко бөлүнүүнү сунуштайт.<br><br>**4-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бетачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулайт, консенсуска келет жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтөт. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилейт.<br><br>**5-КАДАМ.** Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**6-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>Практикалык иш катышуучуларга шектүүнү кармоо процедурасы боюнча жаңы ЖПКдагы ченемдердин өзгөрүлүшүн билип түшүнүүгө мүмкүндүк берди. | **ТМ 2-1.** «Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо» аттуу Power Point Presentation<br><br>**ТМ 2-2.** «Шектүүнү кармоо процедурасы» салыштырма таблицасы **(1-2 нуска)** | Кулбаев А. К. |

3 Машыктыруучу катышуучулардын деңгээлине жана статусуна жараша текстти кошумчалап, кыскартып, татаалдантып, жеңилдетип бериши мүмкүн.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучу-лар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **7-КАДАМ. Машыктыруучу 2-сессия боюнча ЖЫЙЫН-ТЫК** чыгарат, түшүнүксүз жерлерди түшүндүрүп берет жана экинчи машыктыруучуга 3-сессияны өткөрүү үчүн сөз берет. | | |
| 13.00-14.00 | Түштөнүү | | | |
| | **3-сессия. Процесстик макулдашуулар**<br><br>**3.1. 3-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:**<br>1. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндөгү процесстик макулдашуу<br>2. Кызматташуу жөнүндөгү процесстик макулдашуу<br>3. Тараптардын жарашуусу жөнүндөгү процесстик макулдашуу<br><br>**3.2. Машыктыруучу тарабынан 3-сессия боюнча жыйынтык чыгаруу:**<br>Сессияда катышуучулар шектүүнүн (айыпкердин) күнөөсүн мойнуна алуу жана кызматташуу жөнүндө өтүнмөнү билдирүү тартиби;<br>Өтүнмөнү кароодогу прокурордун ролу жана макулдашууну түзүү тартиби;<br>Макулдашууну түзүү жөнүндө маселелерин кароодо тергөө судьясынын ыйгарым укуктары;<br>Кызматташуу жөнүндө процесстик макулдашуу түзүлгөн иштер боюнча соттогу өндүрүштүн тартиби;<br>Күнөөнү мойнуна алуу жана кызматташуу жөнүндөгү макулдашууга келүүнүн натыйжалары;<br>Кайсы кылмыштар боюнча жактардын жарашуу жөнүндө макулдашуулары мүмкүн экендиги, макулдашуунун катышуучуларынын укуктары менен милдеттери жөнүндө билип калышты. | **1-КАДАМ.** «Күнөөнү мойнуна алуу макулдашуусунун» укуктук институту жөнүндө жалпы талкуу.<br>1. Бул институт тууралуу эмне билесиздер?<br>2. Сиздердин оюңуздар боюнча, мындай институт керекпи?<br>3. Керек болсо, анда кайсы маселелерди чечиш үчүн керек?<br><br>**3-КАДАМ.** Машыктыруучу ЖПКнын ченемдеринин өзгөрүшүн **(ТМ 3-1)** талкуулоого керектүү болгон «КР ЖПКсынын 58(н)-главасы менен 36-1(д)-главасынын» салыштырма таблицасы менен иштөө үчүн катышуучуларга 2 дискуссиялык чакан топко бөлүнүүнү сунуштайт.<br><br>**4-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бетачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулайт, консенсуска келет жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтөт. Ар бир топ өз ишин жана бет ачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилейт.<br><br>**5-КАДАМ.** Бардык бетачарлары өткөрүлгөндөн кийин машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**6-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>«Күнөөнү мойнуна алуу макулдашуусу» институтунун киргизилиши сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугун сөзсүз түрдө жогорулатат. | **ТМ 3-1.** «КР ЖПКсынын 58(н)-главасы менен 36-1(д)-главасынын» салыштырма таблицасы менен иштөө үчүн көнүгүү **(1-2 нуска)**<br><br>**ТМ 3-2.** «Процесстик макулдашуулар» аттуу Power Point Presentation | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучу-лар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | **3.3. Бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫКТАР:**<br>КР ЖПКсындагы жаңы институттар – «Көрсөтмөлөрдү депонирлөө», «шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо», «процесстик макулдашуулар» кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө тартылган адамдардын укуктарын камсыздоого; сот адилеттигин камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатууга; улуттук мыйзамды (ЖПКны) эл аралык стандарттарга келтирүүгө багытталган. | **7-КАДАМ.** Машыктыруучу мини-лекциянын материалын «Процесстик макулдашуулар» аттуу Power Point Presentation **(ТМ 3-2)** менен бекемдейт жана процесстик макулдашуулардын процесстик тартибин түшүндүрүп берет: күнөөнү мойнуна алуу, кызматташуу, тараптардын жарашуусу жөнүндө.<br>Экинчи машыктыруучу жардам берип, катышуучуларга таратылуучу материалдарды таратып турат **(ТМ 3-2).**<br><br>**8-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».<br>Бардык машыктыруучулар жана эксперттер катышуучу-лардын суроолоруна жооп беришет.<br><br>**9-КАДАМ.** Машыктыруучу **бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫК** чыгарат. | | |
| 15:00-15:30 | **Жыйынтыктоочу сессия.**<br>«Далилдерди депонирлөө. Шектүү болгондугу жөнүндө кабарлоо. Процесстик макулдашуулар» **тренингин аяктоо.**<br>**Тренингди баалоо.** | | **ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы | |

# КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

## ТРЕНИНГ
## «ДАЛИЛДЕРДИ ДЕПОНИРЛӨӨ. ШЕКТҮҮ ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛОО. ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУЛАР»

Өткөрүү күнү: ___________________________

Өткөрүү орду: ___________________________

Катышуучулары: ___________________________

## ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| **08:45 – 09:00** | **Каттоо** |
| **09:00 - 09:30** | **Учурашуу жана таанышуу.**<br>**Тренингдин максаттары жана милдеттери.**<br>**Иштөө эрежелери.** |
| **09:30-11:00** | **1-сессия. Далилдерди депонирлөө**<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________ |
| **11:00-11:30** | **Тыныгуу** |
| **11:30-13:00** | **2-сессия. Шектүү экендиги жөнүндө кабарлоо**<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________ |
| **13:00 – 14:00** | **Түштөнүү** |
| **14:00-16:00** | **3-сессия. Процесстик макулдашуулар**<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________ |
| **16:00-16:30** | **Жыйынтык чыгаруу. Аткарылган иштерди баалоо.** |

## №1 КАЗУС. «НИКИТИНДИН ИШИ»

Тергөөчү Литвиновага карата каракчылык кол салуу боюнча Никитиндин кылмыш ишин тергеп жатып, каракчылык кол салуунун күбөлөрү Попов менен Мальцева болгондугун аныктады. Попова соттук отурумдарга катыша албагандыгы тууралуу өтүнмө менен кайрылды, анткени анын өмүрүнө жана ден соолугуна залал келтирүү коркунучу орун алууда (аны Никитиндин туугандары коркутууда).

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Бул маселени чечүүгө кайсы субъектилер катышат?
2. Бул ишти чечүү тартиби кандай болот?

**ТМ 1-3.**

## №2 КАЗУС. «ПЕТРОВДУН ИШИ»

Мас абалдагы Петров коңшу батирге сүйлөшүү максатында кирген. Кошуна менен сүйлөшүп жатып, экөө талаша кетишти, анан Петров батирдин ээсин башка бир нече жолу муштады. Мунун баарын үй ээсинин кызы көрдү. Соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктары батир ээсинин ден соолугуна оор зыян келтирилгендигин аныктады. Соттук отурумга батир ээсинин кызы катуу ооруп жатам деп келбеди.

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө тартиби кандай болот?
2. Бул ишти кандайча чечсе болот?

## №3 КАЗУС. «ЧУЛКОВДУН ИШИ»

Смирнов Чулковдун уурулук кылгандыгына күбө болуп, тергөөчүгө анын көрсөтмөлөрүн депонирлөө өтүнмөсү менен кайрылды. Тергөөчү өтүнмөнү канааттандыруу максатында тергөө судьясына кайрылды.

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. Смирновдун өтүнмөсү канааттандырылууга тийишпи?
2. Өтүнмөнү кароо мөөнөтү кандай?
3. Тергөө судьясынын өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу чечими боюнча даттанса болобу?

**ЧЕЧИМ:**

1. **Смирновдун өтүнмөсү канааттандырылууга тийишпи?**
   Казустун мазмуну боюнча күбөнүн көрсөтмөлөрү депонирлөөгө жатпайт. КР ЖПКсынын 198-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, тергөөчү төмөнкү учурларда тергөө судьясына кайрылышы мүмкүн: а) күбөнүн өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болсо; б) күбө КР аймагынан чет жакка чыгып кетүү же туруктуу жашаган жерине кайтуу менен байланыштуу болсо; в) күбөнүн оор оорусуна байланыштуу болсо.

2. **Өтүнмөнү кароо мөөнөтү кандай?**
   КР жаңы ЖПКсынын 199-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, тергөө судьясы өтүнмөнү алган учурдан тартып 3 сутканын ичинде карайт жана анын жыйынтыктары боюнча өтүнмөнү канааттандыруу же аны канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө жүйөлүү токтом чыгарат. Өтүнмө канааттандырылган учурда судья 3 суткадан кечиктирбестен сурак жүргүзөт, бул жөнүндө прокурорго, жактоочуга жана жактоочу тараптан процесстин катышуучусуна кабарландырылат.

3. **Тергөө судьясынын өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу чечимине даттанса болобу?**
   КР жаңы ЖПКсынын 199-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, көрсөтмөлөрдү депонирлөө жөнүндө өтүнмөнү канааттандыруудан баш тарткандыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому апелляциялык түрдө даттанылышы мүмкүн.

## 1-СЕССИЯ. ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН, КҮБӨНҮН КӨРСӨТМӨЛӨРҮН ДЕПОНИРЛӨӨ
## ТРЕНИНГДИН ТЕМАСЫ: ДАЛИЛДЕРДИ ДЕПОНИРЛӨӨ. ШЕКТЕНҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАМА. ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУЛАР

### ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН, КҮБӨНҮН КӨРСӨТМӨЛӨРҮН ДЕПОНИРЛӨӨ ИНСТИТУТУ

- ЖКП ченемдерин КР Конституциясына ылайыктады (16-берене, 1-пункт) – "Адам укуктары менен эркиндиктери жогорку баалуулук болуп эсептелет".
- Жазык иштеринин кароо мөөнөтүн кыйла кыскартты.
- Жабырлануучунун, күбөнүн сотко келбей калышынын объективдүү себептерин ченемдик түрдө бекитти (ооруп калышы, чет жакка чыгышы ж.б.). Мына ушул негиздер жаңы Жазык-процесстик кодексине депонирлөө институтунун киргизилишин шарттады.

2

### КӨРСӨТМӨЛӨРДҮ ДЕПОНИРЛӨӨ

- Сотко чейинки өндүрүштө тергөө судьясы тарабынан объективдүү себептерден улам аларды соттук териштирүүнүн жүрүшүндө суракка алуу мүмкүн болбойт же күбөнүн, же жабырлануучунун коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы бар деген негиздер болгондо, соттук далилдерди алдын ала камсыз кылуу (сактоо) максатында, тараптардын биринин өтүнүчү боюнча күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу.

3

## ИШТИ МАҢЫЗЫ БОЮНЧА КАРООДО ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН, КҮБӨНҮН СОТТУК ОТУРУМГА КЕЛБЕЙ КАЛЫШЫНЫН ОБЪЕКТИВДҮҮ СЕБЕПТЕРИ

а) Жашоосуна жана ден соолугуна коркунуч менен байланыштуу себептер;

б) Жабырлануучунун, күбөнүн катуу оорусу;

в) Жабырлануучунун, күбөнүн жакын арада КРден четке чыгып кетиши;

г) КРден туруктуу жашаган жерине жакын арада чыгып кетиши;

д) Жашы жете элек жабырлануучуларды жана күбөлөрдү психикалык залал келтирүүчү таасирден арылтуу.

4

## ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН ЖАНА КҮБӨНҮН КӨРСӨТМӨЛӨРҮН ДЕПОНИРЛӨӨСҮНҮН БЕЛГИЛЕРИ

- **Депонирлөөнүн демилгечилери** – жактоочу адвокат, шектүү, тергөөчү, алдын ала тергөө органынын ыйгарым укуктуу кызматкери;
- **Депонирлөөнүн аткаруучусу** – тергөө судьясы;
- “Далилдөөнүн “консерваланган” булагы кылмыш ишин түздөн – түз кароодо сот тарабынан **текшерилет жана бааланат**;
- Депоненттерди кайрадан суракка алууга **жол берилбейт**;
- Депонентти суракка алуу соттук тергөө **эрежелери боюнча** өткөрүлөт;
- Депонирлөө ачыктык, тараптардын катышуусу, алардын тең укуктуулугу жана атаандаштыгы **кепилдиги менен камсыз кылынат**;
- Көрсөтмөлөрдү депонирлөө соттук отурум протоколу менен **тариздел**ет.

5

## ДЕПОНИРЛӨӨ ҮЧҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕР

- Жазык өндүрүшүнүн бар болушу;
- Жактоочу-адвокаттын, шектүүнүн өтүнмөлөрү;
- Жабырлануучунун, күбөнүн сотко келүүгө төмөнкүдөй тоскоолдук шарттары бар болгон учурда тергөөчүнүн (алдын ала тергөө органынын ыйгарым укуктуу кызматкеринин) өтүнмөсү:
  - КРден чет жакка туруктуу жашашы;
  - Чет жакка чыгып кетиши;
  - Ден соолугунун оор абалы;
  - Коопсуздук чараларын колдонуу;
- Жашы жете элек жабырлануучуларды жана күбөлөрдү психикалык залал келтирүүчү таасирден арылтуу.

6

**ТЕРГӨӨ СУДЬЯСЫ**

Соттук контроль функциясын аткарууда жабырлануучулардын, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн депонирлейт.

7

## 2-СЕССИЯ. АДАМГА ШЕКТЕНҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛООНУН НЕГИЗИ ЖАНА ТАРТИБИ

- Адамды кылмыш жана (же) жорук жасады деп шектенүү үчүн негиз берген жетиштүү далилдер болгондо, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү адамга шектенүү жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлайт (КР ЖПК, 233-беренеси, 1-бөлүгү.)
- Кылмыш жана (же) жорук жасады деп адамдан шектенүү жөнүндө кабарламанын күнүн жана убактысын, укуктук квалификациясын көрсөтүү менен тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан Жазык кодексинин же Жоруктар жөнүндө кодекстин беренесин (беренесинин бөлүктөрүн) көрсөтүү менен Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизет (КР ЖПК, 233-беренеси, 3-бөлүгү).
- Шектелүүчү катары кармалган адамга ушул Кодекстин 98-беренесине ылайык шектенүү жөнүндө кабарлама тапшырылбайт.
- Адамга карата маалыматтарды кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестрине киргизүү фактысы ушул берененин жоболоруна ылайык шектенүү жөнүндө аны кабарландырууга чейин, ал адам үчүн кандайдыр бир укуктук кесепеттерди алып келбейт.

2

## ШЕКТЕНҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ КАБАРЛООНУН МАЗМУНУ (КР ЖПК, 234-БЕРЕНЕСИ)

Шектенүү жөнүндө кабарлоо төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:

1) кабарлоо жүргүзгөн адамдын кызмат орду, аты, фамилиясы;

2) шектенүү жөнүндө кабар берилип жаткан адамдын инсандыгы жөнүндө маалыматтар;

3) кабарлоо жүргүзүлүп жаткан сотко чейинки өндүрүштүн аталышы (номери);

4) шектенүүнүн мазмуну;

5) Жазык кодексинин же Жоруктар жөнүндө кодекстин беренелерин (беренелердин бөлүктөрүн) көрсөтүү менен кылмыш жасады деп шектелген адамдын кылмышын жана (же) жоругун алдын ала укуктук квалификациялоо;

6) шектүүнүн укуктары;

7) тергөөчүнүн, кабарлама берген алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын койгон колу;

8) шектенүү жөнүндө кабарлама берилген адамдын койгон колу.

3

## ТАПШЫРУУ ТАРТИБИ (КР ЖПК, 235-БЕРЕНЕ)

- Шектенүү жөнүндө кабарлама адамга жактоочусунун катышуусунда шектенүү жөнүндө кабарлама чыгарылган күндөн тартып 24 сааттан кечиктирилбестен тапшырылууга тийиш. Шектелүүчү же анын жактоочусу келбей калган учурда шектенүү жөнүндө кабарлама 24 саат өткөндөн кийин тапшырылышы мүмкүн.
- Шектелүүчү шектенүү жөнүндө кабарламаны тапшыруу үчүн чакыруу кагазы аркылуу чакырылат.
- Шектенүү жөнүндө кабарламаны тапшыруу үчүн чакырылуучу адам дайындалган мөөнөттө келүүгө, келбей калса себептери жөнүндө тергөөчүгө, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына алдын ала билдирүүгө милдеттүү. Чакырылуучу адам шектенүү жөнүндө кабарламаны тапшырууга жүйөсүз себептер менен келбей калган учурда алып келиниши мүмкүн.
- Тергөөчү шектенүү жөнүндө кабарламаны бир эле мезгилде тапшыруу менен ушул Кодекстин 45-беренесинде каралган анын укуктарын, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга укуктарын түшүндүрөт.
- Шектенүү жөнүндө кабарламаны алган адам шектүү катары суракка алынууга тийиш.

4

## ЖАҢЫ ШЕКТЕНҮҮ ЖЕ ШЕКТЕНҮҮНҮН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАМА (КР ЖПК, 236-БЕРЕНЕ)

- Жаңы шектенүү же шектенүүнүн квалификациясын өзгөртүү жөнүндө кабарлама үчүн негиздер келип чыккан учурда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү КР ЖПКсынын 233-235-беренелерине ылайык шектенүү жөнүндө кат жүзүндөгү жаңы кабарламаны шектенүүчүгө тапшырууга милдеттүү.

5

# САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА
## КР жаңы ЖПКсынын 12-главасы жана КР иштеп жаткан ЖПКсынын 11-главасы

| КР жаңы ЖПК | КР иштеп жаткан ЖПК |
|---|---|
| **98-берене. Кармоонун негиздери**<br><br>1. Кылмышты жана (же) жорукту жасоого шектелгенди кармоо – бул кылмышка жана (же) жосунга бөгөт коюу, кармалгандын кылмышка тиешеси бар экендигин тактоо жана аны камакка алуу жөнүндө маселени чечүү, ошондой эле ушул Кодекстин 61-главасында каралган учурларда жорук жөнүндө өндүрүштү камсыз кылуу максатында кийинкиге калтырууга болбогон учурларда алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы же тергөөчү тарабынан колдонулган адамдын ары-бери жүрүү эркинен кыска мөөнөткө иш жүзүндө ажыратуу.<br>2. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү ал үчүн эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалышы мүмкүн болгон кылмышты, ошондой эле ушул Кодекстин 61-главасында каралган учурларда, төмөнкү негиздердин бири болгондо жорукту жасоодон шектелгендиги боюнча адамды кармоого укуктуу:<br>1) эгерде адам кылмыш жасаганда жана (же) жорук жасаганда, же ал жасалгандан кийин түздөн-түз кармалганда;<br>2) эгерде көргөндөр, анын ичинде жабырлануучу кылмышты жана (же) жорукту жасаган адам катары ал адамды түздөн-түз көрсөткөндө;<br>3) эгерде шектенүүчүдө же анын кийиминде, анын жанында же анын турак жайында кылмыштын жана (же) жоруктун даана издери табылганда.<br>3. Кылмыштарды жана (же) жоруктарды жасоодон шек саноо боюнча адамды кармоо атайын тергөө же болбосо ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды албаганда, ал кайсы кылмыш жана (же) жорукту жасагандыгы үчүн шек саналгандыгын шектүүгө жарыялоо үчүн жетиштүү тергөө аракеттери жүргүзүлгөндөн кийин жүргүзүлөт. | **94-берене. Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоонун негиздери**<br><br>(1) Эгерде:<br>1) Адам кылмыш жасалган мезгилде же ал жасалгандан кийин түздөн-түз колго түшсө;<br>2) көрүп тургандар, анын ичинде жабырлануучулар ошол адамды кылмыш жасаган адам катары ачык көрсөтүп турушса;<br>3) шектүү адамдан же анын кийиминен, анын жанынан же анын жашаган жеринен кылмыштын ачык белгилери табылса, кылмыш жасоодо шектүү болгон адам кармалышы мүмкүн.<br>(2) Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, ошондой эле анын туруктуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда жана ал тарабынан качууга аракет жасалганда, ал кармалышы мүмкүн. |
| **99-берене. Шектүүнү кармоонун тартиби**<br><br>1. Шектүүнү кармоо жөнүндө токтом аны алгачкы текшерүү же тергөө органына жеткирилген учурдан тартып чыгарылат. Иш жүзүндө кармалган учурда шектүүгө ага эмнеден шек саналып жаткандыгы жарыялanууга, ошондой эле өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө укугу, адвокат алуу укугу, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укугу түшүндүрүлүүгө тийиш. | **95-берене. Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоонун тартиби**<br><br>(1) Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоо жөнүндө протокол кармалган адам жеткирилгенден тартып үч сааттан ашпаган мөөнөттө түзүлөт. Кармоо протоколунда кармоонун негиздери жана жүйөлөрү, орду жана убактысы (саатын жана минутасын көрсөтүү менен), жеке тинтүү жүргүзүүнүн натыйжалары көрсөтүлөт. |

| | |
|---|---|
| 2. Кармоо жөнүндө токтомдо аны чыгаруунун датасы жана орду, токтом чыгарган адамдын кызматы, фамилиясы, аты, шектүүнүн инсандыгы, кармоо учурундагы анын дене-бой абалы, иш жүзүндө кармоонун негиздери жана жүйөлөрү, орду жана убактысы (саатты жана мүнөттү көрсөтүү менен) жөнүндө маалыматтар, шектүүгө ушул Кодекстин 45-беренесинде каралган укуктарды түшүндүрүү жөнүндө маалыматтар, жеке тинтүүнүн жана телефон менен сүйлөшүүнүн жыйынтыктары көрсөтүлөт.<br>3. Кармоо жөнүндө токтом шектүүгө жарыяланат жана тергөөчү же алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы жана шектүү, ошондой эле коргоочу шектүүнүн иш жүзүндө кармалган так убактысын көрсөтүү менен кол коюшат.<br>4. Токтомдун көчүрмөсү кармалганга токтоосуз тапшырылат жана 12 сааттын ичинде прокурорго жиберилет.<br>5. Иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 45 саат өткөнгө чейин, ал эми жашы жетпеген шектүүгө карата 21 саат өткөнгө чейин шектүү ушул Кодекстин 256-беренесинде каралган тартипте анын кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко жеткирилүүгө тийиш.<br>6. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү зарыл болгон учурда коргоо тарабынын өтүнмөсү боюнча кармалгандарды кармоочу жайларда жаткан шектүүгө медициналык кароо жүргүзүүгө, ал эми зарыл болгон учурда, врачтын жардамын да өз убагында (12 сааттан кеч эмес) камсыз кылууга милдеттүү.<br>7. Алгачкы текшерүү органынын же тергөөчүнүн аракетине (аракетсиздигине) жана чечимине карата кармалган шектүүнүн даттануусу кармалганды кармоочу жайдын начальниги тарабынан токтоосуз прокурорго же сотко жиберилет.<br>8. Даттануу сот тарабынан бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнмөсү же ушул Кодекстин 256-беренесинде каралган эрежелер боюнча кармоонун мыйзамдуулугун текшерүү менен бир убакта каралат. | Протокол шектүүгө жарыяланат жана мында ага ушул Кодекстин 40-беренесинде каралган укуктары түшүндүрүлөт. Кармоо протоколуна аны түзгөн адам жана кармалган адам кол коюшат. Кармоо жүргүзүлгөндүгү тууралында тергөөчү кармоо протоколу түзүлгөн учурдан тартып он эки сааттын ичинде прокурорго жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.<br>(2) Кармалган адам ушул Кодекстин 191-беренесинде каралган эрежелерге ылайык суракка алынууга тийиш. |
| **100-берене. Кармалганды жеке тинтүү**<br><br>Кармалганды жеке тинтүү иш жүзүндө кармалгандан кийин токтоосуз жүргүзүлөт, бул жөнүндө датасы жана так убактысы (саатын жана мүнөттү көрсөтүү менен) көрсөтүлгөн протокол түзүлөт. | **96-берене. Кармалган адамды жекече тинтүү**<br><br>Кармалган адамдын куралы бар деп эсептөөгө негиз болсо же кылмыш жасагандыгын ашкерелеген далилдерден арылууга аракет жасаса, ал жеке тинтүүгө алынышы мүмкүн. Кармоону жүзөгө ашырган адам ушул Кодекстин 185-беренесинин эрежелери боюнча кармалган адамды жекече тинтүүнү токтоосуз жүргүзүүгө укуктуу. |

<table>
<tr>
<td>101-берене. Кылмыш жана (же) жорук жасаган адамдарды кармоо укугу<br><br>1. Жабырлануучуну кошуп алганда, бардык жеке жак ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өткөрүп берүү же жеткирүү, ошондой эле алардын башка кол салуу мүмкүндүктөрүнө бөгөт коюу максатында кылмыш жана (же) жорук жасаган адамды кармоого, анын эркин жүрүшүн чектөөгө укуктуу.<br>2. Ушул березенин 1-бөлүгүндө каралган учурларда, ал каршылык көрсөтсө, кармалган адамга карата Жазык кодексинин 52-беренесинде каралган чектерде күч жана башка каражаттар колдонулушу мүмкүн. Эгерде кармалган адамда жазык иши жана (же) жорук үчүн мааниси бар курал жана (же) башка коркунучтуу буюмдар бар деп болжогонго негиз болгон учурларда, аны кармаган жаран кармалган адам түздөн-түз жеткирилген же өткөрүп берилген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кийин өткөрүп берүү үчүн анда болгон буюмдарды алып коюуга укуктуу.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>102-берене. Кармалган шектүүнүн бошотуунун негиздери<br><br>1. Кармалган шектүү соттун чечими боюнча, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн же прокурордун токтому боюнча бошотулууга тийиш, эгерде:<br>1) кылмыш же болбосо жорук жасоодон шектенүү далилденбесе;<br>2) кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөтү өтүп кетсе;<br>3) ага карата камакка кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга негиз же зарылчылык болбосо;<br>4) кармоо ушул Кодекстин 98, 99-беренелеринин талаптарын бузуу менен жүргүзүлсө.<br>2. Кармалган учурдан тартып 48 сааттын, ал эми жашы жетпегендерге карата 24 саатын ичинде кармалганды кармоо жайынын начальнигине кармалганга карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтом келип түшпөсө, анда кармалганды кармоо жайынын начальниги кармалганды токтоосуз бошотот, бул жөнүндө иш өндүрүшүндө турган тергөөчүгө, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жана прокурорго маалымдайт, бул жөнүндө протокол түзүлөт.<br>3. Ушул березенин 2-бөлүгүнүн талаптары аткарылбаганда, кармалганды кармоо жайынын начальниги мыйзамда белгиленген жоопкерчилик тартат.<br>4. Кармалганды кармоо жайынын начальниги тарабынан шектүүнү бошотууда ага маалымкат берилет, анда ким тарабынан кармалгандыгы, кармоонун негизи, орду жана убактысы, бошотуунун негизи жана убактысы көрсөтүлөт.</td>
<td>97-берене. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адамды бошотууга негиздер<br><br>(1) Эгерде:<br>1) кылмыш жасады деген шектенүү ырасталбаса;<br>2) бөгөт коюу чарасы катары кармалган адамды камакка алууга негиз же зарылчылык болбосо;<br>3) кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөтү өтсө, кармалган адам тергөөчүнүн же прокурордун токтому менен бошотулат.<br>(2) Эгерде кармалган учурдан тартып жетимиш эки сааттын ичинде адам кармалып турган жердин зардалына кармалган адамга карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтом түшпөсө, адам камалган жердин зардалы бул тууурасында прокурорго жазуу жүзүндө токтоосуз кабарлайт, ошондон кийин прокурор кармалган адамды камакка алууга карата бөгөт коюу чарасын колдонбогон учурда адам кармалып турган жердин зардалы кармалган адамды токтоосуз бошотот жана протокол түзөт.<br>(3) Кармалган адам бошотулганда ага маалымдама берилет, анда ким тарабынан кармалгандыгы, кармоонун негиздери, орду жана убактысы, бошотуунун негиздери жана убактысы көрсөтүлөт.</td>
</tr>
</table>

| | |
|---|---|
| **103-берене. Кармалган шектүүлөрдү кармоонун тартиби**<br><br>1. Кармалган шектүүлөр убактылуу кармоо изоляторлорунда кармалат. Кармалган шектүүлөрдү кармоонун тартиби жана шарттар мыйзамда аныкталат.<br>2. Кармалган шектүүнүн изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашыруучу кызматкерлер менен сүйлөшүүсүнө иш өндүрүшүндө турган тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жазуу жүзүндөгү уруксаты менен жана коргоочунун катышуусунда гана жол берилет. | **98-берене. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалгандарды камакта кармоо тартиби**<br><br>Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалгандар убактылуу бөлөк кармоо жайында болушат. Кармалгандарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат. |
| **104-берене. Кармоо жөнүндө шектүүнүн туугандарына жана коргоочусуна маалымдоо**<br><br>1. Иш жүзүндө кармалгандан кийин тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы шектүүнүн кармалгандыгы жөнүндө жакын тууганларынын кимдир бирөөнө, жубайына, ошондой эле коргоочусуна токтоосуз маалымдоого жана шектүүнүн өзүнө акысыз маалымдоонун мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү. Жасалган маалымдоо жөнүндө кармоо протоколуна белги коюлат.<br>2. Эгерде кармалган шектүү башка мамлекеттин жараны болуп саналса, ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тартипте ал мамлекеттин элчилигине же болбосо консулдугуна маалымдалууга тийиш, бул жөнүндө кармоо протоколуна белги коюлат. Кыргыз Республикасынын аймагында кармалган шектүү жараны болуп саналган мамлекеттин элчилиги же консулдугу жок учурда, маалымдоо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилет.<br>3. Кылмыш жана (же) жорук жасоодон шек саналган жашы жетпеген адамды кармоодо анын мыйзамдуу өкүлдөрүнө жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга токтоосуз кабарланат. | **99-берене. Шектүү адамдын жакындарына анын кармалгандыгы жөнүндө кабарлоо**<br><br>(1) Шектүүгө кармоо түрүндө процесстик мажбурлоо чаралары колдонулгандыгы туурасында тергөөчү он эки сааттын ичинде анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирине, ал эми алар жок учурда - башка тууганларына же жакын адамдарына кабарлоого милдеттүү.<br>(2) Эгерде кармалган адам башка мамлекеттин жараны болуп эсептелсе, көрсөтүлгөн мөөнөттө бул мамлекеттин элчилигине же консулдугуна билдирилүүгө тийиш. Жасалган билдирүү тууралу иш кагазга белги коюлат. |
| **105-берене. Кармалган шектүүнү суракка алуу**<br><br>1. Кармалган адам шектүү катары суракка алынууга жатат. Кармалган шектүүнү суракка алууда, ал коргоочудан баш тарткан жана анын баш тартуусу ушул Кодекске ылайык кабыл алынган учурларды албаганда, коргоочунун болуусу милдеттүү.<br>2. Кармалган шектүүнү суракка алуу ушул Кодекстин 189-193-беренелеринде каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт. Суракка алуунун алдында кармалган шектүүгө ушул Кодекстин 45-беренесинде каралган анын укуктары түшүндүрүлөт жана кайсы кылмышты жана (же) жорукту жасагандыгы үчүн шек саналып жаткандыгы жарыяланат. | **100-берене. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адамды суракка алуу**<br><br>(1) Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адам, жактоочунун катышуусу менен суракка алынууга тийиш.<br>(2) Сурактын алдында кармалган адамга анын ушул Кодекстин 40-беренесинде каралган укуктары түшүндүрүлүп, кандай кылмыш жасагандыгы боюнча шек туудуруп жаткандыгы билдирилүүгө тийиш. |

**КМ 2-2.**

## САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА

| **КР жаңы ЖПК**<br>**58-глава. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө процесстик макулдашуу** | **КР иштеп жаткан ЖПК**<br>**36-1-глава. Айыпкердин өзүнө коюлган айыптоого макул болгон учурдагы соттук териштирүүнүн жана сот чечимин кабыл алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби** |
|---|---|
| **487-берене. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну түзүү тууралуу өтүнмө билдирүүнүн тартиби**<br><br>1. Шектелүүчү, айыпталуучу анча оор эмес жана оор кылмыштар жөнүндө жазыктык иштер боюнча күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмө билдирүүгө укуктуу.<br>2. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмөнү шектелүүчү, айыпталуучу жактоочунун катышуусунда, шектелүүчү шектенүү жөнүндө кабарланган учурдан тартып соттук териштирүү бүткөрүлгөнгө чейин билдирет.<br>3. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу төмөнкүдөй шарттар болгондо түзүлүшү мүмкүн:<br>1) шектелүүчү, айыпталуучу жашы жеткен адам болсо жана ал өзү билдирген өтүнүчтүн мүнөзүн жана натыйжаларын түшүнсө;<br>2) өтүнмө ыктыярдуу түрдө жана жактоочу менен консультация өткөргөндөн кийин билдирилсе;<br>3) шектелүүчү, айыпталуучу шектенүүнү, айыптоону жана кылмыштын жасалгандыгы боюнча иште болгон далилдерди, өздөрү келтирген залалдын мүнөзүн жана өлчөмүн талашпаса.<br>4. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу төмөнкүдөй учурларда түзүлүшү мүмкүн эмес:<br>1) жазыктык мыйзамда тыюу салынган аракетти акыл-эси жайында эмес абалында жасаган же кылмышты жасагандан кийин психикалык дартка чалдыккан адамдар менен;<br>2) кылмыштар жыйынды түрүндө жасалып, алардын бири эле ушул беренеде каралган талаптарга туура келбегенде.<br>5. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну түзүү шектелүүчүнү, айыпталуучуну ал жабырлануучуга келтирген чыгымдын ордун толтуруп берүү милдетинен бошотууга негиз болбойт. | **328-1-берене. Өтүнүч билдирүү тартиби**<br><br>(1) Чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштар жөнүндө жазык иши боюнча коюлган айыптоого макулдугуна байланыштуу жалпы тартипте соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн жаза берүүнү дайындоо жөнүндө өтүнүчүн айыпкер жактоочунун катышуусу алдында билдирүүгө акылуу. Жашы жетпеген айыпкер, соттолуучу өтүнүчүн жактоочу менен кеңешкенден кийин анын катышуусу алдында билдирет. Эгерде жактоочу соттолуучунун өзү, анын өкүлү, мыйзамдуу өкүлү же алардын тапшыруусу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылбаса мындай учурда жактоочунун катышуусун тергөө органы, сот камсыз кылууга тийиш.<br>(2) Айыпкер өтүнүчүн:<br>1) жазык ишинин материалдары менен таанышкан учурда билдирүүгө акылуу, ал жөнүндө ушул Кодекстин 231-беренесинин үчүнчү бөлүгүнө ылайык жазык ишинин материалдары менен таанышкандыгы жөнүндө протоколго тийиштүү жазуу жазылат;<br>2) ушул Кодекстин 280-беренесине ылайык сот заседаниесинин даярдык бөлүгүндө билдирүүгө акылуу. |

| | |
|---|---|
| **488-берене. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмөнү кароонун тартиби**<br><br>1. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмөнү прокурор тергөөчүнүн, шектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусунда карайт. Кароонун натыйжалары боюнча прокурор төмөндөгүлөргө укуктуу:<br>1) күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнүчтү канааттандырууга;<br>2) күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартууга, бул жөнүндө жүйөлөнгөн токтом чыгарат. Прокурордун күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүүдөн баш тартуусу даттанылбайт, бирок бул андан кийин макулдашуу түзүү тууралуу кайталап өтүнмө берүүгө тоскоолдук кылбайт.<br>2. Прокурор күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзөт, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлүшү керек:<br>1) анын түзүлгөн датасы жана орду;<br>2) айыптоо тарабынан макулдашууну түзүүчү прокуратура жана тергөө органынын кызмат адамы;<br>3) макулдашуу түзүп жаткан шектелүүчүнүн фамилиясы, ысымы, атасынын ысымы, башка маалыматтары, коргоочу жөнүндө маалыматтар;<br>4) кылмыштын жасалган убактысын, жерин ошондой эле далилденүүгө жатуучу башка жагдайларын көрсөтүү менен анын сыпатталышы;<br>5) Жазык кодекстин ушул кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган беренеси, анын бөлүгү, пункту;<br>6) Жазык кодекстин айыпталуучуга карата колдонулушу мүмкүн болгон жеңилдетүүчү жагдайлары жана ченемдери, Жазык кодекстин 80-беренесинде каралган жазанын түрү жана өлчөмү.<br>3. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга прокурор, тергөөчү, шектелүүчү, айыпталуучу жана анын жактоочусу кол коет. | **328-2-берене. Жаза дайындоону соттук териштирүү жүргүзбөстөн жалпы тартипте дайындоо жөнүндө айыпкердин, соттолуучунун өтүнүч билдирүүсүнө байланыштуу соттун аракеттери**<br><br>(1) Ушул берененин биринчи бөлүгүндө каралган учурда сот, эгерде:<br>1) айыпкер өзүнө коюлган айыпты толук мойнуна алганын, өзү билдирген өтүнүчтүн мүнөзүн жана натыйжаларын аңдап түшүнгөндүгүн;<br>2) өтүнүч ыктыярдуу түрдө билдиргенин аныктап тактаса, жалпы тартипте сот териштирүүсүн жүргүзбөстөн өкүм чыгарат.<br>3) мамлекеттик же жеке айыптоочу, ошондой эле жабырлануучу айыпталуучунун өтүнүчүнө каршы болушпайт.<br>(2) Эгерде сот ушул берененын биринчи бөлүгүндө каралган шарттар айыпкер өтүнүч билдиргенде сакталбагандыгын аныктаса, анда ал жалпы тартипте соттук териштирүүнү дайындайт. Айыпкердин, соттолуучунун өтүнүчүн канааттандыруу же өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө сот жүйөлөштүрүлгөн токтом, аныктама чыгарат.<br>(3) бир эле айыпкер, соттолуучу жазык иши боюнча өзүнө коюлган күнөөнү макул көрбөсө ушул берененин талаптары жазык ишине таралбайт. |
| **489-берене. Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө түзүлгөн күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну тергөө судьясынын карашы**<br><br>1. Тергөө судьясы прокурордон келип түшкөн күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну прокурордун, шектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусу менен карайт.<br>2. Тергөө судьясы, эгерде күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга карата ушул Кодекстин 487-беренесинде каралган талаптардын сакталгандыгын ырастаса, ал күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну бекитүү жөнүндө токтом чыгарат, ал тергөөчүгө жазыктык ишке кошуу үчүн жиберилет. | |

| | |
|---|---|
| 3. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга карата ушул Кодекстин 487-беренесинде каралган талаптар бузулган учурда тергөө судьясы күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну бекитүүдөн баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат, ал даттанылбайт. | |
| **490-берене. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмөнү соттук териштирүүнүн жүрүшүндө билдирүүнүн жана кароонун тартиби**<br><br>1. Жазыктык иш боюнча соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучу жана анын жактоочусу күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмө билдирүүгө укуктуу.<br>Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмө келип түшкөндө, судья соттук териштирүүнү токтотот жана аны түзүү үчүн тараптарга 3 күндүк мөөнөт берет.<br>2. Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөндөн кийин судьяга берилет, судья ишти кароону ушул Кодекстин 488-беренесинде каралган тартипте улантуу жөнүндө токтом чыгарат. Тараптар күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуунун шарттары боюнча макулдукка жетишпегенде же болбосо ушул Кодекстин 488-беренесинде белгиленген талаптар сакталбаганда соттун жазыктык ишти кароосу жалпы тартипте улантылат. | |
| **491-берене. Сот отурумун жүргүзүүнүн жана токтом чыгаруунун тартиби**<br><br>1. Сот отурумунда баш тартууларды жана өтүнмөлөрдү чечкенден кийин судья күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну кароону баштоо жөнүндө жарыялайт жана коюлган айыптоонун жана түзүлгөн макулдашуунун маңызын баяндоону мамлекеттик айыптоочуга сунуш кылат.<br>2. Судья айыпталуучуга күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуунун маңызын түшүндүрөт, андан кийин ага макулдашууну түзүүнүн жагдайларын сотко билдирүүнү сунуш кылат жана макулдашуу анын өз эркин билдирүүсүнө туура келе тургандыгын же жоктугун, ал макулдашууну колдой тургандыгын жана бул иш боюнча сотко эмнелерди билдирүүнү каалай тургандыгын аныктайт.<br>3. Айыптоочунун позициясын аныктоо менен судья жактоочуга жана мамлекеттик айыптоочуга күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга карата өздөрүнүн пикирин билдирүүсүн сунуш кылат, ошондой эле алардын макулдашууну колдой тургандыгын тактайт. | **328-3-берене. Өкүм чыгаруу тартиби жана ага даттануунун чектери**<br><br>(1) Коюлган күнөөлөргө макул болууга байланыштуу жалпы тартипте соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн жаза берүүнү дайындоо жөнүндө өтүнүч боюнча сот заседаниеси ушул Кодекстин 36-главасынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.<br>(2) Сот заседаниеси соттолуучунун жана анын жактоочусунун милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт.<br>(3) Соттолуучунун өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруу жөнүндө өтүнүчү мамлекеттик айыптоочунун соттолуучуга коюлуп жаткан айыптарды баяндоосу менен, ал эми жазык иштери боюнча жеке айыптоо жеке айыптоочунун айыптоону баяндоосу менен башталат.<br>(4) Судья соттолуучудан тагылган айыптар ага түшүнүктүүбү-жокпу, анын тагылган айыптоо менен макулдугун жана өзүнүн өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруу жөнүндө өтүнүчүн колдоорун, бул өтүнүч ыктыярдуу жана жактоочусу менен кеңешкенден кийин билдирилгенби, өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруунун натыйжаларын түшүнө билеби, ушуларды сурайт. Соттук заседаниеде жабырлануучу катышып олтурганда судья андан соттолуучунун өтүнүчүнө карата мамилесин сурап билет. |

| | |
|---|---|
| 4. Айыпталуучу, мамлекеттик айыптоочу күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга каршы болгон учурда судья сот отурумун токтотуу жана жазык ишин жалпы тартипте кароону дайындоо жөнүндө токтом чыгарат. Мында айыпталуучунун күнөөсүн мойнуна алышы өкүмгө негиз болушу мүмкүн эмес жана ал башка далилдер менен бирге жыйынтыкталып, бааланышы керек.<br>5. Судья, эгерде күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга карата ушул Кодекстин 487-беренесинде каралган талаптар сакталды деген тыянакка келсе, ал айыптоо өкүмүн чыгарат жана айыпталуучуга күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууда каралган жазаны дайындайт.<br>6. Өкүм ушул Кодекстин 43-главасынын талаптарына ылайык чыгарылат. Мында айыптоо өкүмүнүн сыпаттоочу-жүйөлөөчү бөлүгү айыпталуучу жасады деп айыпталып жаткан, аны менен күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн кылмыштуу аракеттин сыпаттоосун, ошондой эле күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуунун шарттарын сактоо тууралуу соттун тыянактарын камтышы керек. Судьянын далилдерди талдоого алуусу жана аларга баа берүүсү өкүмдө чагылдырылбайт.<br>7. Өкүм жарыялангандан кийин судья ага даттануу укугун жана тартибин тараптарга түшүндүрөт.<br>Соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн чыгарылган өкүм апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн эмес, буга иштин материалдары сотто изилденбегендиги негиз болот.<br>8. Процесстик чыгымдар айыпталуучудан өндүрүп алынбайт. | (5) Судья жазык иши боюнча чогулган далилдерди жалпы тартипте иликтөөнү жана баа берүүнү жүргүзбөйт. Мында соттолуучунун инсандыгын мүнөздөөчү жагдайлар жана жазаны жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайлар иликтениши мүмкүн. Судья тараптардын жарыш сөздөрүн, соттолуучунун акыркы сөзүн угат, андан кийин өкүмдүн токтомун чыгаруу үчүн дароо чыгып кетет.<br>(6) Соттолуучу, мамлекеттик же жеке айыптоочу, жабырлануучу өкүмдүн токтомуна каршы болгондо судья соттук териштирүүсүз же өз демилгеси менен соттук териштирүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин токтотуу жөнүндө жана жазык ишин жалпы тартипте кароону белгилөө жөнүндө токтом чыгарат.<br>(7) Эгерде судья соттолуучу макул болгон айыптоо жазык иши боюнча топтолгон далилдер менен бышыкталат деген жыйынтыкка келсе, анда ал айыптоо өкүмүнүн токтомун чыгарат жана соттолуучуга эң жогорку мөөнөттүн үчтөн экисинен ашпаган же жасалган кылмыш үчүн каралган бир кыйла катуу жаза түрүнүн өлчөмүнөн ашпаган жазаны белгилейт.<br>(8) Айыптоочу өкүмдүн баяндама-жүйөөлөмө бөлүгү соттолуучу макул болгон кылмыштуу жосунду сыпаттоодон, ошондой эле соттук териштирүүсүз өкүмдүн токтомунун шарттарын сактоо жөнүндө соттун жыйынтыктарынан турат. Судьянын далилдерди талдоосу жана аларга баа берүүсү өкүмдө чагылдырылбайт.<br>(9) Сот өкүм чыгаруунун алдында соттолуучуну, жабырлануучуну суракка алат, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн, эксперттик корутундуларды жарыялайт, мамлекеттик айыптоочунун, жактоочунун же өкүлдүн (мыйзамдуу өкүлдүн) ой-пикирлерин угат.<br>(10) Эгерде сот соттолуучу макул болуусунун негиздүүлүгү жөнүндө тыянакка келсе, ал айыптоо өкүмүн чыгарат жана соттолуучуга кылмыш жасагандыгы үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн үчтөн экисинен же жаза берүүнүн эң катуу түрүнүн өлчөмүнөн ашпай турган жаза дайындайт.<br>(11) Өкүм жарыялангандан кийин судья тараптарга ушул Кодекстин 38-главасында каралган ага карата даттануу укугун жана тартибин түшүндүрөт.<br>(12) Ушул Кодекстин 147-беренесинде каралган процесстик чыгымдар соттолуучудан өндүрүлүп алынбайт.<br>(13) ушул Кодекстин 328-3-беренесине ылайык чыгарылган өкүм ушул Кодекстин 349-беренесинин 1-пунктунда каралган негиздер боюнча аппеляциялык, кассациялык жана көзөмөл тартибинде даттанылышы мүмкүн эмес. |

## ТЕМАСЫ: ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУЛАР

**1-СЕССИЯ.** КҮНӨӨНҮ МОЙНУНА АЛУУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

**2-СЕССИЯ.** КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

**3-СЕССИЯ.** ТАРАПТАРДЫН ЖАРАШУУСУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

### 1-СЕССИЯ. КҮНӨӨНҮ МОЙНУНА АЛУУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

Күнөөнү мойнуна алуу макулдашуусун түзүү тууралуу өтүнмө

- шектелүүчү, айыпталуучу тарабынан
- анча оор эмес жана оор кылмыштар жөнүндө жазыктык иштер боюнча
- шектенүү жөнүндөгү кабарлоодон тартып, соттук териштирүү бүткөнгө чейин билдирилиши мүмкүн.

2

Өтүнмөнү прокурор тергөөчүнүн, жектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусу менен карайт.

Прокурор төмөнкүлөргө укуктуу:

1. өтүнмөнү канааттандырууга жана макулдашууну түзүүгө;
2. өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартууга (даттаныл-байт, бирок кайрадан тапшырууга жол берилет).

3

Тергөө судьясы макулдашууну прокурордун, шектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусу менен карайт.

Тергөө судьясы төмөнкүлөргө укуктуу:

- макулдашууну бекитүүгө;
- макулдашууну бекитүүдөн баш тартууга (ал даттанылбайт).

4

## СУДЬЯ, ЭГЕРДЕ КҮНӨӨНҮ МОЙНУНА АЛУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР САКТАЛСА, АЛ КР КЖКСЫНЫН 80-БЕРЕНЕСИН ЖЕТЕККЕ АЛЫП, АЙЫПТОО ӨКҮМҮН ЧЫГАРАТ ЖАНА АЙЫПТАЛУУЧУГА КҮНӨӨНҮ МОЙНУНА АЛУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУДА КАРАЛГАН ЖАЗАНЫ ДАЙЫНДАЙТ.

КР КЖК, 80-берене. Күнөөсүн мойнуна алуу же кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда жазаны дайындоо

1. Күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө адам менен макулдашуу түзүлгөн учурда, сот ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүндөгү конкреттүү берененин (берененин бөлүгүнүн) санкцияларында каралган жазанын минималдуу өлчөмүнүн чектеринде эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазаны дайындайт. Санкцияларда эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазалар беренеси болбогон учурда, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн конкреттүү беренесинде (берененин бөлүгүндө) каралган санкциялардан бир категорияга төмөн дайындалат.

2. Күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө адам менен макулдашуу түзүлгөн учурда пробациялык көзөмөл колдонулбайт.

5

## 2-СЕССИЯ. КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

Кызматташуу жөнүндө макулдашуу

- шектелүүчү тарабынан
- Жектенүү жөнүндө кабарлангандан тартып, прокурордун айыптоо актысы бекитилгенге чейин Жазык кодексинин 171, 202, 203, 239, 240, 241, 243, 244, 248, 249, 250, 267, 270, 307, 308, 314, 319, 326-беренелеринде каралган кылмыштар боюнча түзүлүшү мүмкүн.

6

**171-берене.** Кишилерди соода кылуу
**202-берене.** Каракчылык
**203-берене.** Опузалап талап кылуу
**239-берене.** Терроризм актысы
**240-берене.** Террордук ишти каржылоо
**241-берене.** Террордук ишке көмөктөшүү
**243-берене.** Кыргыз Республикасынын жаранынын чет өлкөлүк мамлекеттин аймагындагы куралдуу жаңжалдарга же согуш аракеттерине катышуусу же террордук даярдыктан өтүүсү
**244-берене.** Барымтага алуу
**248-берене.** Уюшкан топту түзүү же ага катышуу
**249-берене.** Кылмыштуу уюмду түзүү же ага катышуу
**250-берене.** Куралдуу кошуундарды мыйзамсыз түзүү же ага катышуу
**267-берене.** Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо
**270-берене.** Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу алып өтүү үчүн аларга атайын эрежелер белгиленген предметтердин контрабандасы
**307-берене.** Мамлекеттик чыккынчылык кылуу
**308-берене.** Тыңчылык
**314-берене.** Экстремисттик уюмду түзүү
**319-берене.** Коррупция
**326-берене.** Опузалап пара алуу

7

Прокурор өтүнмөнү тергөөчүнүн, шектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусу менен карайт.

Прокурор төмөнкүлөргө укуктуу:

- өтүнмөнү канааттандырууга жана макулдашууну түзүүгө;
- өтүнмөнү канаатандыруудан баш тартууга (жогору турган прокурорго даттанылышы мүмкүн).

8

Тергөө судьясы макулдашууну прокурордун, шектелүүчүнүн жана анын жактоочусунун катышуусу менен карайт.

Тергөө судьясы төмөнкүлөргө укуктуу:

- макулдашууну бекитүүгө,
- макулдашууну бекитүүдөн баш тартууга (ал даттанылбайт).

9

- Судья, эгерде күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууга карата талаптар сакталса, ал КР КЖКсынын 80-беренесин жетекке алып, айыптоо өкүмүн чыгарат жана айыпталуучуга күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууда каралган жазаны дайындайт.
- КР КЖКсынын 80-беренеси
- Кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда, сот ушул Кодекстин 64-беренесинде каралган жазалардын түрүнө ылайык кызматташуу жөнүндө макулдашууда каралган жазаны дайындайт.

10

## 3-СЕССИЯ. ТАРАПТАРДЫН ЖАРАШУУСУ ЖӨНҮНДӨ ПРОЦЕССТИК МАКУЛДАШУУ

- Жарашуу жөнүндө өтүнмө
- жабырлануучу, шектелүүчү же айыпталуучу тарабынан ЖПКнын 23-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган иштер боюнча жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча.
- сотко чейинки өндүрүш башталгандан тартып, соттук акт мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин билдирилиши мүмкүн.
- Жарашууну жабырлануучу, шектелүүчү же айыпталуучунун өздөрү тарабынан же болбосо медиатордун жардамы менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

11

КР ЖПК, 23-берене, 3-бөлүк. Жекече-жалпы айыптоо иштерине Жоруктар жөнүндө кодексте каралган жоруктар жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексиндеги төмөнкү беренелер кирет:

**132-берене.** Зарыл коргонуунун чектеринен аша чабууда, же болбосо кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда киши өлтүрүү;

**135-берене.** 1-б. Этиятсыздыктан киши өлтүрүү;

**139-берене.** Ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү. 1. Өмүргө коркунуч келтирбеген жана ушул Кодекстин 138-беренесинде каралган кесепеттерге алып келбеген, бирок ден соолуктун узакка начарлашына же жалпы эмгекке жарамдуулугунунун үчтөн бирине чейин олуттуу түрдө туруктуу жоготууга алып келген ден соолукка зыян келтирүү;

**140-берене.** Зарыл коргонуу чектеринен аша чаап, ошого тете кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабуу менен ден соолукка оор зыян келтирүү;

**141-берене.** Аффект абалда ден соолукка оор зыян келтирүү;

**142-берене.** Ден соолукка этиятсыздыктан оор зыян келтирүү;

12

**161-берене.** Зордуктоо 1. Зордуктоо, башкача айтканда, өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу эмес зомбулукту колдоном деп коркутуу менен, же аны жабырлануучуга же башка адамдарга колдоном деп коркутуу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жыныстык катнашуу;

**163-берене.** Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо

**172-берене.** Эркиндигинен мыйзамсыз ажыратуу 1. Кишини күч колдонуп кармоо менен анын жүрүү эркиндигин чектөө;

**201-берене.** Тоноо 1. Тоноо, башкача айтканда бөтөн мүлктү ачык ээлеп алуу;

**202-берене.** Каракчылык 1. Өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу менен, же болбосо мындай зомбулукту колдоном деп коркутуу менен жасалган каракчылык, башкача айтканда бөтөн мүлктү ээлеп калуу максатында кол салуу;

**203-берене.** Опузалап талап кылуу 1. Шантаж кылуу же жабырлануучунун, же анын жакындарынын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч келтирбеген зомбулукту колдоном деп коркутуу менен опузалап талап кылуу, башкача айтканда бөтөн мүлктү, мүлккө болгон укукту өткөрүп берүүнү же мүлктүк мүнөздөгү башка аракеттерди жасоо;

13

**204-берене.** Алдамчылык 1. Алдамчылык, башкача айтканда алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу жолу менен олуттуу өлчөмдөгү бөтөн мүлктү ээлеп алуу же мүлккө болгон укукка ээ болуу;

**205-берене.** Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу 1. Ишенип берилген мүлктү олуттуу өлчөмдө ыйгарып алуу же коротуу;

**206-берене.** Автотранспорт каражаттарын айдай качуу 1. Ээлөөнүн (айдай качуунун) максаттарына карабастан автомобилди же башка автомототранспорт каражатын укук ченемсиз ээлеп алуу жана аны айдоо;

**209-берене.** Алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу менен мүлктүк залал келтирүү 1. Менчик ээсине же мүлктүн башка ээсине газды, электр же болбосо жылуулук энергиясын эсепке алуу приборлору жок (эгерде аларды пайдалануусу милдеттүү болуп саналса) же эсепке алуу приборлорун атайлап бузуунун кесепетинен, ошого тете уурдоонун белгилери болбогондо башкача алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу менен олуттуу мүлктүк зыян келтирүү;

14

**210-берене.** Бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу 1. Олуттуу зыян келтирген бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу, ошого тете мамлекеттин коргоосуна алынган тарыхый эстеликти же жаратылыш объекттин жок кылуу же бузуу;

**216-берене.** Монополисттик аракеттер же атаандаштыкты чектөө 1. Монополиялык жогорку же монополиялык төмөнкү бааларды белгилөө же кармап туруу, же ошого тете эле рынокту бөлүштүрүүгө, рынокко чыгууну чектөөгө, андан экономикалык иштин башка субъекттерин четтетүүгө же бирдей бааларды белгилөөгө же кармап турууга багытталган сүйлөшүү же макулдашылган аракеттер аркылуу атаандаштыкты чектөө;

**266-берене.** Ээнбаштык;

**296-берене.** Темир жол, аба же суу транспортунун кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздук эрежелерин бузуу;

**297-берене.** Автомототранспорт каражаттарынын кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздук эрежелерин бузуу.

15

- Өтүнмөнүн негизинде жарашуу жөнүндө макулдашуу түзүлөт.
- Жарашуу жөнүндө макулдашуунун негизинде иш токтотулат.

16

## БААЛОО БАРАГЫ

Күнү: ________________

Темасы: _________________________________________________________________
__________________________________________________

**1. Өткөрүлгөн сабактар пайдалуу болдубу?**

1___________(жок)
2___________(жарым-жартылай пайдалуу)
3___________(ооба)
4___________(абдан пайдалуу)

**2. Сиз канчалык деңгээлде өткөрүлгөн семинардын максаттарына жеттиңиз?**

1___________(максаттарына жетпедик)
2___________(максаттарына жарым-жартылай жеттик)
3___________(максаттарына негизинен жеттик)
4___________(максаттарына толугу менен жеттик)

**3. Тренингдин методдорун кандайча баалайсыз?**

1___________(натыйжалуу эмес)
2___________(орточо)
3___________(жакшы)
4___________(мыкты)

**4. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе эң эле оор болду жана эмне себептен?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**5. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе өтө кызыктуу болду жана эмне себептен?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**6. Сиздин оюңуз боюнча семинарды өткөрүүнүн уюштуруу жагы кандай болду?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**7. Семинардын уюштуруучуларына келечекке карай кандай каалоолоруңуз бар?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**8. Сиз кандай кошумча жардамга муктажсыз?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**9. Башка комментарийлер:**

# ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

**ТМ 2-2.**

## №1 КАЗУС. «НИКИТИНДИН ИШИ»

Тергөөчү Литвиновага карата каракчылык кол салуу боюнча Никитиндин кылмыш ишин тергеп жатып, каракчылык кол салуунун күбөлөрү Попов менен Мальцева болгондугун аныктады. Попова соттук отурумдарга катыша албагандыгы тууралуу өтүнмө менен кайрылды, анткени анын өмүрүнө жана ден соолугуна залал келтирүү коркунучу орун алууда (аны Никитиндин туугандары коркутууда).

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Бул маселени чечүүгө кайсы субъект катышат?
2. Бул ишти чечүү тартиби кандай болот?

**ЧЕЧИМ:**
1. Бул маселени чечүүгө кайсы субъект катышат?
   КР ЖПКсынын «Тергөө судьясынын ыйгарым укуктары» деп аталган 31-б., 3-б., 1-п. ылайык, Тергөө судьясы:
   1) сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жүйөлүү себептер боюнча соттук териштирүүгө келүүсү мүмкүн болбогон адамдардын же болбосо ишти маңыз боюнча соттук отурумда кароодогу суракта аларга психикасын жабырландыруучу таасирди болтурбоо максатында алардын көрсөтмөлөрүн депонирлейт;
2. Бул ишти чечүү тартиби кандай болот?
   Казустун мазмунун эсепке ала турган болсок, Попов менен Мальцеванын көрсөтмөлөрү депонирлөөгө жатпайт, анткени күбөнүн көрсөтмөсүн депонирлөө сотко чейинки өндүрүштө гана жасалат. Бул казус боюнча күбөлөр соттук отурумдарга катышуу мүмкүн эместиги тууралуу өтүнмө менен кайрылууда. Ошондуктан, эгерде алар соттук отурумга келишпесе, анда сот соттук отурумду кийинкиге жылдырып, аларды соттук отурумга айдап келет.

**ТМ 2-3.**

## 2-КАЗУС. «ПЕТРОВДУН ИШИ»

Мас абалдагы Петров коңшу батирге сүйлөшүү максатында кирген. Кошуна менен сүйлөшүп жатып, экөө талаша кетишти, анан Петров батирдин ээсин башка бир нече жолу муштады. Мунун баарын үй ээсинин кызы көрдү. Соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктары батир ээсинин ден соолугуна оор зыян келтирилгендигин аныктады. Соттук отурумга батир ээсинин кызы катуу ооруп жатам деп келбеди.

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө тартиби кандай болот?
2. Бул ишти кандайча чечсе болот?

**ЧЕЧИМ:**
1. Күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө тартиби кандай болот?
   Бул казус боюнча күбөнүн көрсөтмөлөрү сотко чейинки өндүрүштө гана депонирленет. Бул функцияны тергөө судьясы аткарат.
2. Бул ишти кандайча чечсе болот?
   Күбөлөрдүн жана башкалардын көрсөтмөлөрүн депонирлөө сотко чейинки өндүрүштө гана өткөрүлөрүнө байланыштуу, ал эми казустун мазмуну боюнча иштин маңызы боюнча териштирүү максатындагы соттук отурумга Петрованын кызы оорулуу болгондуктан келе албаганына байланыштуу, сот соттук териштирүүнү кийинкиге жылдырып, КР ЖПК ченемдерин жетекчиликке алууга тийиш.

## №3 КАЗУС. «ЧУЛКОВДУН ИШИ»

Смирнов Чулковдун уурулук кылгандыгына күбө болуп, тергөөчүгө анын көрсөтмөлөрүн депонирлөө өтүнмөсү менен кайрылды. Тергөөчү өтүнмөнү канааттандыруу максатында тергөө судьясына кайрылды.

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Смирновдун өтүнмөсү канааттандырылууга тийишпи?
2. Өтүнмөнү кароо мөөнөтү кандай?
3. Тергөө судьясынын өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу чечими боюнча даттанса болобу?

**ЧЕЧИМ:**
1. Смирновдун өтүнмөсү канааттандырылууга тийишпи?
   Казустун мазмуну боюнча күбөнүн көрсөтмөлөрү депонирленбейт. КР ЖПКсынын 198-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, тергөөчү төмөнкү учурларда тергөө судьясына кайрылышы мүмкүн: а) күбөнүн өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болсо; б) күбө КР аймагынан чет жакка чыгып кетүү же туруктуу жашаган жерине кайтуу менен байланыштуу болсо; в) күбөнүн оор оорусуна байланыштуу болсо.

2. Өтүнмөнү кароо мөөнөтү кандай?
   КР жаңы ЖПКсынын 199-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, тергөө судьясы өтүнмөнү алган учурдан тартып 3 сутканын ичинде карайт жана анын жыйынтыктары боюнча өтүнмөнү канааттандыруу же аны канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө жүйөлүү токтом чыгарат. Өтүнмө канааттандырылган учурда судья 3 суткадан кечиктирбестен сурак жүргүзөт, бул жөнүндө прокурорго, жактоочуга жана жактоочу тараптан процесстин катышуучусуна кабарландырылат.

3. Тергөө судьясынын өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу чечимине даттанса болобу?
   КР жаңы ЖПКсынын 199-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, көрсөтмөлөрдү депонирлөө жөнүндө өтүнмөнү канааттандыруудан баш тарткандыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому апелляциялык түрдө даттанылышы мүмкүн.

# СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТӨГҮ СОТТУК КӨЗӨМӨЛДӨӨ

## ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Кыргыз Республикасынын жаңы Жазык-процесстик кодексине ылайык сотко чейинки өндүрүштөгү соттук көзөмөлдөө жөнүндө билим берүү

## КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. КР ЖПКсынын жаңы редакциясындагы соттук контроль түшүнүгү.
2. Тергөө судьясынын процесстик статусу.

# 10 - МОДУЛЬ

## БИРИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК, КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТ ӨНДҮРҮШҮ

## ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ (МКЮЖ)

## ТРЕНИНГДИН ТЕМАСЫ: КР ЖАҢЫ ЖПКСЫНДАГЫ БИРИНЧИ, ЭКИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯЛАР СОТТОРУНДАГЫ ӨНДҮРҮШ, ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨГҮ МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ (МКЮЖ)

**ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ:** Биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциялардагы соттордогу өндүрүштүн тартибин регламенттеген КР жаңы ЖПКсынын жоболору жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам тууралуу билим берүү.

**ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:**

1. Биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциялардагы соттордогу өндүрүштүн тартибин регламенттеген КР жаңы ЖПКсынын жоболору.
2. Апелляциялык инстанцияда соттук чечимдерге жана өндүрүшкө даттануу тартиби.
3. Кассациялык инстанцияда соттук чечимдерге жана өндүрүшкө даттануу тартиби.
4. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам.

**МАШЫКТЫРУУЧУ-ЭКСПЕРТТЕР:** Сманалиев К. М. – ю.и.д., профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУ; Кулбаев А. К. – ю.и.к., доцент, Ж. Баласагын атындагы КУУ; Сейдалиева М.Э., Бахаутдинов М.М., Калыбаева А.А., Котик Н.М., Османова А. М., Качикеева Б. Ж.

**КАТЫШУУЧУЛАРЫ:** Судьялар, УКМК, Прокуратура, ИИМ, ЖАМК, ЭККМК кызматкерлери, ЖОЖдордун укук факультеттеринин окутуучулары, жактоочулар, укук коомчулугу.
ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ: 7 саат 30 мүнөт (5 окуу сааты, түштөнүүгө – 1 саат, тыныгууга – 30 мүнөт) 5,5 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1-сессия – 90 мүн., 2-сессия - 90 мүн., 3-сессия – 90 мүн., Жыйынтыктоочу сессия - 30 мүн.)

**КЕРЕКТҮҮ КЕҢСЕ ТОВАРЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР:**

- Флипчарттар жана түстүү маркерлер
- Дептер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

**ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:**
**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа
**ТМ 1-2.** №1казус. «Нурбековдун иши» (1-3 нуска)
**ТМ 1-3.** №2 казус. «Талкан айылындагы киши өлтүрүү иши» (1-3 нуска)
**ТМ 1-4.** №3 казус. «Өкүмөтовдун иши» (1-3 нуска)
**ТМ 1-5.** «Сотко берүү» Power Point Presentation
**ТМ 2-1.** «Апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы сот өндүрүшү» Power Point Presentation
**ТМ 2-2.** «Апелляциялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы (1-3 нуска)
**ТМ 2-3.** «Кассациялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы (1-3 нуска)
**ТМ 3-1.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам» Power Point Presentation
**ТМ 3-2.** №4 казус. «Ерналиеванын иши» (1-3 нуска)
**ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы

**КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР[1]:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси;
2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
3. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндөгү кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
5. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруучу кодекси;
6. Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» мыйзамы;
7. КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 «КР Жазык кодексин, КР Жоруктар жөнүндө кодексин, КР Жазык-процесстик кодексин, КР Жазык-аткаруучу кодексин жүзөгө ашыруу жөнүндө» мыйзамы
8. КР 2009-жылдын 25-июнундагы «Мамлекет тарабынан кепилденген укуктук жардам жөнүндө» мыйзамы

**(же тренингдин ар бир темасы үчүн керектүү мыйзамдардын үзүндүлөр)**

**ОКУТУУ МЕТОДДОРУ:**

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо дискуссияларды өткөрүү
- Таратылуучу материалдар менен иштөө
- Power Point Presentation
- Симуляция
- Жалпы талкуу
- Мини-лекция

1 Ирети боюнча 1ден 6га чейинки кодекстер жана мыйзамдар КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган жана аларга КР Президенти 2017-жылдын 2-февралында кол койгон.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 09:00-09:30 | **Киришүү сессиясы**<br>Учурашуу жана таанышуу.<br>Тренингдин максаттары жана милдеттери.<br>Иштөө эрежелери. | | Бейджиктер, түстүү маркерлер, калемсаптар, А4 | |
| 09:30-11:00 | **1-сессия. Биринчи инстанциядагы иштердин сот өндүрүшү**<br><br>1-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:<br>1. Сотко берүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана новеллаларды.<br>2. Алдын ала угуунун өзгөчөлүктөрүн жана новеллаларды.<br>3. Соттук териштирүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана новеллаларды.<br><br>**2.2. Машыктыруучу тарабынан 1-сессияны жыйынтыктоо[2]:**<br><br>Сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар кылмыш-жаза процессине 2 жаңы стадия кошумчалангандыгын билишти – бул сотко берүү жана алдын ала угуу.<br>Сотко берүү стадиясында ишти прокурорго кайтарып берүү, иштин караштуулугу, алдын ала угууну даярдоо, сот отурумун даярдоо маселелери чечилет.<br>Кылмыш-жаза процессинин стадиясы катары алдын ала угуу ар дайым эле ордун таба бербейт, ал КР жаңы ЖПК-сынын 270-беренесинин 1-пунктундагы учурларда иштей баштайт. | **1-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» көнүгүүсү.<br>Машыктыруучу казустар менен иштөө үчүн катышуучуларга 3 чакан дискуссиялык топко (ЧДТ) бөлүнүүнү сунуштайт. Машыктыруучу топторго бирден фабуласы менен казус берет жана тапшырманы түшүндүрөт **(ТМ 1-2, ТМ 1-3, ТМ 1-4).**<br><br>**2-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бетачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш.<br><br>**3-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бетачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бет ачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш.<br><br>**4-КАДАМ.** Бардык ЧДТлардын бетачарларынан кийин машыктыруучу бардык катышуучуларга суроо берет: «Бул тапшырмалар пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?» | **ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа<br><br>**ТМ 1-2.** №1 казус. «Нурбековдун иши» **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 1-3.**<br>№2 казус. «Талкан айылындагы киши өлтүрүү иши» **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 1-4.**<br>№3 казус. «Өкүмөтовдун иши» **(1-3 нуска)** | Сманалиев К. М. |

[2] Машыктыруучу катышуучулардын деңгээлине жана статусуна жараша текстти кошумчалап, кыскартып, татаалдантып, жеңилдетип бериши мүмкүн.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **5-КАДАМ.** Машыктыруучу сессияны «Сотко берүү» аттуу Power Point Presentation менен чакан лекциясын бекемдейт **(ТМ 1-5).**<br><br>**6-КАДАМ.** Экинчи машыктыруучу катышуучуларга таратылуучу материалды таратат **(ТМ 1-5).**<br><br>**7-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР». Бардык машыктыруучулар жана эксперттер катышуучулардын суроолоруна жооп беришет.<br><br>**8-КАДАМ.** Машыктыруучу **1-сессиянын жыйынтыктарын** чыгарат, түшүнүксүз жерлерин түшүндүрүп берет жана 2-сессияны өткөрүү үчүн экинчи машыктыруучуга сөз берет. | **ТМ 1-5.** «Сотко берүү» Power Point Presentation | |
| 11:00-11:30 | Тыныгуу | | | |
| 11:30-13:00 | **2-сессия. Апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордогу иштердин өндүрүлүшү**<br><br>**2.1. 2-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:**<br>1. Сот чечимдерине даттануу тартибин;<br>2. Иштерди апелляциялык инстанциядагы соттордо кароону;<br>3. Апелляциялык инстанциядагы соттун чечимдеринин түрлөрүн;<br>4. Иштерди кассациялык инстанциядагы соттордо кароо тартибин жана чечимдеринин түрлөрүн. | **1-КАДАМ.** Машыктыруучу «Апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордогу иштердин өндүрүшү» аттуу Power Point Presentation колдонуп, мини-лекциясын өткөрөт жана катышуучуларга соттук чечимдерге даттануу тартибин, жогору турган инстанциялардагы өндүрүштүн тартибин түшүндүрүп берет.<br><br>**2-КАДАМ.** «Салыштырма таблицалар менен иштөө» көнүгүүсү.<br>Машыктыруучу катышуучуларга эки топко бөлүнүүнү сунуштайт жана топторго тапшырма берет: талдоо өткөрүү, новеллаларды аныктоо жана алардын зарылдыгын жана актуалдуулугун негиздөө.<br>**1-топ үчүн тапшырма: (ТМ 2-1).**<br>«Апелляциялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы<br>**2-топ үчүн тапшырма:** «Кассациялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы **(ТМ 2-2).** | **ТМ 2-1.** «Апелляциялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 2-2.** «Кассациялык инстанциядагы соттун чечими» салыштырма таблицасы **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 2-3.** «Апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордогу өндүрүш» «Power Point Presentation | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучу-лар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | **2.3.Машыктыруучу тарабынан 2-сессиянын жыйынтыктарын чыгаруу:**<br><br>Бул сессияда катышуучулар соттук чечимдерине даттануунун жаңы эрежелерин, КРде кайсы соттор апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттор болуп эсептелерин, бул сотторгогу өндүрүштүн тартибин жана чечимдеринин түрлөрүн билишти. | **3-КАДАМ. Иштин жыйынтыктары боюнча дискуссиялык чакан топтордун иштеп чыкканда-рынын бет ачары.**<br>Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бет ачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш.<br><br>**4-КАДАМ.** Бардык ЧДТлердин бетачарларынан кийин машыктыруучу бардык катышуучуларга суроо берет: «Бул тапшырмалар пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**5-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки машыктыруучунун резюмеси:**<br>ЖПКда 2 3-инстанциядагы соттордогу иштердин кароо чектерин, кассациянын жана апелляциянын процедураларын жөнгө салуучу ченемдерде кыйла өзгөрүүлөр киргизилди.<br><br>**5-КАДАМ.** Машыктыруучу «Апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордогу иштердин өндүрүшү» аттуу Power Point Presentation менен мини-лекциясын бекемдейт **(ТМ 2-3).**<br><br>**6-КАДАМ.** Экинчи машыктыруучу катышуучуларга таратылуучу материалды таратат **(ТМ 2-3).**<br><br>**7-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР». Бардык машыктыруучу-лар жана эксперттер катышуучулардын суроолоруна жооп беришет.<br><br>**8-КАДАМ.** Машыктыруучу 2-сессиянын **жыйынтыктарын** чыгарат, түшүнүксүз жерлерин түшүндүрөт жана экинчи машыктыруучуга 3-сессияны өткөрүү үчүн сөз берет. | | Кулбаев А. К. |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 13.00-14.00 | Түштөнүү | | | |
| 14:00-15:30 | **3-сессия.** Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам. Сотто кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүүнүн тартиби.<br><br>**3.1. 3-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:**<br>1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам, мындай мыйзамдын максаты жана принциптери (МКЮЖ системасындагы Конституция, тийиштүү мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар)<br>2. Сотто кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүүнүн тартиби.<br><br>**3.2. 3-сессия боюнча машыктыруучу тарабынан жыйынтык чыгаруу:** Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүү системасынын иштеши, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам мыйзамынын ченемдерин колдонуу механизми тууралуу билим алышты. | **1-КАДАМ.** Машыктыруучу «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам» аттуу Power Point Presentation менен мини-лекциясын бекемдейт.<br><br>**2-КАДАМ.** Машыктыруучу бет ачардын темасы боюнча катышуучулардын суроолоруна жооп берет, жалпы талкууну өткөрөт.<br><br>**3-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» көнүгүүсү Машыктыруучу катышуучуларга эки чакан дискуссиялык топко (ЧДТ) бөлүнүүнү сунуштайт жана топторго тапшырма берет: талдоо өткөрүү, новеллаларды аныктоо жана алардын зарылдыгын жана актуалдуулугун негиздөө.<br><br>**Эки чакан топко тапшырма:** «Ерналиеванын иши» казусун чечүү **(ТМ 3-2).**<br><br>**4-КАДАМ. Иштин жыйынтыктары боюнча дискуссиялык чакан топтордун иштеп чыккандарынын бет ачары.**<br>Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш. | **ТМ 3-1.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам» Power Point Presentation<br><br>**ТМ 3-2.** «Ерналиеванын иши» казусу **(1-3 нуска)** | Бахаутдинов М.М., Калыбаева А.А., Котик Н. М., Османова А. М., Сейдалиева М. Э. |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | **Бүтүндөй тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫКТАР:**<br>Тренингде катышуучулар кылмыш-жаза процессине 2 жаңы стадия – сотко берүү жана алдын ала угуу стадиялары киргизилгендиги тууралуу билишти; соттук чечимдерге даттануунун жаңы эрежелери жөнүндө маалымат алышты; КРдеги кайсы соттор апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттор болорун, алардагы өндүрүш тартибин жана чечимдердин түрлөрүн билишти; МКЮЖ системасы, анын катышуучулары, алардын өз ара аракеттешүү тартиби тууралуу билим алышты; МКЮЖ системасынын башкаруу органдарынын, МКЮЖны координациялоо боюнча борбордун иши, координаторлордун жана жактоочулардын негизги функциялары менен таанышышты. | **5-КАДАМ.** Бетачарлардын жүрүшүндө машыктыруучу казустардын чечилишинин тууралыгын же туура эместигин айтып турат.<br><br>**6-КАДАМ.** Бардык ЧДТлардын бет ачарларынан кийин машыктыруучу бардык катышуучуларга суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгерде пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**7-КАДАМ.** Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:<br>Катышуучулар МКЮЖ системасы, катышуучулары, алардын өз ара аракеттешүүсү жөнүндө билим алышты; МКЮЖ системасынын башкаруу органдарынын, координациялоо борборунун иши, координаторлордун жана жактоочулардын негизги функциялары менен таанышышты.<br><br>**8-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».<br>Бардык машыктыруучулар жана эксперттер катышуучулардын суроолоруна жооп беришет.<br><br>**9-КАДАМ.** Машыктыруучу **бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫК** чыгарат. | | |
| 15:30-16:00 | **Жыйынтыктоочу сессия.**<br>«Биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордогу өндүрүш», «Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (МКЮЖ)**» тренингинин аякташы. Тренингди баалоо** | | **ТМ 4-1. Баалоо анкетасы** | |

# КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

# ТРЕНИНГ

# «КР ЖАҢЫ ЖПКСЫНДАГЫ БИРИНЧИ, ЭКИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНБЕРАНЦИЯЛАР СОТТОРУНДАГЫ ӨНДҮРҮШ», «ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨГҮ МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН УКУКТУК ЖАРДАМ»

Өткөрүү күнү: ___________________________

Өткөрүү жери: ___________________________

Катышуучулары: ___________________________

## ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| **09:00 – 09:30** | **Катышуучуларды каттоо.**<br>**Учурашуу. Тренингдин максаттары жана милдеттери.** |
| **09:30 –11:00** | **1-сессия.** Биринчи инберанциядагы соттордогу иштердин өндүрүлүшү. Сотко берүү. Алдын ала угуулар. Соттук териштирү**ү**<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*___________________________________________________ |
| **11:00 – 11:30** | **Тыныгуу** |
| **11:30 –13:00** | **2-сессия.** Апелляциялык жана кассациялык тартиптеги соттордогу өндүрүш Сот чечимдерине даттануу. Иштерди апелляциялык жана кассациялык тартиптеги соттордо кароо.<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*___________________________________________________ |
| **13:00 – 14:00** | **Түштөнүү** |
| **14:00 – 15:30** | **3-сессия.** Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндөгү мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзамы<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*___________________________________________________ |
| **15:30 –16:00** | **Сессиянын жыйынтыктарын чыгаруу** |

**ТМ 3-1.**

## №1 КАЗУС
## «НУРБЕКОВДУН ИШИ»

Уурдоо боюнча соттук отурумда кылмыш жасоодо айыпталып жаткан Асанов менен Белековдон тышкары дагы үчүнчү адам **–** Нурбеков да кылмыш жасоого катышкандыгы так аныкталды.

**Талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. Ушул соттук отурумдун жүрүшүндө Нурбековду айыпталуучу катары тартууга болобу?
2. Бул субъектилерге карата судья тарабынан пробация органына пробациялык баяндаманы даярдоо тапшырмасын колдонууга болобу?

**ТМ 3-2.**

## №2 КАЗУС
## «ТАЛКАН АЙЫЛЫНДАГЫ КИШИ ӨЛТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ИШ»

Кашкар райондук сотто каралып жаткан Талкан айылындагы киши өлтүрүү жөнүндөгү кылмыш-жаза иши боюнча беш күбөнүн арасынан соттук отурумга үчөө гана келишти, калгандары Кашкар район сотуна жол каражаты жана жашоого каражаттын жоктугунан келе албай тургандыгын кабарлашты.

**Талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. Айрым күбөлөр келбей калган учурда соттук отурумду өткөрүүгө мүмкүнбү?
2. Соттук отурумда келбей калган күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн окуп коюу менен гана чектелсе болобу? Сот эмне кылууга тийиш?
3. Алдын ала угууларды өткөрүүгө негиз барбы?
4. Алдын ала угууларды өткөрүүнүн тартиби кандай?

**ТМ 3-3.**

## №3 КАЗУС
## «ӨКҮМӨТОВДУН ИШИ»

Өзгөчө ири өлчөмдөгү мүлктү ээлеп алуу максатында каракчылык кол салуу боюнча кылмыш ишин кароонун жүрүшүндө Өкүмөтовдун бөгөт коюу чарасы – камакка алуу мөөнөтү аяктап калган.

**Талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. Өкүмөтовго карата бөгөт коюу чарасы – камакка алуу мөөнөтү узартылууга тийишпи?
2. Бөгөт коюу чарасын – камакка алууну соттук отурумда узартуу тартиби кандай?

## СОТКО БЕРҮҮ

- «Сотко берүү» институту кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө өз алдынча стадия болуп эсептелет.
- Бул стадияда сот отурумдары башталганга чейин судья төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

  ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө;

  ишти сотко караштуулугу боюнча жөнөтүү жөнүндө;

  алдын ала угууну дайындоо жөнүндө;

  сот отурумун дайындоо жөнүндө.

1

**Токтом** – чечимдер боюнча процесстик документ болуп эсептелет.

Ал жазык иши сотко келип түшкөн учурдан тартып **5 суткадан кечиктирилбестен**, ал эми жоруктар жөнүндө иштер боюнча **–** 3 суткадан кечиктирилбестен кабыл алынууга тийиш.

2

Судья төмөнкү учурларда ишти прокурорго **кайтарып берет**, эгерде:

- айыптоо актысы ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен түзүлсө;
- айыпталуучунун инсандыгы белгиленбесе;
- айыптоо актысынын көчүрмөсү айыпталуучуга тапшырылбаса.

3

Судья **алдын ала угууларды** өткөрүү чечимин төмөнкүдөй учурларда чыгарат:

- өзгөчө оор кылмыштар боюнча;
- жол берилбей турган далилдерди алып салуу жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
- ишти токтотуп туруу же токтотуу үчүн негиздер болсо;
- ушул Кодекстин 286-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган тартипте соттук териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
- жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен сотто кароодо маселени чечүү үчүн;
- бөгөт коюу чарасын өзгөртүү, судьяларды четтетүү жөнүндө, ишти токтотуп туруу же токтотуу жөнүндө билдирилген өтүнүчтөр боюнча маселени чечүү үчүн.

4

Төмөнкүдөй маселелер чечилсе, анда судья **сот отурумун дайындоо чечимин** чыгарат:

- иш ушул соттун караштуулугундабы;
- айыптоо актысынын көчүрмөсү өз убагында тапшырылганбы;
- айыпталуучуга бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөртүүгө же жокко чыгарууга жатабы;
- кылмыш же жорук менен келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону камсыз кылуучу чаралар көрүлгөнбү.

5

Жазык кодексинин 83-беренесин жүзөгө ашыруу (пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазалоодон бошотуу) максатында судья пробация органына пробациялык баяндама даярдоону тапшырат.

6

# АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТ ЧЕЧИМИНИН САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦАСЫ

| КР жаңы ЖПК | КР 1999-жылкы ЖПК |
|---|---|
| 1) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз калтыруу, ал эми апелляциялык даттанууну же сунуштаманы канааттандырбоо жөнүндө өкүм; | 1) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз калтыруу, ал эми апелляциялык даттанууну же сунушту канааттандырбоо жөнүндө өкүм; |
| 2) БЯиринчи инстанциядагы соттун айыптоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө аныктама жана актоо өкүмүн чыгаруу же ишти кыскартуу жөнүндө аныктама; | 2) Биринчи инстанциядагы соттун айыптоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө өкүм жана актоочу өкүм жөнүндө токтом, болбосо ишти токтотуу жөнүндө аныктама; |
| 3) биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүү жөнүндө өкүм; | 3) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүү жөнүндө өкүм; |
| 4) Биринчи инстанциядагы соттун актоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө аныктама жана айыптоо өкүмүнүн токтомун чыгаруу; | 4) биринчи инстанциядагы соттун актоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө жана айыптоо өкүмүнүн токтому тууралуу аныктама; |
| 5) Ушул Кодекстин 405-407-беренелерин жетекчиликке алып, жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү токтомду жокко чыгаруу жөнүндө аныктама кабыл алып жана ишти апелляциялык инстанцияда кароо жөнүндө аныктама; | 5) Ушул Кодекстин 345-347-беренелерин жетекчиликке алып, жазык ишин токтотуу жана ишти апелляциялык инстанцияда кароо жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу аныктама чыгарат. |
| | 6) даттанылган сот актысын алып салуу жөнүндө жана ишти биринчи инстанциядагы сотко кайрадан карап чыгууга жөнөтүү тууралуу, болбосо сотто жоюлбай турган тергөөнүн өксүктөрүн толтуруу үчүн ишти прокурорго кайра кайтаруу жөнүндө аныктама. |
| 6) Биринчи инстанциядагы соттун токтомун же тергөө судьясынын токтомун өзгөртүүсүз калтырып, ал эми апелляциялык даттанууларды же сунуштамаларды канааттандырбоо жөнүндө аныктама; | |
| 7) Биринчи инстанциядагы соттун токтомун же тергөө судьясынын токтомун жокко чыгаруу жөнүндө аныктаманы жана жаңы аныктаманы чыгаруу. (ЖПК, 409-б). | |

# КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТ ЧЕЧИМИНИН САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦАСЫ

| КР жаңы ЖПК | КР 1999-жылкы ЖПК |
|---|---|
| 1) Биринчи жана апелляциялык инстанциясынын сотунун актысын күчүндө калтыруу; | 1) Жергиликтүү соттун сот актысын (сот актыларын) күчүндө калтырып, ал эми даттанууларды же сунуштамаларды канааттандырбоо; |
| 2) Иш боюнча чыгарылган соттук актынын бирөөсүн күчүндө калтыруу; | 2) Сот актыларынын иши боюнча мурда чыгарылгандардын бирин күчүндө калтырууга жана калган сот актыларын жокко чыгаруу; |
| 3) Биринчи жана апелляциялык инстанциянын соттун актысын толук же жарым-жартылай жокко чыгарууга же өзгөртүүгө жана **эгерде материалдык укуктун ченемдерин колдонууда гана ката кетирилген болсо**, кайра кароого жибербей жаңы чечим кабыл алуу; | 3) Коюлган күнөөнүн чектеринде жергиликтүү соттордун сот актыларына өзгөртүү киргизүү; |
| 4) Ушул Кодекстин 26-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 7, 9, 13-пункттарында каралган негиздер болгондо, биринчи жана апелляциялык соттун инстанциясынын актысын жокко чыгаруу жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу; | 4) Жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгаруу жана жазык ишин токтотуу; |
| 5) Эгерде процесстик укуктун ченемдерин олуттуу бузууга жол берилген болсо жана алар ишти туура эмес чечүүгө алып келсе, биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттун актысын толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга жана ишти кайра кароого жиберүү. | 7) Жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгаруу жана жаңыдан кароо үчүн тийиштүү жергиликтүү сотко ишти өткөрүү; |

# 2-СЕССИЯ. АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ЖАНА КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯЛАРДАГЫ СОТТОРДОГУ ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮЛҮШҮ

СУРООЛОР:

1. СОТ ЧЕЧИМДЕРИ БОЮНЧА ДАТТАНУУ.
2. ИШТЕРДИ АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТОРДО КАРОО.
3. ИШТЕРДИ КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТОРДО КАРОО.

## АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ТАРТИПТЕ СОТ ЧЕЧИМДЕРИ БОЮНЧА ДАТТАНУУ (ЖПК, 46-ГЛАВА)

- Биринчи инстанциядагы соттун мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмдөрү, ошондой эле башка соттук актылары тараптар тарабынан апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн (ЖПК, 390, 391-б.).
- Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнө апелляциялык даттануулар жана сунуштамалар соттун өкүмү чыгарылгандан тартып **30 сутканын ичинде**, ал эми камактагы соттолгон адам тарабынан **–** ага өкүмдүн, аныктаманын, токтомдун көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып ошол эле мөөнөттө берилиши мүмкүн.
- Мөөнөтү өткөрүлүп берилген апелляциялык даттануу, сунуштама кароосуз калтырылат.

2

## ИШ БОЮНЧА СОТТУН ЖЫЙЫНТЫК ЧЕЧИМИ МЕНЕН БИРГЕ БИРИНЧИ ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТУН ТӨМӨНКҮДӨЙ ТОКТОМДОРУ ДАТТАНЫЛАТ:

- далилдерди изилдөө тартиби жөнүндө;
- соттук териштирүүлөрдүн катышуучуларынын өтүнүчтөрүн канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө;
- сот отуруму залында тартипти камсыздоо чаралары жөнүндө;
- ушул берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн соттук чечимдерден башка чечимдер.

3

## ИШ БОЮНЧА СОТТУН ЖЫЙЫНТЫК ЧЕЧИМИ ЧЫГАРЫЛГАНГА ЧЕЙИН БИРИНЧИ ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТУН ТӨМӨНКҮДӨЙ ТОКТОМДОРУ ДАТТАНЫЛАТ:

- жекече күнөөлөө иш боюнча райондук соттун арыз ээсине арызды кайтарып берүү жөнүндө токтомун;
- бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;
- анын күчүндө болуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө;
- сот экспертизасын жүргүзүү үчүн адамды медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;
- ишти токтотуу жөнүндө;
- кайсы сот тарабынан карала тургандыгы жөнүндө ишти тапшыруу же иштин кайсы сот тарабынан карала тургандыгын өзгөртүү жөнүндө;
- ишти прокурорго кайтаруу тууралуу.

4

## 2. ИШТЕРДИ АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТО КАРОО

- Апелляциялык инстанциядагы сот даттануулар жана сунуштамалар боюнча өкүмдүн, биринчи инстанциядагы соттун башка чечиминин, тергөөчү судьянын токтомунун негиздүүлүгүн текшерет.
- КР ЖПКсынын 47-главасында каралган жоболорду кошпогондо, апелляциялык инстанциядагы соттогу иш боюнча өндүрүш биринчи инстанциядагы сот ишин жүргүзүү эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

5

## 3. КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТОРДО ИШТЕРДИ КАРОО

- Кыргыз Республикасынын Жогорку соту кассациялык инстанциядагы сот болуп эсептелет жана КР ЖПКсынын “Кассациялык инстанциядагы соттогу иш өндүрүшү” аттуу VII бөлүмдө белгиленген негиздерде жана тартипте соттук чечимдерди кайра карайт.
- КР ЖПКсынын 430-беренесине ылайык кассациялык инстанциядагы сот апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүнүн, аныктамасынын мыйзамдуулугун кассациялык даттануу боюнча текшерет.
- Апелляциялык тартипте даттанылбаган мыйзамдуу күчүнө кирген биринчи инстанциядагы соттун чечимдери, ошондой эле тергөө судьясынын токтомдоруна даттануу боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциянын сотунун чечимдери кассациялык тартипте кайра каралбайт.

6

- Кассациялык инстанциядагы соттун кароо предмети акыркы соттук чечимден кийин алынган аныктамалар болушу мүмкүн, эгерде мындай аныктамалар боюнча даттануу ушул Кодексте каралса. Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш.
- Соттолуучунун, акталуучунун иши кыскартылган адамдын абалын начарлатууга алып келүүчү негиздер боюнча апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүн, аныктамасын кассациялык тартипте кайра кароого алар мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдан ашпаган мөөнөттө жол берилет (КР ЖПК, 433-б.).
- Кассациялык даттануу сунуштама иш Жогорку сотко түшкөн күндөн тартып эки айлык мөөнөттө каралууга тийиш.

7

# МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН УКУКТУК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

24-берененин 5-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүн өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк берилет.

40-берененин 3-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

2

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ

45-берененин 3-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: мамлекеттин эсебинен укуктук жардам ала турган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жактоочу менен камсыздалат. Мамлекеттин эсебинен укуктук жардам берип жаткан жактоочунун эмгеги Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык төлөнөт (КР 2009-жылдын 17-июлундагы №231 мыйзамынын редакциясында)

3

## ЖАҢЫ ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКС

**51-берене. Жактоочуну чакыруу, дайындоо, алмаштыруу, анын эмгек акысын төлөп берүү**

1. Жактоочу шектүү, айыпталуучу, күбө, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан, ошондой эле шектүүнүн, айыпталуучунун, күбөнүн тапшыруусу же макулдугу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылат.
2. Шектүүнүн, айыпталуучунун жазык сот өндүрүшүнө жактоочусун катыштыруу укугу алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот тарабынан камсыз кылынат.
3. Мамлекеттин эсебинен мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга укуктуу адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адвокат менен камсыз кылынат. Мамлекеттин эсебинен мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам көрсөткөн адвокаттан эмгек акысын төлөө мыйзамга ылайык жүргүзүлөт.

4

4. Шектүү, айыпталуучу тарабынан тандалган жактоочунун катышуусу мүмкүн болбогон учурларда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат берүүгө милдеттүү.
5. Жактоочу жазык сот өндүрүшүнө 5 суткадан ашык, ал эми бөгөт коюу чарасын тандоодо 2 сааттан ашык катыша албаган учурда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат камсыз кылууга милдеттүү.

5

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМЫ

Бул Мыйзамдын негизги максаты – укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого каражаттарынын жок болгон учурунда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү жолу менен жарандарга сот адилеттигине жана квалификациялуу юридикалык жардамга жетүүсүнө кепилдик берүү

6

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" мыйзамы 2009-жылдын 28-июлунда кабыл алынган жана 2011-жылдын январь айында күчүнө кирген.
- Мыйзамдын жаңы редакциясы 2016-жылдын 16-декабрында кабыл алынган.

7

## МЫЙЗАМДЫ КАЙРА КАРАП ЧЫГУУНУН НЕГИЗГИ КОНЦЕПЦИЯСЫ

Иштеп жаткан МКЮЖ системасын төмөнкүдөй жол менен чыңдоо жана оптимизациялоо:

- МКЮЖны берүүнүн улуттук системасын түзүү. МКЮЖ боюнча өзүнчө структураны түзүү.
- Жактоочулардын ишмердүүлүгүн МКЮЖны берүүгө катышууга шыктандыруу.
- МКЮЖны киргизүүнүн этаптуулугу:

  - кылмыш иштери боюнча (МКЮЖ алуучуларынын категорияларын кеңейтүү менен)
- МКЮЖны жарандык жана административдик иштер боюнча берүү механизмин түзүү.

8

## МЫЙЗАМ АЛТЫ ГЛАВАДАН, 30 БЕРЕНЕДЕН ТУРАТ

- 1-глава. Жалпы жоболор
- 2-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алууга укуктуу адамдар
- 3-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү
- 4-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды башкаруу жана аны координациялоо
- 5-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүнүн жана каржылоонун тартиби
- 6-глава. Корутунду жоболор

9

## МЫЙЗАМДЫН ИШТӨӨ ЧӨЙРӨСҮ

- Ушул Мыйзамдын колдонулушу Кыргыз Республикасынын жарандарына, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга жайылтылат.

10

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЭКИ ТҮРГӨ БӨЛҮНӨТ:

- консультациялык-укуктук жардам
- квалификациялуу юридикалык жардам

11

## КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАРДАМ ТӨМӨНКҮДӨЙ ТҮРДӨ КӨРСӨТҮЛӨТ:

- Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, укуктарды соттук жана соттон тышкаркы тартипте ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо;
- Укуктук маселелер боюнча консультацияларды берүү; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардамдашуу; квалификациялуу юридикалык жардам аныктамасына жатпай турган жардамдардын башка формалары.

12

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДАРДЫ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КӨРСӨТҮҮЧҮ СУБЪЕКТИЛЕР

- Мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин тиешелүү кызмат адамдары;
- Адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар.

13

## КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАРДАМ БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ

1. Мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин кызмат адамдары тарабынан алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө укуктук консультация жана түшүндүрмө түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте консультациялык-укуктук жардам берилет.

2. Адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Мыйзамда каралган консультациялык-укуктук жардамдын бардык түрлөрү берилет.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу түзө алат.

14

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫН КАРОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫ

1. Кыргыз Республикасында ар бир жаран мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына өзү же өзүнүн өкүлү аркылуу кайрылуу укугуна ээ, алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө аталган органдар, алардын кызмат адамдары жарандардын сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайрылуу укугунан ажыратууга же алардын мындай укугун чектөөгө акысы жок.

3. Жашы жетелек же аракетке жөндөмсүз адамдардын кызыкчылыктарындагы арыздарды жана даттанууларды алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, ошондой эле көзөмөлдүк жана камкордук органдары берүүгө укуктуу.

4. Эгерде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында же эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ушул Мыйзамга ылайык кайрылуу укугунан пайдаланышат.

7. Жарандардын кайрылууларын кароо акысыз жүзөгө ашырылат.

15

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮНҮН КЕПИЛДИКТЕРИ ЖАНА ЭРКИНДИГИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

**6-беренеден үзүндү. Маалыматка жетүүнү камсыз кылуу**

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана кызмат адамдары ар кимге анын укуктарына жана мыйзамдуу таламдарына тиешеси бар документтер, чечимдер жана башка материалдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

16

**7-беренеден үзүндү. Жарандарды өздөрүнүн кабыл алуусу**

1. Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жарандарды жумасына бир жолудан кем эмес өздөрү кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү.

2. Жарандарды кабыл алуу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жарыяланган же мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын имаратынын стенддеринде жайгаштырылган жарандарды кабыл алуу графигине ылайык жүргүзүлөт.

5. Эгерде кайрылууда аларды чечүү ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясына кирбеген маселелер камтылса, жаранга каякка жана кандай тартипте кайрылуу керектиги тууралуу түшүнүк берилет.

7. Республиканын алыскы региондорунан келишкен жарандар кезексиз кабыл алынуу укугуна ээ. Кабыл албай коюуга жол берилбейт.

17

**12-беренеден үзүндү. Кайрылууларды караган учурдагы кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттери**

Органдар жана кызмат адамдары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

2) кайрылууну кароого кабыл алууга же болбосо аны тиешелүү жактарга жөнөтүүгө, же болбосо арыз ээсине анын кимге кайрылуусун түшүндүрүүгө;

3) кайрылууну маани-маңызы боюнча ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого, анда баяндалган фактыларга калыс баа берүүгө, алардын аныктыгын текшерүүгө;

4) жарандардын укуктарын, эркиндигин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган укукка жат аракеттерди (аракетсиздикти) четтетүү боюнча токтоосуз чара көрүүгө;

6) кайрылуу боюнча жүйөлүү жана негизделген чечим кабыл алууга;

18

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ -


бул жарандык, административдик жана жазыктык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында жарандык, административдик жана жазыктык иштер боюнча адамдардын мыйзамдуу укуктарына жана кызыкчылыктарына мамлекеттин эсебинен өкүлчүлүк кылуу жана/же коргоо боюнча адвокаттын кесиптик иши;


19


## ЖЫЛДЫК КИРЕШЕСИН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ АЛУУГА УКУКТУУ АДАМДАР

Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, жарандык, административдик жана жазыктын сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 жолку өлчөмүнөн ашпаган доогерлерге, жоопкерлерге, шектүүлөргө, айыпталуучуларга, соттолуучуларга, соттолгондорго, акталгандарга, жабырлануучуларга, жашы жете элек күбөлөргө берилет.

20


ЖЫЛДЫК КИРЕШЕСИ ЭСКЕ АЛЫНБАЙ ТУРУП,
КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ТӨМӨНКҮ
УЧУРЛАРДА БЕРИЛЕТ:
1) адамдарга кармалган учурларда;
2) өзгөчө оор кылмыш жасады деп шектелгендерге, айыпталуучуларга, соттолуу-чуларга;
3) I жана II топтогу майыптуулугу бар адамдарга;
4) психикалык оорудан жабыркаган адамдарга;
5) Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңдештирилген адамдарга;
6) жашы жете электерге – алардын кызыкчылыктарында, алардын ата-энелерине (камкорчуларына жана камкордукка алгандарга) – балдардын кызыкчылыктарында;
7) жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялап жаткан жалгыз бой энелерге;
8) энеси жок жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялаган адамдарга – балдар-дын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана коргоого байланыштуу маселелер боюнча;
9) мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына;
10) мамлекеттик жатак-үйлөрдө жашаган кары-картаңдарга;
21


МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ
СИСТЕМАСЫН БАШКАРУУ
Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын башка-рууга катышкан органдар болуп төмөнкүлөр эсептелет:
• ыйгарым укуктуу орган
• жактоочулардын кеңеши
22


МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ
КООРДИНАЦИЯЛОО
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюн-ча борбор (мындан ары – МКЮЖКБ) түзүлгөн, анын укуктук ста-тусу, жактоочулар кеңешинин сунуштарын эске алуу менен алар-дын ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу тартиби аныкталган.
23

## МКЮЖКБ МИЛДЕТТЕРИ

1) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын ишке ашыруу;

2) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

3) «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруунун жүрүшүндө квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча практиканы жалпылоо;

4) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга муктаж болгон адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү;

5) Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана жактар менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүү;

6) Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана жарандык коомдун башка институттары менен биргеликте жарандардын укуктук маданиятын жана укуктук аң-сезимин өнүктүрүүгө, калкты укуктук агартууга көмөктөшүү.

24

## МКЮЖКБ КООРДИНАТОРУ

Квалификациялуу укуктук жардам берүү максатында арыз тапшыруучу менен жактоочунун ортосундагы өз ара аракеттешүүнү камсыз кылуучу кызматтык адам.

25

## КООРДИНАТОРДУН ФУНКЦИЯЛАРЫ

- Мамлекет кепилдеген укуктук жардам жөнүндөгү арыздарды кароо;
- Укуктук жардам берүү үчүн жактоочуларды дайындоо;
- Арыз тапшыруучунун киреше деңгээлин тастыктоо үчүн маалымат чогултуу;
- Укуктук жардам берүү, баш тартуу жана токтотуу жөнүндө негизделген чечим чыгаруу;
- Жер-жерлердеги жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин түзүү жана жүргүзүү;
- Орнотулган тартипте мамлекет кепилдеген укуктук жардам берүү боюнча жактоочулардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү;
- КР “МКЮЖ ЖӨНҮНДӨ” мыйзамына ылайык жүргүзүлүүчү башка функциялар.

26

## АДАМДЫН КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ УКУКТУК ЖАРДАМ АЛУУ УКУГУН ТАСТЫКТОО ТАРТИБИ

- Координатор жактоочу дайындалгандан тартып, 3-күндөн кечиктирбей, арыз тапшыруучунун квалификациялуу укуктук жардам алуу укугун аныктоо максатында укук коргоо органдарына, сотко, ЖААК органдарына, социалдык фондго, салык инспекциясына, өз алдынча башкаруунун жергиликтүү органдарына, ошону менен бирге башка уюмдар менен мекемелерге суроо-талаптарды жөнөтөт.
- Координаторго суроо-талабы боюнча маалыматтар 10 жумуш күн аралыгында бекер берилет.
- Квалификациялуу укуктук жардам алууга муктаж адамдардын кирешеси тууралуу маалымат алынгандан кийин координатор КР “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-10-пункттарына ылайык мындай жардам берүү же баш тартуу жөнүндөгү чечимин чыгарат.
- КР “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-10-пункттарына ылайык келген учурларда координатор квалификациялуу укуктук жардам берүү чечимин жылдык кирешени эсепке албай туруп чыгарат.
- Мыйзам тарабынан орнотулган мөөнөттүн аралыгында (13 күндөн ашырылбайт) квалификациялуу укуктук жардамга муктаж адам тууралуу маалыматтар жок болуп чыккан учурда координатор квалификациялуу укуктук жардам берүү чечимин чыгарат.

27

## ШЕКТҮҮЛӨРДҮ КАРМООДО ЖАКТООЧУЛАРДЫН НӨӨМӨТ КЕЗЕГИНИН ГРАФИГИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ

- Кылмышты же жорукту жасады деп шектелип жаткан адамга жактоочулардын эртелей жетүүсүн жүзөгө ашыруу үчүн жана аларга кечиктирилгис юридикалык жардам берүү үчүн координатор МКЮЖ боюнча реестрдеги жактоочулардын күндүр-түндүр нөөмөткө турууусун уюштурат.
- Үстүдөгү айга карата укук коргоо органдарында шектүү катары кармоодо кечиктирилгис юридикалык жардам берүүнү жүзөгө ашыруучу жактоочулардын күндүр-түндүр иштөө графигин түзөт.
- Координатор жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин КР ИИМ, УКМК, Финансылык полиция, ЖАМК жана Прокуратуранын бардык структуралык бөлүмдөрүнө жөнөтөт.

28

## КАЗУС
## «ЕРНАЛИЕВАНЫН ИШИ»

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту тарабынан Ерналиева Айзада Шаимбетовнага карата №3/09-5017 кылмыш иши каралып жатат. А.Ш. Ерналиевага Бишкек шаарынын ИИБ тергөө органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-бер., 2-б, 3-п.; 166-бер., 4-б, 2-п.; 166-бер., 4-б., 2-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6 б.; 166-бер., 2,б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2-, 3-п.; 350-бер., 2-, 4-, 6-б. боюнча айыптоолор коюлууда.

**Жабырлануучулар:** Мария Султанбекова; Марат Султанбеков; Назар Боксоев; Вероника Петрова; Антонина Фролова.

**Соттолуучу:** Ерналиева Айзада Шаимбетовна

Жашоо дареги: Кыргызберан, Бишкек шаары, Левитан көчөсү, 15-үй, 16-батир.

Туулган күнү: 9-авгубер, 1980-жыл.

Туулган жери: Кыргызберан, Токтогул шаарчасы.

Кесиби жана иштеген жери: укалоочу, убактылуу жумушсуз.

Катышуучулардын сотко келишин текшерүүдө соттук отурумдун катчысы соттолуучунун жактоочусу жок экенин айтты, анткени мурда тергөөгө катышкан жактоочу Башукян Андро Искандерович сотко келбеди, катчы иштин материалындагы ордерге таянып, жактоочу соттолуучуга КРдин МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамга ылайык берилгендигин айтып берди.

Судья соттолуучуга жактоочусунун жоктугу себебин аныктоо максатында суроо берди, соттолуучу анын оор материалдык абалына байланыштуу тергөө учурунда жактоочу МКЮЖ мыйзамына ылайык берилген деп жооп берди. Азыркы учурда соттолуучунун Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзамга ылайык коргоп келген жактоочусу КР жарандыгынан баш тартып, туруктуу жашоо ордуна КРден чыгып кеткендиги, Юбериция миниберрлигинин жактоочу ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча лицензиясын тапшыргандыгы, мына ушул себепке байланыштуу МКЮЖ рееберринен чыгарылгандыгы аныкталды.

Аныкталган жагдайларга байланыштуу төрагалык кылуучу соттолуучуга кайрылып, КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамдын алкагында жактоочу менен камсыздоо жөнүндө суроо берди, соттолуучу камсыздоону суранды, анткени буга чейин анын материалдык абалы текшерилген жана ага МКЮЖ көрсөтүлгөн. Сот соттолуучуга жактоочуну дайындоо зарыл экендиги жөнүндө чечим чыгарды.

Соттук отурум соттолуучунун жаңы жактоочусу келгенден кийин улантылды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. Судья КР мыйзамынын кайсы ченемдерине таянып аракеттенди?
2. Эмне себептен судья кылмыш ишинин кароосун жылдырган жок?
3. Сот тарабынан жактоочуну дайындоо процедурасын түшүндүрүп бериңиз.

# БААЛОО БАРАГЫ

Күнү: ________________

Темасы: ________________________________________________________________
__________________________________________________

**1. Өткөрүлгөн сабактар пайдалуу болдубу?**

1___________(жок)
2___________(жарым-жартылай пайдалуу)
3___________(ооба)
4___________(абдан пайдалуу)

**2. Сиз канчалык деңгээлде өткөрүлгөн семинардын максаттарына жеттиңиз?**

1___________(максаттарына жетпедик)
2___________(максаттарына жарым-жартылай жеттик)
3___________(максаттарына негизинен жеттик)
4___________(максаттарына толугу менен жеттик)

**3. Тренингдин методдорун кандайча баалайсыз?**

1___________(натыйжалуу эмес)
2___________(орточо)
3___________(жакшы)
4___________(мыкты)

**4. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе эң эле оор болду жана эмне себептен?**

____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

**5. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе өтө кызыктуу болду жана эмне себептен?**

____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

**6. Сиздин оюңуз боюнча семинарды өткөрүүнүн уюштуруу жагы кандай болду?**

____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

**7. Семинардын уюштуруучуларына келечекке карай кандай каалоолоруңуз бар?**

____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

**8. Сиз кандай кошумча жардамга муктажсыз?**

____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

**9. Башка комментарийлер:**

# ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

# ТРЕНИНГ
## «КР ЖАҢЫ ЖПКСЫНДАГЫ БИРИНЧИ, ЭКИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯЛАР СОТТОРУНДАГЫ ӨНДҮРҮШ», «ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨГҮ МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН УКУКТУК ЖАРДАМ»

### ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциялардагы соттордогу өндүрүштүн тартибин регламенттеген КР жаңы ЖПКсынын жоболору жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам тууралуу билим берүү.

### КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциялардагы соттордогу өндүрүштүн тартибин регламенттеген КР жаңы ЖПКсынын жоболору.
2. Апелляциялык инстанцияда соттук чечимдерге жана өндүрүшкө даттануу тартиби.
3. Кассациялык инстанцияда соттук чечимдерге жана өндүрүшкө даттануу тартиби.
4. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам.

## №1 КАЗУС
## «НУРБЕКОВДУН ИШИ»

Уурдоо жөнүндөгү иш боюнча соттук отурумда айыпталуучу Асанов менен Белековдон тышкары кылмыш жасоодо дагы үчүнчү катышуучу – Нурбеков болгондугу так аныкталды.

**Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Бул соттук отурумдун жүрүшүндө Нурбековду айыпталуучу катары тартууга болобу?
2. Бул субъектилерге карата судья пробация органына пробациялык баяндаманы даярдоо тапшырмасын бере алабы?

**ЧЕЧИМ:**

1. Бул соттук отурумдун жүрүшүндө Нурбековду айыпталуучу катары тартууга болобу?
   Жок, мүмкүн эмес. КР жаңы ЖПКсында биринчи инберанциядагы сотто жаңы айыптоо боюнча соттун функциясы инберитуту каралган эмес. Бул маселе 1961-жылкы Кыргыз ССР ЖПКсында регламенттелген.

2. Бул субъектилерге карата судья пробация органына пробациялык баяндаманы даярдоо тапшырмасын бере алабы?
   КР жаңы ЖПКсынын 271-беренесинин 4-пунктуна ылайык бул казус боюнча судья пробация органына пробациялык баяндаманы даярдоо тапшырмасын берүүгө укуктуу. Буга КР жаңы ЖПКсынын 83-беренеси негиз түзөт, анткени казуберун мазмунуна караганда, жасалган кылмыш анча оор эмес кылмыштардын катарына кирет.

## №2 КАЗУС
## «ТАЛКАН АЙЫЛЫНДАГЫ КИШИ ӨЛТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ИШ»

Кашкар райондук сотто каралып жаткан Талкан айылындагы киши өлтүрүү жөнүндөгү кылмыш-жаза иши боюнча беш күбөнүн арасынан соттук отурумга үчөө гана келишти, калгандары Кашкар район сотуна жол каражаты жана жашоого каражаттын жоктугунан келе албай тургандыгын кабарлашты.

**Талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**
1. Айрым күбөлөр келбей калган учурда соттук отурумду өткөрүүгө мүмкүнбү?
2. Соттук отурумда келбей калган күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн окуп коюу менен гана чектелсе болобу? Сот эмне кылууга тийиш?
3. Алдын ала угууларды өткөрүүгө негиз барбы?
4. Алдын ала угууларды өткөрүүнүн тартиби кандай?

**ЧЕЧИМ:**
1. Айрым күбөлөр келбей калган учурда соттук отурумду өткөрүүгө мүмкүнбү?
2. Соттук отурумда келбей калган күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн окуп коюу менен гана чектелсе болобу? Сот эмне кылууга тийиш?

КР жаңы ЖПКсынын 313-беренесинин 1-пунктуна ылайык, сот процессинин катышуучуларынын кайсы бири же буга тете эле күбө, эксперт же адис келбей калганда, сот тараптардын териштирүү мүмкүндүгү жөнүндө оюн угат жана соттук териштирүүнү улантуу же кийинкиге жылдыруу, ошондой эле келбей калган катышуучуну чакыруу же алдырып келүү жөнүндө токтомун же аныктамасын чыгарат.

3. Алдын ала угууларды өткөрүүгө негиз барбы?

Алдын ала угууларды өткөрүүгө негиз жок. 270-березенин 1-бөлүгүнө ылайык, алдын ала угуулар төмөнкүлөр боюнча жүргүзүлөт:
1) өзгөчө оор кылмыштар боюнча;
2) жол берилбей турган далилдерди алып салуу жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
3) ишти токтотуп туруу же токтотуу үчүн негиздер болсо;
4) ушул Кодекберин 286-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган тартипте соттук териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
5) жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен сотто кароодо маселени чечүү үчүн;
6) бөгөт коюу чарасын өзгөртүү, судьяларды четтетүү жөнүндө, ишти токтотуп туруу же токтотуу жөнүндө билдирилген өтүнүчтөр боюнча маселени чечүү үчүн.

4. Алдын ала угууларды өткөрүүнүн тартиби кандай?

Алдын ала угууларды өткөрүүнүн тартиби КР жаңы ЖПКсынын 275-беренесинде аныкталган:

Алдын ала угуу тараптардын катышуусу менен жабык сот отурумунда судья тарабынан жүргүзүлөт.

Судья соттун курамын жарыялайт жана угуунун катышуучуларынын укуктарын, анын ичинде четтетүү укугун түшүндүрөт.

Судья айыпталуучуга анын ишти сот арачыларынын катышуусу менен карoo укугун түшүндүрөт. Эгерде айыпталуучу сот арачыларынын катышуусу менен ишти кароону каалагандыгын билдирсе, алдын ала угуу ушул Кодекберин 358-беренесинде каралган тартипте жүргүзүлөт.

Алдын ала угуу айыпталуучунун өтүнүчү боюнча же болбосо ушул Кодекберин 286-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган тартипте соттук териштирүүнү жүргүзүү үчүн негиздер болгондо тараптардын биринин өтүнүчү боюнча айыпталуучунун катышуусусуз жүргүзүлүшү мүмкүн.

Иш боюнча өндүрүштүн өз мезгилинде кабарландырылган башка катышуучуларынын келбей калуусу алдын ала угууларды жүргүзүүгө тоскоолдук кылбайт.

Кошумча далилдерди же предметтерди талап кылуу жөнүндө коргоо тарабынын өтүнүчү, эгерде бул далилдер жана предметтер иш үчүн мааниси бар болсо, канааттандырылууга жатат.

Алдын ала угууда айыпталуучунун күнөөсүнүн далилденгендиги жөнүндө маселе талкууланбайт, далилдер иликтенбейт.

Судья процесберин келген катышуучуларына алдын ала угууну өткөрүүнүн максаттары жөнүндө маалымдайт, отурумдун ар бир катышуучусунун чыгып сүйлөгөн сөздөрүн угат жана чечим кабыл алуу үчүн өзүнчө бөлмөгө чыгып кетет.

Алдын ала угуунун жүрүшүндө протокол түзүлөт.

## №3 КАЗУС
## «ӨКҮМӨТӨВДҮН ИШИ»

Өзгөчө ири өлчөмдөгү мүлктү ээлеп алуу максатында каракчылык кол салуу боюнча кылмыш ишин кароонун жүрүшүндө Өкүмөтөвдүн бөгөт коюу чарасы – камакка алуу мөөнөтү аяктап калган.

**Талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**
1. Өкүмөтөвдүн карата бөгөт коюу чарасы – камакка алуу мөөнөтү узартылууга жатабы?
2. Бөгөт коюу чарасын – камакка алууну соттук отурумда узартуу тартиби кандай?

**ЧЕЧИМ:**
1. Өкүмөтөвгө карата бөгөт коюу чарасы – камакка алуу мөөнөтү узартылууга жатабы?
Ооба, узартылууга жатат, КР жаңы ЖПКсынын 293-беренесинин 3-пунктуна ылайык, соттук териштирүүнү мөөнөтүндө аяктоо мүмкүн болбогон учурда жана бөгөт коюу чараларын өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн негиздер болбогондо бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү ар бир жолу эки айга чейинки мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

2. Бөгөт коюу чарасын – камакка алууну соттук отурумда узартуу тартиби кандай?
бөгөт коюу чарасын узартуу тартиби – камакка алуу КР жаңы ЖПКсынын 293-беренесинин 4, 5, 6-бөлүктөрүндө аныкталган.
Бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу ал бүткөнгө чейин тараптардын катышуусу менен сот отурумунда каралат. Тараптардын кимдир бирөөсүнүн келбей калышы бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселени кароого тоскоолдук кылбайт.
Өзгөчө учурларда бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашыкка узартуу иш өз өндүрүшүндө турган судьянын жүйөлөнгөн токтому боюнча жүргүзүлөт. Аталган токтом 5 күндүк мөөнөттө маалымат үчүн Жогорку сотко жөнөтүлөт.
Бир эле иш боюнча сот жообуна тартылган адамды кайрадан камакка алуу, үй камагына алуу учурунда, ошондой эле буга кошулган же андан бөлүнгөн жазык иши боюнча камакка, үй камагына алуу мөөнөтү, мурунку камакта, үй камагында отурган мезгилди эсепке алуу менен жүргүзүлөт.

## СОТКО БЕРҮҮ

2019-жылдын 1-январында киргизиле турган Кыргыз Республикасынын жаңы ЖПКсында «Сотко берүү» инберитуту каралган. Ал кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө өз алдынча берадия болуп эсептелет. Бул берадияда Соттук териштирүү башталганга чейин судья келип түшкөн иш боюнча төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1. ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө;
2. ишти сотко караштуулугу боюнча жөнөтүү жөнүндө;
3. алдын ала угууну дайындоо жөнүндө;
4. сот отурумун дайындоо жөнүндө.

Бул чечимдер боюнча процесберик документ болуп **токтом** эсептелет. Токтом жазык иши сотко келип түшкөн учурдан тартып 5 суткадан кечиктирилбеберен, ал эми жоруктар жөнүндө иштер боюнча – 3 суткадан кечиктирилбеберен кабыл алынууга тийиш.

Судья төмөнкү учурларда ишти прокурорго **кайтарып берет**, эгерде:

1. айыптоо актысы ушул Кодекберин талаптарын бузуу менен түзүлсө;
2. айыпталуучунун инсандыгы белгиленбесе;
3. айыптоо актысынын көчүрмөсү айыпталуучуга тапшырылбаса.

Судья алдын **ала угууларды өткөрүү** чечимин төмөнкүдөй учурларда чыгарат:

1. өзгөчө оор кылмыштар боюнча;
2. жол берилбей турган далилдерди алып салуу жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
3. ишти токтотуп туруу же токтотуу үчүн негиздер болсо;
4. ушул Кодекберин 286-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган тартипте соттук териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
5. жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен сотто кароодо маселени чечүү үчүн;
6. бөгөт коюу чарасын өзгөртүү, судьяларды четтетүү жөнүндө, ишти токтотуп туруу же токтотуу жөнүндө билдирилген өтүнүчтөр боюнча маселени чечүү үчүн.

Судья **сот отурумун дайындоо чечимин** төмөнкүдөй маселелер чечилгенде чыгарат:

1. иш ушул соттун караштуулугундабы;
2. айыптоо актысынын көчүрмөсү өз убагында тапшырылганбы;
3. айыпталуучуга бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөртүүгө же жокко чыгарууга жатабы;
4. кылмыш же жорук менен келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону камсыз кылуучу чаралар көрүлгөнбү;

Судья мындан тышкары дагы жазык кодексинин 83-беренесин (пробациялык көзөмөлдөөнү колдонуу менен жазалоодон бошотууну) жүзөгө ашыруу максатында, пробация органына пробациялык баяндама даярдоону тапшырат.

## АЛДЫН АЛА УГУУЛАР

Кылмыш-жаза иштери боюнча соттук өндүрүштүн башталышы Кыргыз Республикасынын жаңы ЖПКсында жаңы стадия менен толукталган – бул алдын ала угуулар. Бул стадия жол берилбей турган далилдерди алып салуу үчүн киргизилген. Бул стадиянын жаңы Жазык-процесстик кодексине киргизилиши соттук системада жол берилбей турган далилдердин арбындыгы менен түшүндүрүлөт. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн стадиясы катары алдын ала угуулар процесстин катышуучуларынын социалдык чыңалуусун төмөндөтөт, соттук органдарга артылган жүктү  азайтат.

Алдын ала угуу – бул соттук териштирүүгө даярдануунун процесстик формасы, ал тараптардын өтүнүчү же судьянын демилгеси боюнча төмөнкүдөй учурларда өткөрүлөт:

- өзгөчө оор кылмыштар боюнча;
- жол берилбей турган далилдерди алып салуу жөнүндө тараптардын өтүнүчү болсо;
- ишти токтотуп туруу же токтотуу үчүн негиздер болсо;
- жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен сотто кароодо маселени чечүү үчүн;

Алдын ала угуу тараптардын катышуусу менен судья тарабынан жабык соттук отурумда өткөрүлөт.
Алдын ала угуунун жыйынтыктары боюнча судья төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1. иш боюнча өндүрүштү токтотуп туруу;
2. иш боюнча өндүрүштү токтотуу;
3. сот отурумун дайындоо;
4. далилдерди алып салуу өтүнүчүн канааттандырат же канааттандырбайт.

Судьянын чечими токтом түрүндө чыгарылат.

# КАЗУС
# «ЕРНАЛИЕВАНЫН ИШИ»

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту тарабынан Ерналиева Айзада Шаимбетовнага карата №3/09-5017 кылмыш иши каралып жатат. А. Ш. Ерналиевага Бишкек шаарынын ИИБ тергөө органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-бер., 2-б, 3-п.; 166-бер., 4-б, 2-п.; 166-бер., 4-б., 2-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 2, 3-пп.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б. боюнча айыптоолор коюлууда.

**Жабырлануучулар**: Мария Султанбекова; Марат Султанбеков; Назар Боксоев; Вероника Петрова; Антонина Фролова.
**Соттолуучу:** Ерналиева Айзада Шаимбетовна
Жашоо дареги: Кыргызберан, Бишкек шаары, Левитан көчөсү, 15-үй, 16-батир.
Туулган күнү: 9-авгубер, 1980-жыл.
Туулган жери: Кыргызберан, Токтогул шаарчасы.
Кесиби жана иштеген жери: укалоочу, убактылуу жумушсуз.

Катышуучулардын сотко келишин текшерүүдө соттук отурумдун катчысы соттолуучунун жактоочусу жок экенин айтты, анткени мурда тергөөгө катышкан жактоочу Башукян Андро Искандерович сотко келбеди, катчы иштин материалындагы ордерге таянып, жактоочу соттолуучуга КРдин МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамга ылайык берилгендигин айтып берди.
Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 45-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык тандалган же дайындалган жактоочунун катышуусу мүмкүн болбогон учурларда, сот соттолуучуга башка жактоочуну чакырууну сунуш кылууга же аны дайындоого укуктуу.
Сот соттолуучуга КР ЖПКсынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 45-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык коргоону камсыз кылууга милдеттүү экендигине байланыштуу судья соттолуучуга жактоочусунун жоктугу себебин аныктоо максатында суроо берди, соттолуучу анын оор материалдык абалына байланыштуу тергөө учурунда жактоочу МКЮЖ мыйзамына ылайык берилген деп жооп берди. Азыркы учурда соттолуучунун Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзамга ылайык коргоп келген жактоочусу КР жарандыгынан баш тартып, туруктуу жашоо ордуна КРден чыгып кеткендиги, Юбериция миниберрлигинин жактоочу ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча лицензиясын тапшыргандыгы, мына ушул себепке байланыштуу МКЮЖ рееберринен чыгарылгандыгы аныкталды.
Аныкталган жагдайларга байланыштуу төрагалык кылуучу судья КР Конберитуциясынын 40, 103-беренелерин, КР ЖПКсынын 45-беренесинин 3-бөлүгүн (КР жаңы ЖПКсынын 51-беренесин, 51-беренесинин 3,4,5 бөлүктөрүн) жетекке алып, КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун негиз кылып, соттолуучуга аны жактоочу менен камсыздоо жөнүндөгү суроо менен кайрылды, соттолуучу макул болду, анткени анын материалдык абалы мурда текшерилген жана ага МКЮЖ мыйзамына ылайык жактоочу берилген. Сот МКЮЖБ координаторуна соттолуучуга жактоочуну берүү талабы менен кайрылууну мүмкүн деп тапты жана КР МКЮЖ мыйзамын негиз кылып, соттолуучуга мурда берилген жактоочунун жок болушунун себептерин

тактоону суранды.

Ушул жагдайга байланыштуу судья соттун канцеляриясы аркылуу Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча МКЮЖ боюнча координаторунун дарегине талап жөнөттү. Соттук отурум соттолуучуга жактоочу менен камсыз болгонго чейин кийинкиге жылдырылды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. Судья КР мыйзамынын кайсы ченемдеринин негизинде аракеттенди?
2. Эмне себептен судья кылмыш ишин кароону кийинкиге жылдырган жок?
3. Сот тарабынан жактоочуну дайындоо процедурасын түшүндүрүп бериңиз.

**ЧЕЧИМ:**

1. Судья төмөнкү мыйзам ченемдеринин негизинде аракеттенген:
   а) КР Конберитуциясынын 40, 103-беренелери;
   б) КР ЖПКсынын 9-беренеси (Соттук коргоо), 16-беренеси (Жарандардын мыйзам жана сот алдындагы теңчилиги), 18-беренеси (Тараптардын далил тартышынын жана тең укуктуулугунун негизинде сот ишин жүзөгө ашыруу), 20-беренеси (Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун акталуу укугун камсыз кылуу) 45-беренеси (Жактоочуну чакыруу, дайындоо, алмаштыруу, анын эмгегине акы төлөп берүү).
2. КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамга ылайык соттолуучунун коргоого укугун камсыздоо үчүн иш судья тарабынан МКЮЖ берүү үчүн дайындалган жактоочу келгенге чейин кийинкиге жылдырылды.
3. Судья соттун канцеляриясы аркылуу Координаторго (МКЮЖБге) жазуу түрүндө кайрылат (Координаторго билдирүү телефон аркылуу да берилиши мүмкүн). Жактоочу МКЮЖ берүү үчүн Координатор тарабынан дайындалат, ал сотко 2 сааттын аралыгына келип калышы керек.

# 11 - МОДУЛЬ

## КР ЖАҢЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСТЕРИ БОЮНЧА ЖАЗЫК ЖОРУКТАРЫ

# ТРЕНИНГДИН ТЕМАСЫ: КР ЖАҢЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСТЕРИ БОЮНЧА ЖАЗЫКТЫК ЖОРУКТАР

**ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ:** Катышуучуларга жаңы кылмыш-жаза кодекси боюнча кылмыш жоруктары үчүн каралган жоопкерчилик жана жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн процесстик тартиби тууралуу билим берүү

**ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:**
1. КР Кылмыш-жаза кодекси менен Жоруктар жөнүндө кодексиндеги ченемдердин түшүнүгү жана айырмачылыгы
2. КР жаңы ЖПКсы боюнча жоруктар боюнча иштердин сотко чейинки жана сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү

**МАШЫКТЫРУУЧУЛАР-ЭКСПЕРТТЕР:** Сыдыкова Л. Ч. – ю.и.д., КРСУнун профессору; Сулайманова Н. Н. – ю.и.д., КРСУнун профессору; Кулбаев А. К. – ю.и.к., Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти; Сапарбаев Б. К. – БУУ БКБ эксперти; Асаналиев А. – БУУ БКБ эксперти; Качикеева Б. Ж. – эксперт.

**КАТЫШУУЧУЛАРЫ:** Судьялар, УКМК, Прокуратура, ИИМ, ЖАМК, ЭККМК кызматкерлери, ЖОЖдордун укук факультеттеринин окутуучулары, жактоочулар, укук коомчулугу.

**ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ:** 5 саат 30 мүнөт (4 окуу сааты, түштөнүүгө – 1 саат, тыныгууга – 30 мүнөт)
4 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1-сессия – 120 мүн., 2-сессия – 120 мүн., Жыйынтыктоочу сессия – 30 мүн.)

**КЕРЕКТҮҮ КЕҢСЕ ТОВАРЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР:**
- Флипчарттар жана түстүү маркерлер
- Дептер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

**ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:**
**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа
**ТМ 1-2.** «Кылмыштын жана жоруктун түшүнүгү » (2 нуска)
**ТМ 1-3.** Жоруктар жөнүндө кодекс (4 нуска)
**ТМ 1-4.** №1 казус. « Пешковдун иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-5.** №2 казус. « Мамбеталиевдин иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-6.** №3 казус. « Сидоровдин иши» (1-2 нуска)
**ТМ 1-7.** «Жоруктар жөнүндө кодекс» Power Point Presentation
**ТМ 2-1.** ЧДТ үчүн маалыматтык материалдардын пакети (4 нускадан):
1. Алгачкы тергөө органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын статусу;
2. Жоруктар жөнүндөгү иштердин сотко чейинки өндүрүшү.
3. Жоруктар жөнүндөгү иштердин сот өндүрүшү.
4. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча жеке айыптоо.
**ТМ 2-2.** «Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүш» Power Point Presentation
**ТМ 3-1.** Баалоо анкетасы

**КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР[1]:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси;
2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
3. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндөгү кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
5. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруучу кодекси;
6. Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» мыйзамы;
7. КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 «КР Жазык кодексин, КР Жоруктар жөнүндө кодексин, КР Жазык-процесстик кодексин, КР Жазык-аткаруучу кодексин жүзөгө ашыруу жөнүндө» Мыйзамы
8. КР 2009-жылдын 25-июнундагы «Мамлекет тарабынан кепилденген укуктук жардам жөнүндө» мыйзамы

**(же тренингдин ар бир темасы үчүн керектүү мыйзамдардын үзүндүлөр)**

**ОКУТУУ МЕТОДДОРУ:**

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо дискуссияларды өткөрүү
- Таратылуучу материалдар менен иштөө
- Power Point Presentation
- Симуляция
- Жалпы талкуу
- Мини-лекция

1 Ирети боюнча 1ден 6га чейинки кодекстер жана мыйзамдар КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган жана аларга КР Президенти 2017-жылдын 2-февралында кол койгон.

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучу-лар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 09:00-09:30 | **Киришүү сессиясы**<br>Учурашуу жана таанышуу.<br>Тренингдин максаттары жана милдеттери.<br>Иштөө эрежелери. | | Бейджиктер,<br>түстүү маркерлер,<br>калемсаптар, А4 | |
| 09:30-10:30 | **1-сессия.** Жазыктык жорук: түшүнүгү, белгилери, жоопкерчилик.<br><br>**1.1. Сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө тийиш:**<br><br>1. «Кылмыш» менен «жоруктун» ортосундагы принциптүү айырмачылыгын билүүгө тийиш.<br>2. Бул терминдерди ажыратуунун негизинде жаткан башкы идеяны «сезип-туюу» | **1-КАДАМ. «Капитандардын кармашы» көнүгүүсү**<br>Көнүгүү «кылмыш» жана «жорук» түшүнүктөрүн жана аныктамаларын ажыратууга багытталган.<br>**№1 тапшырма.** (ДМТ, топтордун бет ачарлары).<br>Ар бир 4 топтон экиден каалоочуларды чакыруу.<br>«Кылмыштын жана жоруктун түшүнүгү» **ТМ 1-2** таратуу.<br>Ар бир капитанга тапшырма берүү: «Кылмыш» жана «жорук» терминдеринин түшүнүүсүндөгү принциптүү жана концепттик айырмачылыктарды табыңыздар.<br>Убактысы боюнча биринчи аткарган капитан бет ачарын өткөрөт, калгандары толуктап, комментарийлерин беришет.<br>«Капитандардын таймашуусу» методу. Таймашуу аткаруу ылдамдыгына/ убактысына негизделген.<br><br>**2-КАДАМ.** Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**3-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>Көнүгүүнүн натыйжасында кылмышты жоруктан ажыратуучу белгилер өздөштүрүлдү.<br><br>**4-КАДАМ.** Машыктыруучу экрандан «кылмыштын» жана «жоруктун» түшүнүктөрүн көрсөтөт, аларды кандай түшүнүү керек экендигин, негизги терминдерди жана тема боюнча новеллаларды бекемдейт. | **ТМ 1-1.** Тренингдин программасы<br><br>**ТМ 1-2.** «Кылмыштын жана жоруктун түшүнүгү» **(2 нуска)** | Сыдыкова Л. Ч.,<br>Сулайманова Н. Н. |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 10:30-11:00 | Тыныгуу | | | |
| 11:00-12:00 | **1-сессия.** Жазыктык жорук: түшүнүгү, белгилери, жоопкерчилик (уландысы)<br><br>**1.1. Машыктыруучу тарабынан 1-сессиянын жыйынтыктарын чыгаруу:**<br>Мамлекеттин кылмыш-жаза саясаты гуманизм жана адилеттик принциптерин туТМушка ашыруу үчүн жосундарды кылмыштарга жана жоруктарга бөлүштүрүүгө багытталган. | **5-КАДАМ. Дискуссиялык чакан топтордо (ДЧТ) ЖжК тексти менен иштөө.**<br>Көнүгүү катышуучуларды кодекстин главалары жана бөлүмдөрү менен тааныштырууга багытталган, текст менен таанышууга жана иштөөгө, новеллалар менен таанышууга багытталган.<br>Машыктыруучу катышуучуларды 4 дискуссиялык чакан топко бөлөт. (Эгерде топ алсыз болсо, анда 4төн көп топко бөлсө болот, анда тапшыТМаларды да главалар боюнча бөлүү керек)<br>**ТапшыТМа:**<br>**1-топ үчүн –** ЖжКнын жалпы бөлүмүнүн кызыктуу, көңүл бурууну талап кылган ченемдерин жана теТМиндерин белгилөө<br>**2-топ үчүн –** ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнүн «инсанга каршы» жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу чененмдерине сереп салуу.<br>**3-топ үчүн –** ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнүн «мамлекетке каршы» жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу чененмдерине сереп салуу.<br>**4-топ үчүн –** ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнүн «коомго каршы» жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдерине сереп салуу.<br>Ар бир топ иштеп чыккандарынын бет ачарын өткөрөт.<br><br>**6-КАДАМ.**<br>Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**7-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>Көнүгүүнүн натыйжасында катышуучулар Жоруктар жөнүндө кодекстин жалпы жана өзгөчө бөлүктөрүнүн главаларын өздөштүрүштү. | **КМ 1-3.** Жоруктар жөнүндө кодекс **(4 нуска)**<br><br>**КМ 1-4.** №1 казус. «Пешковдун иши» **(1-2 нуска)**<br><br>**ТМ 1-5.** №2 казус. «Мамбеталиевдин иши» **(1-2 нуска)**<br><br>**ТМ 1-6.** №3 казус. «Сидоровдун иши» **(1-2 нуска)**<br><br>**ТМ 1-7.** «Жоруктар жөнүндө кодекс» Power Point Presentation | Кулбаев А. К. |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучу-лар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **8-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» методу.<br>Машыктыруучу катышуучуларга 3 дискуссиялык чакан топко бөлүнүүнү сунуштап, даяр казустарды таратат **(ТМ 1-5, 1-6,1-7)**. Ар бир топко бирден казус тапшырып, тапшырма берет.<br>Катышуучулар бетачарларды түстүү маркерлер менен флипчарттарга жазып, даярдашат. Иштин жыйынтыгында ар бир дискуссиялык чакан топ өз материалын жалпылап, тренингдин катышуучуларына бетачарын өткөрүүгө тийиш.<br><br>**9-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бет ачарларды өткөрүү**. Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулоого, консенсуска келүүгө жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бет ачар түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилөөгө тийиш.<br>Машыктыруучу катышуучуларга жакшы иштеген-диги үчүн алкыш айтып, өз орундарын ээлөөнү су-ранат.<br><br>**10-КАДАМ.** Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**11-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>Казустар менен иштөөнүн натыйжасында ЖжКнын квалификациялоо суроолору, жазалоолордун дайындалышы жана аларды кылмыштардан ажыратуу суроолору өздөштүрүлгөн. | **ТМ 1-5.** №2 казус «Мамбеталиевдин иши » **(1-2 нуска.)**<br><br>**ТМ 1-6.** №3 казус «Сидоровдун иши» **(1-2 нуска.)**<br><br>**ТМ 1-7.** Power Point Presentation «Жоруктар жөнүндө кодекс» | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **12-КАДАМ.** Экинчи машыктыруучу жардам берет жана катышуучуларга таратылуучу материалдарды таратат **(ТМ 1-7).**<br><br>**13-КАДАМ.** Машыктыруучу «Жоруктар жөнүндө кодекс» Power Point Presentation коштоосу менен мини-лекциясын бекемдейт **(ТМ 1-7).**<br><br>**14-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР». Машыктыруучулар катышуучулардын бардык суроолоруна жооп беришет.<br><br>**15-КАДАМ.** Машыктыруучу 1-сессиянын **жыйынтыктарын** чыгарат, түшүнүксүз жерлерин түшүндүрөт жана экинчи машыктыруучуга 2-сессияны өткөрүү үчүн сөз берет. | | |
| 12:00-13:00 | Түштөнүү | | | |
| | **2-сессия.** Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүш<br><br>**2.1. Сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:**<br>1. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын процесстик статусун;<br>2. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү;<br>3. Жоруктар жөнүндөгү иштердин соттук өндүрүшүн;<br>4. Жеке айыптоо боюнча иштердин өндүрүшүнүн негизин жана тартибин. | **1-КАДАМ.** Көнүгүү катышуучуларды мыйзамдын новеллалары менен тааныштырууга, аналитикалык билгиликти иштеп чыгууга, текст менен иштөөнүн жеке көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. «Ажур арасы» методу сабакта катышуучуларга чогуу иштөөгө жана аз убакыттын аралыгында көп маалыматтарды эстеп калууга арналган.<br>**Өткөрүү тартиби:**<br>Катышуучуларды 4 дискуссиялык чакан топторго бөлүштүрүү, ар бири өзүнө тиешелүү түстөгү (кызыл, сары, көк жана жазыл) жабышма баракка ээ.<br><br>**2-КАДАМ.**<br>Маалыматтык материалды таратуу:<br>**1-топко:** «Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызматтык адамынын статусу»<br>**2-топко:** «Жоруктар жөнүндө иштердин сотко чейинки өндүрүшү»<br>**3-топко:** «Жоруктар жөнүндө иштердин сот өндүрүшү»;<br>**4-топко:** «Жоруктар жөнүндө иштер боюнча жеке айыптоо». | **ТМ 2-1.** ДЧТ үчүн маалыматтык материалдын пакети **(4 нускадан):**<br>1. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын процесстик статусу;<br>2. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш;<br>3. Жоруктар жөнүндөгү иштердин соттук өндүрүшү;<br>4. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча жеке айыптоо | Кулбаев А. К. |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | **2.2. Машыктыруучу тарабынан 2-сессиянын жыйынтыктарын чыгаруу:** Катышуучулар сессияда КР жаңы ЖПК-сынын XVI бөлүмүндөгү 502-511-беренелери менен регламенттелген сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн процесстик тартибин билип калышты. Алгачкы текшерүү органынын кызматтык адамынын ыйгарым укуктарын окушту. Жоруктардын айрым түрлөрү боюнча жеке айыптоо иштери боюнча өндүрүштүн жаңы эрежелерин билип калышты.<br><br>**2.3. Бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫКТАР:**<br>Жаңы институт киргизилди – жазыктык жорук. Жосундардын бул категориясы өзүнө анча оор эмес кылмыштарды жана жосундарды камтыйт, алар маңызы боюнча жазыктык болуп эсептелет, бирок анча чоң эмес зыян келтиргендигинен, административдик укук бузуулар тобуна киргизилген. Ошентип, орчундуу эмес өлчөмдө уурдоо, майда бейбаштык, үй-бүлөдөгү зомбулук ж.б. түшүнүктөр пайда болду.<br>Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн процесстик тартиби – бул КР ЖПКсынын айрым бөлүмдөрү менен регламенттелген өзгөчө, тездетилген жана жөнөкөйлөтүлгөн тартип. Жаңы ЖПКда жазык процессинин жаңы субъектиси бар – бул алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы. Ал жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырат. КР жаңы ЖПКсында жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу алгачкы текшерүү органдары аныкталган. | Ар бир катышуучу 2 дискуссиялык чакан топко кирет – «үй» тобуна жана «эксперттик» топко. Ар бир топто ар бир катышуучу ар башка түстүү жабышма баракчага ээ.<br>Катышуучуларды алар кайсы бир тема боюнча эксперт боло турган алардын «түстүү» тобуна өтүүнү сураныңыз. Мисалы, бардык «кызылдарды» бөлмөнүн бир бурчуна чогултуңуз, «көктөр» холдо чогулушу керек. Ар бир топто «үй» тобунун өкүлү болууга тийиш. Мисалы, кызыл топто 4 катышуучу болууга тийиш.<br>Топ өз материалдарын окуп, бул тема боюнча эксперт болууга тийиш.<br><br>**3-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучуларга төмөнкүдөй тапшырма берет:<br>а) ролдорду бөлүштүргүлө: баяндамачы, хронометрист (убакытты карап турган), суроо берүүчү;<br>б) өз материалыңыздардын пакетин окуп чыгыңыздар;<br>в) Ар бир адам материалды түшүнөрүн билиш үчүн бири-бириңиздерден сураңыздар.<br><br>**4-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучуларга суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгерде пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**5-КАДАМ. Машыктыруучунун көнүгүүдөн кийинки резюмеси:**<br>КР жаңы ЖПКсында сот өндүрүшүнүн тартиби, жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби кыйла жөнөкөйлөтүлгөн жана тездетилген. Мындан тышкары, жаңы ЖПК алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын процесстик статусун аныктайт. Жоруктардын айрым түрлөрү боюнча ЖКПда сот өндүрүшүнүн жеке тартиби каралган. | **ТМ 2-2.** «Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүш» Power Point Presentation | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **6-КАДАМ.** Машыктыруучу мини-лекциясын «Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш» Power Point Presentation жардамы менен өткөрөт **(ТМ 2-2.)**<br><br>**7-КАДАМ.** Машыктыруучу **бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАРАТ.**<br><br>**8-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».<br>Бардык машыктыруучулар жана эксперттер катышуучулардын суроолоруна жооп беришет. | | |
| 15:00-15:30 | **Жыйынтыктоочу сессия.**<br>«КР жаңы жазык-процесстик мыйзамы боюнча жазыктык жоруктар үчүн жоопкерчилик» **тренинги боюнча жыйынтык чыгаруу жана аны аяктоо Тренингди баалоо** | | **ТМ 3-1.** Баалоо анкетасы | |

# КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

# ТРЕНИНГ ЖАҢЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК МЫЙЗАМДАР БОЮНЧА ЖАЗЫКТЫК ЖОРУКТАР ҮЧҮН КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИК

Өткөрүү күнү: ___________________________

Өткөрүү жери: ___________________________

Катышуучулары: ___________________________

## ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| **08:45 – 09:00** | **Каттоо** |
| **09:00 – 09:10** | **Тренингдин максаттары жана милдеттери** |
| **09:10 – 11:00** | **1-сессия.** Жазыктык жоруктар: түшүнүгү, белгилери, жоопкерчилик<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_______________________________________ |
| **11:00 – 11:30** | **Тыныгуу** |
| **11:30 –13:00** | **2-сессия.** Жазыктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүш<br><br>Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү_______________________________________ |
| **13:00 – 14:00** | **Түштөнүү** |
| **14:00 –14:30** | **Жыйынтык чыгаруу** |

**15-берене. Жорук түшүнүгү**

1. Жорук субъектиси жасаган, инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун жараткан, ушул Кодексте жаза чарасы каралган күнөөлүү, укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) жорук деп таанылат.
2. Ушул Кодекске ылайык, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде түшүнүлгөндөй оор же олуттуу болуп эсептелбеген зыян келтирген атайылап же абайлабай жасалган жосун, ошондой эле орчундуу зыян келтирүү коркунучун жараткан атайылап жасалган жосун укукка каршы деп таанылат.

**18-берене. Кылмыш түшүнүгү**

3. Жазык мыйзамында каралган коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазаланууучу жосун (аракет же аракетсиздик) кылмыш деп таанылат.
4. Ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүндө каралган, жосундун белгилерине формалдуу жана туура келген, бирок анчалык маанилүү эместигинен коомго коркунуч келтирбеген аракет же аракетсиздик кылмыш болуп саналбайт.

**ТМ 1-4.**

## №1 КАЗУС
## «ПЕШКОВДУН ИШИ»

А. Пешков кечинде үйүнө бара жатып, азык-түлүк дүкөнүнүн алдында турган товарларды жеткирүүчү жүк ташуучу машинаны көрүп калды. Жүк ташуучу машина кароосуз, азыктар жана ичкилик менен жүктөлүп турган. А. Пешков көпкө ойлонбой, ыңгайлуу кырдаалдан – айдоочу менен жүк ташуучунун жоктугунан пайдаланып, машинадан 1500 сомго азыктардан жана спирт ичимдигин алып, үйүнө жөнөдү. Үйүнө жетип, тамакка тоюп, спирт ичимдигин мас болгончо ичип, эшикке сейилдеп келүүнү чечти. Подъездден чыгып жатып, В. Иванов деген кошунасын көрүп калды. Аны менен мурда чатакташып жүрчү. А. Пешков чатактарын эстеп кетип, В. Ивановду бир нече жолу муштуму менен муштап, таяк менен чапты. Сабоонун натыйжасында кошуна ооруканага жатып калды. Соттук-медициналык экспертизанын бүтүмүндө В. Ивановдун ден соолугуна анын ишке жарактуулугун үчтөн бир бөлүгүнө чейин төмөндөтүүчү зыян келтирилгендиги белгиленген.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн тапшырма:**
Кылмыш жана жорук үчүн жазалоонун дайындалышын аныктоо.

**ТМ 1-5.**

## №2 КАЗУС
## «МАМБЕТАЛИЕВДИН ИШИ»

Мамбеталиев 1-октябрда бошонуу уруксатын алып, аскер бөлүгүнө 3 суткадан кийин келип калышы керек болчу. Бирок өз айылына келгенден кийин классташынын үйлөнүү тоюна катышуу үчүн калып, аскер бөлүгүнө 12-октябрда кайтты.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн тапшырма:**
Жазык укук бузуунун курамын жана жазалоону аныктоо.

**КМ 1-6.**

## №3 КАЗУС
## «СИДОРОВДУН ИШИ»

Сидоров «Алсу» кафесинде – коомдук жайда жүрүп, аны тейлөө талабы менен официант аялдын колун кармап, одоно түрдө аны силкти. Официант аял Алиеванын колунда графин жана рюмкалар жайгашкан поднос жерге түшүп, сынып калды. Кафенин администрациясы укук коргоо органдарынын кызматкерлерин чакырды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
Күнөөлүүнүн аракеттерин квалификациялаңыздар.

**ТРЕНИНГ**
**ЖАҢЫ КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК МЫЙЗАМДАР БОЮНЧА ЖАЗЫКТЫК ЖОРУКТАР ҮЧҮН КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИК**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ**

КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган.

КР Президенти тарабынан 2017-жылдын 1-февралында кол коюлган.

Ишке 2019-жылдын 1-январынан киргизилет.

2

**№1 ТАПШЫРМА**

4 команданын капитандарына: **“жорук” менен “кылмышты”** түшүнүүдөгү жана алардын аныктамаларындагы принциптүү жана концептилик айырмаларды аныктоо жана визуалдуу түрдө чагылдыруу

**Аткаруу убактысы: тез аткаруу талабы коюлат**

3

| 18-БЕРЕНЕ. КЫЛМЫШ ТҮШҮНҮГҮ | 15-БЕРЕНЕ. ЖОРУК ТҮШҮНҮГҮ |
|---|---|
| 1. Жазык мыйзамында каралган коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик) **кылмыш** деп таанылат.<br>2. Ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүндө каралган, жосундун белгилерине формалдуу жана туура келген, **бирок анчалык маанилүү эместигинен коомго коркунуч келтирбеген** аракет же аракетсиздик кылмыш болуп саналбайт. | 1. Жорук субъектиси жасаган, инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун жараткан, ушул Кодексте жаза чарасы каралган күнөөлүү, укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) **жорук** деп таанылат. |

4

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

- КР КЖКсына окшоштурулуп түзүлгөн. ЖжКнын айрым институттары КР КЖКсынын институттарына дал келет. Бирок айырмачылыктары да бар.
- **Жоруктун кылмышка караганда төмөнкүдөй айырмачылыгы** бар: жорук кылмыш-жаза кодексинин түшүнүгүндө оор жана олуттуу болбогон зыянды атайын же кокустуктан келтириши мүмкүн, ошону менен бирге атайын жасалган жорук олуттуу зыян келтирүү коркунучун жаратат.
- Ушул **формалдуу белгилер** боюнча жорук кылмыштан айырмаланат. Ошондуктан жорук үчүн жоопкерчилик КР КЖКсында каралган кылмыштардын белгилери жок болгон учурларда орун ээлейт.
- Жазыктык жоруктар үчүн **жоопкерчилик эркиндигинен ажыратууга алып келбейт**, ал эми жазыктык жорук жасагандыгы үчүн адамды жоопкерчиликке тартуу анын **соттуулугуна** алып келбейт жана бул адам тарабынан анын укуктарын жүзөгө ашырууга таасир этпейт (мамлекеттик кызмат өтөөгө ж.б.).

5

## ЖОРУКТУН СУБЪЕКТИСИ (18-БЕРЕНЕ)

Жорукту жасаганга чейин он алты жашка чыккан, акыл-эси соо жеке жак жоруктун субъектиси болуп саналат.

6

## №2-ТАПШЫРМА

**1-топ үчүн** – ЖжКнын жалпы бөлүгүнүн жаңы жана кызыктуу, көңүл бурууну талап кылуучу ченемдерин жана терминдерин белгилөө;
**2-топ үчүн** – ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнө, “инсанга каршы” жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдерге сереп салуу;
**3-топ үчүн** ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнө, “мамлекетке каршы” жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдерге сереп салуу;
**4-топ үчүн** ЖжКнын өзгөчө бөлүгүнө, “коомго каршы” жоруктар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдерге сереп салуу.

**Аткаруу мөөнөтү: 20 мүн.**

7

## КР ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНИН ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮГҮ

- Жоруктун объектисинин белгилери боюнча топтолгон жоруктардын конкреттүү составын караштырган ченемдердин жыйындысы.
- КР КЖКсында (1997-ж.) жайгашкан анча оор эмес кылмыштардан жана административдик жоопкерчилик кодексинде жайгашкан укук бузуулардын бир бөлүгүнөн турат.

8

## №3 ТАПШЫРМА

Казустар менен 3 чакан топто иштөө

**Аткаруу мөөнөтү: 20 мүнөт**

9

## ЖАЗАЛООЛОРДУН ГРАДАЦИЯСЫ

- Коомдук иштер – 2 категория (45-берене);
- Эркиндигин чектөө 2 категория (46-берене);
- Белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу – 2 категория (47-берене);
- Түзөтүү жумуштары – 2 категория (49-берене);
- Аскер кызматчыларына карата камак – 2 категория (50-берене).

10

## ЖАЗА БОЛУП САНАЛБАГАН ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮНҮН МАЖБУРЛООЧУ БАШКА ЧАРАЛАРЫ

- Материалдык зыяндын жана моралдык залалдын ордун толтуруу (59-берене);
- Жорук жасоонун мүлкүн, куралдарын жана каражаттарын конфискациялоо (60-берене);
- Өлкөдөн чыгарып жиберүү (61-берене).

11

## МАЖБУРЛООЧУ МҮНӨЗГӨ ЭЭ БОЛБОГОН ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮ ЧАРАЛАРЫ (9-ГЛАВА)

- Жорук үчүн жазалоонун жоюлушуна байланыштуу жоопкерчиликтен бошотуу (38-берене);
- Тараптардын жарашуусуна байланыштуу жорук жоопкерчилигинен бошотуу (39-берене);
- Ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунун негизинде жорук жоопкерчилигинен бошотуу (40-берене);
- Эскирүү мөөнөтү өткөнүнө байланыштуу жорук жоопкерчилигинен бошотуу (41-берене).

12

## БИРИНЧИ ТОП

**Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби төмөнкүлөр менен аныкталат:**

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын «XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» деп аталган атайын бөлүмү менен (502-511-беренелер);
- КР ЖПКсынын «Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш» деп аталган 44-главасы менен (353-355-беренелер).

**1) Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы (5-берене, 52-пункту; 38-берене.)**

- Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы – жоруктар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жүзөгө ашыруучу кызмат адамы;
- Мыйзамда прокурордун макулдугун, тергөө судьясынын ушул Кодексте белгиленген чечимин алуу каралган учурларды кошпогондо, жоруктар жөнүндө иштер боюнча бардык чечимдерди алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өз алдынча кабыл алат жана алардын мыйзамдуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

**2) Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын ыйгарым укуктары (39-берене)**

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:
- ушул Кодекстин талаптарына ылайык жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүгө;
- жабырлануучунун материалдык залалдарын жана моралдык зыяндарынын ордун толтурууга чараларды көрүүгө;
- окуя жана ага тиешелүү адамдар жөнүндө маалыматтарды камтыган материалдарды, документтерди талап кылууга;
- тиешелүү мамлекеттик жана башка органдардан адистерди, эксперттерди берүүнү талап кылууга;
- зарыл болгон учурда иш боюнча өндүрүшкө котормочуну тартууга;
- жорук жасагандыгына негиздүү шектенүү бар адамды кармоого;
- жабырлануучу деп таанууга;
- котормочуга, адиске, экспертке карата билдирилген четтетүүлөрдү чечүүгө;
- жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө байланыштуу өтүнүчтөрдү чечүүгө;
- компетенциясынын чектеринде даттанууларды чечүүгө;
- жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү токтото туруу, кайра жаңылоо, кыскартуу жөнүндө токтом чыгарууга;
- шектүүнү, айыпталуучуну жана жабырлануучуну медиатор менен маалыматтык жолугушууга жиберүүгө;
- прокурордун жана алгачкы текшерүү органынын начальнигинин жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрүн жана тапшырмаларын аткарууга;
- ушул Кодексте каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга.

**3) Алгачкы текшерүү органынын начальниги (КР ЖПК, 40-берене)**

- Алгачкы текшерүү органынын начальниги алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү ишке ашырууну тапшырат.

- Алгачкы текшерүү бөлүмүнүн начальнигинин иш боюнча көрсөтмөлөрү жазуу жүзүндө берилет жана аткаруу үчүн милдеттүү, бирок прокурорго даттанылышы мүмкүн. Даттануу көрсөтмөлөрдүн аткарылышын токтотпойт.

**4) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу алгачкы текшерүү органдары (КР ЖПК, 503-берене)**

Жоруктар жөнүндө иштердин сотко чейинки өндүрүшүн төмөнкү органдар жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу:

1. Ички иштер органдары

- Ден соолукка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 65 – 74-беренелери), жашы жете электердин кызыкчылыктарына жана үй-бүлө мамилелеринин калыбына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 75 – 81-беренелери), инсандын саясий, социалдык-экономикалык жана эмгектик укуктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 82 – 84, 86-89-беренелери), менчикке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 90-96-беренелери), коммерциялык жана башка уюмдарда кызматтын кызыкчылыгына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 114-беренеси), өндүрүштүн коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 115, 116, 118-беренелери), коомдук тартипке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 119-122-беренелери), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 125-129, 131, 132-беренелери), экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 133-144, 146, 147-беренелери), айыл чарбасындагы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 148, 149-беренелери), кыймылдын жана транспортту пайдалануунун коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 150 – 158-беренелери), сот бийлигине жана далилдерди алуунун процесстик тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 162-167-беренелери), башкаруу тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 168 – 175-беренелери) жоруктар жөнүндө иштер.

2. Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча орган

- Инсандын саясий, социалдык-экономикалык жана эмгектик укуктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 85-беренеси), экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 97 –101, 103 –109-беренелери), акча-кредиттик жана валюталык чөйрөдөгү (Жоруктар жөнүндө кодекстин 110, 112-беренеси), коммерциялык жана башка уюмдардагы кызмат кызыкчылыктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 113-беренеси), маалыматтык коопсуздукка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 159, 160-беренеси), шаар куруучулук жана архитектуралык иш-аракетке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 161-беренеси) жоруктар жөнүндө иштер.

3. Бажы органы

- Экономикалык иш-аракетти жүргүзүүнүн тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 102-берене), акча-кредиттик жана валюталык чөйрөдөгү (Жоруктар жөнүндө кодекстин 111-беренеси), өндүрүштүн коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 117-беренеси), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 130-беренеси), экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 145-беренеси) жоруктар жөнүндө иштер.

4. Аскер бөлүктөрү, бирикмелер жана аскердик мекемелер, чек ара бөлүктөрү

- Аскерге чакырылуучулардын, резервисттердин жана аскерге милдеттүүлөрдүн жоруктары (Жоруктар жөнүндө кодекстин 176-178-беренелери), аскер кызматчыларынын жоруктары (Жоруктар жөнүндө кодекстин 179-186-беренелери) жөнүндө иштер.

5. Жазаларды аткаруу мекемелери, тергөө изоляторлору

- Жазыктык-аткаруу системасынын мекемелеринин аймагында жасалган жоруктар жөнүндө иштер.

Ушул беренеде каралган ар кандай алгачкы текшерүү органдарына тиешелүү болгон жоруктардын жыйындысында сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктар оордугу баарынан чоң жорук боюнча аныкталат (КР ЖПК, 503-берене, 7-бөлүк).

## ЭКИНЧИ ТОП

**Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби төмөнкүлөр менен аныкталат:**

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын «XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» деп аталган атайын бөлүмү менен (502 – 511-беренелер);
- КР ЖПКсынын «Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш» деп аталган 44-главасы менен (353 – 355-беренелер).

**1) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жалпы жоболору (КР ЖПК, 504-берене)**

- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган бардык тергөө аракеттерин жүргүзүүгө укуктуу.
- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштө жорук жасагандыгы боюнча шектелип жаткан адамга карата камакка алуу, үй камагы түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга жол берилбейт.
- Жорук жасады деп шектелген адамдан алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жана соттун чакыруусу боюнча келүү жана аларга жашаган жеринин өзгөрүүсү жөнүндө билдирүү тууралуу тилкат алынат. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына же сот отурумуна келбеген учурда адам алынып келиши мүмкүн.
- Өзгөчө учурларда ушул Кодекстин 98-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо жорук жасады деп шектелген адамга карата кармоо колдонулушу мүмкүн.
- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш жорукту жасады деген шектенүү тууралуу адамга билдирилген учурдан тартып жыйырма күндөн кечиктирилбестен аяктоого тийиш.
- Эгерде бир эле адам жорук жана кылмыш жасаса, сотко чейинки өндүрүш тергөө формасында жүзөгө ашырылат (КР ЖПК, 505-б.).

**2) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү кыскартуу (КР ЖПК, 506-берене)**

- Ушул Кодекстин 26-беренесинде каралган негиздер бар болсо, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өндүрүштү кыскартат.

**3) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү бүткөрүү (КР ЖПК, 507-берене)**

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш, аны менен шектелүүчүнү, анын жактоочусун жана жабырлануучуну иштин материалдары менен Тааныштыруу жана айыптоо актысын түзүү менен аяктайт.
Айыптоо актысында төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:
- аны түзүүнүн убактысы жана орду, ким түзгөн;
- шектүүнүн фамилиясы, ысмы жана атасынын ысмы, туулган күнү, айы, жылы жана орду;
- жорукту жасоонун убактысын, ордун, ошондой эле ушул Кодекстин 83-беренесине ылайык далилдөнүүгө тийиш болгон башка жагдайларды көрсөтүү менен аны баяндоо;
- Жоруктар жөнүндө кодекстин жоопкерчиликти караган беренеси, бөлүгү, пункту;
- жабырлануучу, ага келтирилген залалдын мүнөзү жана өлчөмү жөнүндө маалыматтар;
- иштин материалдары менен таанышканда арыздар жана өтүнмөлөр.
Айыптоо актысына иштин материалдары, ошондой эле сотко чакырылууга тийиш болгон адамдардын тизмеси тиркелет.

Айыптоо актысы бекитилгенден кийин прокурор айыпталуучуга айыптоо актысынын көчүрмөсүн тапшырууну камсыз кылат. Эгерде жабырлануучу өтүнүч билдирсе, аталган документтин көчүрмөсү ага да тапшырылат. Айыпталуучунун жана жабырлануучунун аталган документтин көчүрмөсүн алгандыгы жөнүндө тилкаттары ишке кошулат. Айыптоо актысын прокурор бекиткен учурдан тартып жорук жасаган адам айыпталуучу деп аталат.

**4) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча прокурордун чечими (КР ЖПК, 508-берене)**

Ушул главанын тартибинде аяктаган иш келип түшкөндө, прокурор келип түшкөн материалдарды 3 сутканын ичинде текшерүүгө жана төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алууга милдеттүү:

1) айыптоо актысын бекитүү жана ишти сотко жиберүү;

2) айыптоо актысын бекитүүдөн баш тартуу жана иштин материалдарын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен 10 күндөн ашпаган мөөнөттө кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жиберүү;

3) ушул Кодекстин 26-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо ишти токтотуу.

## ҮЧҮНЧҮ ТОП

**Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби төмөнкүлөр менен аныкталат:**

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын «XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» деп аталган атайын бөлүмү менен (502 – 511-беренелер);
- КР ЖПКсынын «Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш» деп аталган 44-главасы менен (353 – 355-беренелер).

**1) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сот өндүрүшү**

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сот өндүрүшүнүн тартиби КР ЖПКда каралган соттук териштирүүнүн жалпы эрежелери менен аныкталат (КР ЖПК, 510-берене).

Соттук териштирүү башталганга чейин судья келип түшкөн иш боюнча төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө;

2) ишти сотко караштуулугу боюнча жөнөтүү жөнүндө;

3) алдын ала угууну дайындоо жөнүндө;

4) сот отурумун дайындоо жөнүндө. (КР ЖПК, 268-б.)

Жорук жөнүндө иш аны сотто кароо башталган күндөн тартып 15 күндөн кеч эмес мөөнөттө судья тарабынан маңызы боюнча каралууга тийиш (КР ЖПК, 274-б.).

**2) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча жөнөкөйлөтүлгөн сот өндүрүшү**

- Эгерде жоруктун фактысы ачык-айкын, аны жасаган адам белгилүү болсо, ал күнөөсүн мойнуна алса далилдерди, жоруктун натыйжасында болгон залалдын мүнөзүн жана өлчөмүн талашпаса, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы айыптоо актысында соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн, өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмө билдирет.
- Айыптоо актысына соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөгө шектелүүчүнүн өз күнөөсүн мойнуна алгандыгы жана соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгарууга макул экендиги жөнүндө анын жактоочусунун катышуусунда түзүлгөн жазуу жүзүндөгү арызы тиркелет (КР ЖПК, 509-б.).
- Соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөсү бар ишти судья ал келип түшкөндөн кийин 5 күндүк мөөнөттө иликтеп чыгат жана өкүм чыгарат.

- Соттук териштирүү жүргүзүлбөөчү сот отуруму айыпталуучунун жана анын жактоочусунун милдеттүү катышуусу менен өткөрүлөт.
- Судья айыпталуучудан ага коюлган айып ага түшүнүктүү экендигин, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгарууга макулдугун, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруунун натыйжаларын түшүнө тургандыгын сурайт. Сот отуруму на жабырлануучу катышканда, судья андан соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөгө карата мамилесин териштирет.
- Эгерде судья айыпталуучу макул болгон айыптоо негизделген иш боюнча жыйналган далилдер менен ырасталган деген тыянакка келсе, айыптоо өкүмүн чыгарат жана айыпталуучуга жаза дайындайт, бул жаза жасалган жорук үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн же максималдуу жазапул өлчөмүнүн үчтөн экисинен ашпоого тийиш.
- Өкүмдү жарыялагандан кийин судья тараптарга аны даттануунун укугун жана тартибин, анын ичинде өкүм иштин материалдарынын изилденбегендигинин жана соттун тыянактары ишин иш жүзүндөгү жагдайларына шайкеш келбегендигинин негиздери боюнча апелляциялык тартипте даттанылбай тургандыгын түшүндүрөт.
- Процесстик чыгымдар айыпталуучудан өндүрүлүп алууга жатпайт.

## ТӨРТҮНЧҮ ТОП

**Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби төмөнкүлөр менен аныкталат:**

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын «XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» деп аталган атайын бөлүмү менен (502 – 511-беренелер);
- КР ЖПКсынын «Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш» деп аталган 44-главасы менен (353 – 355-беренелер).

### 1) Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча жеке айыптоо

Жеке айыптоо иштерине төмөнкүлөр кирет:
«Уруп-сабоо» деген 65-беренесинде,
«Ден соолукка жеңил зыян келтирүү» деген 66-беренесинде,
«Абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү» деген 67-беренесинде,
«Венерикалык ооруу жугузуу» деген 68-беренесинде,
«Абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу» деген 84-беренесинде каралган жоруктар (КР ЖПК, 23-берене, 2-бөлүк).

### 2) Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүштүн башталышы (КР ЖПК, 353-берене)

- Ушул Кодекстин 23-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш Жоруктар жөнүндө кодексте каралган башка адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө адамдын сотко берген арызы боюнча башталат.
- Арызда берилген соттун аталышы; жоруктун жасалган жерин жана убактысын көрсөтүү менен ошол окуяны баяндоо, далилдер; ишти өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө сотко өтүнүч; жоопкерчиликке тартылуучу адам жөнүндө маалымат; сот чакырууга тийиш болгон күбөлөрдүн тизмеси камтылууга тийиш. Арызга аны берген адам кол коёт.
- Арыз жекече айыптоо иши боюнча өзүнө карата өндүрүш башталып жаткан адамдардын саны боюнча көчүрмөлөр менен сотко берилет.
- Сот арызды өз өндүрүшүнө кабыл алган учурдан баштап арыз берген адам жекече айыптоочу болуп саналат жана ага ушул Кодекстин 42-беренесинде каралган укуктар түшүндүрүлүүгө тийиш.

**3) Соттук териштирүү башталганга чейин жекече айыптоо иши боюнча судьянын ыйгарым укуктары (КР ЖПК, 354-берене)**

- Эгерде берилген арыз ушул Кодекстин 353-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнүн талаптарына жооп бербесе, аны берген адамга судья далилдерди берүүнү, мүчүлүштүктөрдү четтетүүнү сунуш кылат жана ал үчүн мөөнөттөрүн белгилейт. Көрсөтмөлөр аткарылбаган учурда судья өзүнүн токтому менен арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат жана бул тууралуу арыз ээсине билдирет. Арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу тууралуу токтом апелляциялык тартипте 5 сутканын ичинде даттанылышы мүмкүн.
- Жекече айыптоочунун өтүнүчү боюнча судья далилдерди чогултууга көмөк көрсөтүүгө тийиш.
- Арыз келип түшкөн учурдан баштап 7 суткага чейинки мөөнөттө соттук отурумду баштоо үчүн негиз болгон учурда, судья арыз берилген адамды чакырып, аны иштин материалдары менен тааныштырууга, берилген арыздын көчүрмөсүн тапшырууга жана ушул Кодекстин 47-беренесинде каралган сот отурумундагы айыпталуучунун укугун түшүндүрүүгө жана ошол адамдын пикири боюнча аны коргоочу күбө катары сотко кимди чакыруу керектигин тактоого милдеттүү.
- Судья тараптарга элдешүү, анын ичинде медиатордун жардамы менен элдешүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүүгө милдеттүү. Алардан келишүү жөнүндө арыз келип түшкөн учурда иш боюнча өндүрүштү судья Жоруктар жөнүндө кодекстин 39-беренесинин негизинде токтом менен кыскартат.
- Эгерде тараптардын ортосунда жарашууга жетишилбесе, судья ушул берененин 3 жана 4-бөлүктөрүнүн талаптары аткарылгандан кийин ушул Кодекстин 271-беренесинин эрежелери боюнча ишти кароону баштайт.

**4) Сот отурумунда ишти териштирүү (КР ЖПК, 355-берене)**

- Жекече айыптоо иши боюнча арызды кароо утурлаган арызды кароо менен бир өндүрүшкө бириктирилиши мүмкүн. Бириктирүүгө соттук териштирүү башталганга чейин судьянын токтому боюнча жол берилет. Арыздарды бир өндүрүшкө бириктирүүдө, аларды берген адамдар бир эле учурда жекече айыптоочу жана айыпталуучу катары процесске катышат. Каршы даттануу келип түшкөндүгүнө жана каршы даттануу берилген адамдын өтүнүчү боюнча өндүрүштү бириктирүүгө байланыштуу коргоого даярдануу үчүн иш 3 суткадан ашык эмес мөөнөткө жылдырылышы мүмкүн. Алардын өздөрүнүн даттанууларында баяндалган жагдайлар жөнүндө бул адамдарга сурак жүргүзүү жабырлануучуну суракка алуунун эрежелери боюнча жүргүзүлөт, ал эми каршы даттанууда баяндалган шарттар тууралуу – айыпталуучуну суракка алуу эрежелери боюнча жүргүзүлөт.
- Сот отурумунда жекече айыптоо иши боюнча айыптоону жекече айыптоочу же анын өкүлү колдойт.
- Жекече айыптоо иши боюнча соттук териштирүү аны берген адамдын же анын өкүлүнүн арызын жарыялоо менен башталат.
- Сот отурумуна жекече айыптоочунун же анын өкүлүнүн жүйөлүү себепсиз келбей калышы берилген арыздан баш тартууну билдирет жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга алып келет.
- Жеке айыптоо иштери боюнча өндүрүш тараптардын жарашууларына байланыштуу кыскартылууга тийиш. Тараптардын жарашуусуна сот өкүм чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө чыгып кеткенге чейин жол берилет.

# ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ

СУРООЛОР:

1. АЛГАЧКЫ ТЕКШЕРҮҮ ОРГАНЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ КЫЗМАТ АДАМЫ
2. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШ
3. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТТУК ӨНДҮРҮШ
4. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ЖЕКЕ АЙЫПТОО

## ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮН ТАРТИБИ ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН АНЫКТАЛАТ:

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын “XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ” деп аталган атайын бөлүмү менен (502 – 511-беренелер);
- КР ЖПКсынын “Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш” деп аталган 44-главасы менен (353 – 355-беренелер).

2

## 1. АЛГАЧКЫ ТЕКШЕРҮҮ ОРГАНЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ КЫЗМАТ АДАМЫ

Жоруктар жөнүндө иштердин сотко чейинки өндүрүшүн төмөнкү органдар жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу:

1. Ички иштер органдары
2. Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча орган
3. Бажы органы
4. Аскер бөлүктөрү, бирикмелер жана аскердик мекемелер, чек ара бөлүктөрү
5. Жазаларды аткаруу мекемелери, тергөө изоляторлору

Ушул беренеде каралган ар кандай алгачкы текшерүү органдарына тиешелүү болгон жоруктардын жыйындысында сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктар оордугу баарынан чоң жорук боюнча аныкталат (КР ЖПК, 503-берене, 7-бөлүк).

3

## АЛГАЧКЫ ТЕКШЕРҮҮ ОРГАНЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ КЫЗМАТ АДАМЫ (5-БЕРЕНЕ, 52-ПУНКТ; 38-БЕРЕНЕ.)

- Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы – жоруктар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жүзөгө ашыруучу кызмат адамы;
- Мыйзамда прокурордун макулдугун, тергөө судьясынын ушул Кодексте белгиленген чечимин алуу каралган учурларды кошпогондо, жоруктар жөнүндө иштер боюнча бардык чечимдерди алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өз алдынча кабыл алат жана алардын мыйзамдуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

4

## АЛГАЧКЫ ТЕКШЕРҮҮ ОРГАНЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ КЫЗМАТ АДАМЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ (39-БЕРЕНЕ)

1) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү;
2) Жабырлануучунун материалдык залалдарын жана моралдык зыяндарынын ордун толтурууга чараларды көрүү;
3) Окуя жана ага тиешелүү адамдар жөнүндө маалыматтарды камтыган материалдарды, документтерди талап кылуу;
4) Тиешелүү мамлекеттик жана башка органдардан адистерди, эксперттерди берүүнү талап кылуу;
5) Зарыл болгон учурда иш боюнча өндүрүшкө котормочуну тартуу;
6) Жорук жасагандыгына негиздүү шектенүү бар адамды кармоо;
7) Жабырлануучу деп таануу;
8) Котормочуга, адиске, экспертке карата билдирилген четтетүүлөрдү чечүүгө;
9) жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө байланыштуу өтүнүчтөрдү чечүү;
10) Компетенциясынын чектеринде даттанууларды чечүү;
11) Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү токтото туруу, кайра жаңылоо, кыскартуу жөнүндө токтом чыгаруу;
12) Шектүүнү, айыпталуучуну жана жабырлануучуну медиатор менен маалыматтык жолугушууга жиберүү;
13) Прокурордун жана алгачкы текшерүү органынын начальнигинин жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрүн жана тапшырмаларын аткаруу;
14) Башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

5

## АЛГАЧКЫ ТЕКШЕРҮҮ ОРГАНЫНЫН НАЧАЛЬНИГИ (КР ЖПК, 40-БЕРЕНЕ)

- Алгачкы текшерүү органынын начальниги алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү ишке ашырууну тапшырат.
- Алгачкы текшерүү бөлүмүнүн начальнигинин иш боюнча көрсөтмөлөрү жазуу жүзүндө берилет жана аткарылышы үчүн милдеттүү, бирок прокурорго даттанылышы мүмкүн. Даттануу көрсөтмөлөрдүн аткарылышын токтотпойт.

6

## 2. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШ

**Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жалпы жоболору (КР ЖПК, 504-берене)**

- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган бардык тергөө аракеттерин жүргүзүүгө укуктуу.
- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштө жорук жасагандыгы боюнча шектелип жаткан адамга карата камакка алуу, үй камагы түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга жол берилбейт.
- Жорук жасады деп шектелген адамдан алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жана соттун чакыруусу боюнча келүү жана аларга жашаган жеринин өзгөрүүсү жөнүндө билдирүү тууралуу тилкат алынат. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына же сот отурумуна келбеген учурда адам алынып келиши мүмкүн.
- Өзгөчө учурларда ушул Кодекстин 98-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо жорук жасады деп шектелген адамга карата кармоо колдонулушу мүмкүн.
- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш жорукту жасады деген шектенүү тууралуу адамга билдирилген учурдан тартып **20 күндөн кечиктирилбестен** аяктоого тийиш.
- Эгерде бир эле адам жорук жана кылмыш жасаса, сотко чейинки өндүрүш тергөө формасында жүзөгө ашырылат (КР ЖПК, 505-б.).

7

## ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮ КЫСКАРТУУ (КР ЖПК, 506-БЕРЕНЕ)

- Ушул Кодекстин 26-беренесинде каралган негиздер бар болсо, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өндүрүштү кыскартат.

8

## ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮ БҮТКӨРҮҮ (КР ЖПК, 507-БЕРЕНЕ)

- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш, аны менен шектелүүчүнү, анын жактоочусун жана жабырлануучуну иштин материалдары менен тааныштыруу жана айыптоо актысын түзүү менен аяктайт.

9

## АЙЫПТОО АКТЫСЫНДА ТӨМӨНКҮЛӨР КӨРСӨТҮЛҮҮГӨ ТИЙИШ:

1. аны түзүүнүн убактысы жана орду, ким түзгөн;
2. шектүүнүн фамилиясы, ысмы жана атасынын ысмы, туулган күнү, айы, жылы жана орду;
3. жорукту жасоонун убактысын, ордун, ошондой эле ушул Кодекстин 83-беренесине ылайык далилденүүгө тийиш болгон башка жагдайларды көрсөтүү менен аны баяндоо;
4. жоруктар жөнүндө кодекстин жоопкерчиликти караган беренеси, бөлүгү, пункту;
5. жабырлануучу, ага келтирилген залалдын мүнөзү жана өлчөмү жөнүндө маалыматтар;
6. иштин материалдары менен таанышканда арыздар жана өтүнмөлөр.

- Айыптоо актысына иштин материалдары, ошондой эле сотко чакырылууга тийиш болгон адамдардын тизмеси тиркелет.
- Айыптоо актысы бекитилгенден кийин прокурор айыпталуучуга айыптоо актысынын көчүрмөсүн тапшырууну камсыз кылат. Эгерде жабырлануучу өтүнүч билдирсе, аталган документтин көчүрмөсү ага да тапшырылат. Айыпталуучунун жана жабырлануучунун аталган документтин көчүрмөсүн алгандыгы жөнүндө тилкаттары ишке кошулат.
- Айыптоо актысын прокурор бекиткен учурдан тартып жорук жасаган адам айыпталуучу деп аталат.

10

## ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ПРОКУРОРДУН ЧЕЧИМИ (КР ЖПК, 508-БЕРЕНЕ)

Ушул главанын тартибинде аяктаган иш келип түшкөндө, прокурор келип түшкөн материалдарды **3 сутканын ичинде** текшерүүгө жана төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алууга милдеттүү:

1. айыптоо актысын бекитүү жана ишти сотко жиберүү;
2. айыптоо актысын бекитүүдөн баш тартуу жана иштин материалдарын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен **10 күндөн ашпаган мөөнөттө** кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жиберүү;
3. ушул Кодекстин 26-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо ишти токтотуу.

11

## 3. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ӨНДҮРҮШҮ

- Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сот өндүрүшүнүн тартиби КР ЖПКда каралган соттук териштирүүнүн жалпы эрежелери менен аныкталат (КР ЖПК, 510-берене).

12

Соттук териштирүү башталганга чейин судья келип түшкөн иш боюнча **3 суткадан кеч эмес мөөнөттө** төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1. ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө;
2. ишти сотко караштуулугу боюнча жөнөтүү жөнүндө;
3. сот отурумун дайындоо жөнүндө (КР ЖПК, 268-б.).

Жорук жөнүндө иш аны сотто кароо башталган күндөн тартып **15 күндөн кеч эмес мөөнөттө** судья тарабынан маңызы боюнча каралууга тийиш (КР ЖПК, 274-б.).

13

## ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ЖӨНӨКӨЙЛӨТҮЛГӨН СОТ ӨНДҮРҮШҮ

- Эгерде жоруктун фактысы ачык-айкын, аны жасаган адам белгилүү болсо, ал күнөөсүн мойнуна алса, далилдерди, жоруктун натыйжасында болгон залалдын мүнөзүн жана өлчөмүн талашпаса, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы айыптоо актысында соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн, өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмө билдирет.

- Айыптоо актысына соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөгө шектелүүчүнүн өз күнөөсүн мойнуна алгандыгы жана соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгарууга макул экендиги жөнүндө анын жактоочусунун катышуусунда түзүлгөн жазуу жүзүндөгү арызы тиркелет (КР ЖПК, 509-б.).

14

- Соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөсү бар ишти судья ал келип түшкөндөн кийин **5 күндүк мөөнөттө** иликтеп чыгат жана өкүм чыгарат.
- Соттук териштирүү жүргүзүлбөөчү сот отуруму айыпталуучунун жана анын жактоочусунун милдеттүү катышуусу менен өткөрүлөт.
- Судья айыпталуучудан ага коюлган айып ага түшүнүктүү экендигин, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгарууга макулдугун, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруунун натыйжаларын түшүнө тургандыгын сурайт. Сот отурумуна жабырлануучу катышканда, судья андан соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөгө карата мамилесин териштирет.
- Эгерде судья айыпталуучу макул болгон айыптоо негизделген иш боюнча жыйналган далилдер менен ырасталган деген тыянакка келсе, айыптоо өкүмүн чыгарат жана айыпталуучуга жаза дайындайт, бул жаза жасалган жорук үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн же максималдуу жазапул өлчөмүнүн үчтөн экисинен ашпоого тийиш.
- Өкүмдү жарыялагандан кийин судья тараптарга аны даттануунун укугун жана тартибин, анын ичинде өкүм иштин материалдарынын изилденбегендигинин жана соттун тыянактары ишин иш жүзүндөгү жагдайларына шайкеш келбегендигинин негиздери боюнча апелляциялык тартипте даттанылбай тургандыгын түшүндүрөт.
- Процесстик чыгымдар айыпталуучудан өндүрүлүп алынбайт.

15

## 4. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ИШТЕР БОЮНЧА ЖЕКЕ АЙЫПТОО

Жеке айыптоо иштерине төмөнкүлөр кирет:

«Уруп-сабоо» деген 65-беренесинде,

«Ден соолукка жеӊил зыян келтирүү» деген 66-беренесинде,

«Абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү» деген 67-беренесинде,

«Венерикалык оорну жугузуу» деген 68-беренесинде,

«Абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу» деген 84-беренесинде каралган жоруктар (КР ЖПК, 23-берене, 2-бөлүк).

16

## ЖЕКЕЧЕ АЙЫПТОО ИШИ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ (КР ЖПК, 353-БЕРЕНЕ)

- Ушул Кодекстин 23-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш Жоруктар жөнүндө кодексте каралган башка адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө адамдын сотко берген арызы боюнча башталат.
- Арызда берилген соттун аталышы; жоруктун жасалган жерин жана убактысын көрсөтүү менен ошол окуяны баяндоо, далилдер; ишти өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө сотко өтүнүч; жоопкерчиликке тартылуучу адам жөнүндө маалымат; сот чакырууга тийиш болгон күбөлөрдүн тизмеси камтылууга тийиш. Арызга аны берген адам кол коёт.
- Арыз жекече айыптоо иши боюнча өзүнө карата өндүрүш башталып жаткан адамдардын саны боюнча көчүрмөлөр менен сотко берилет.
- Сот арызды өз өндүрүшүнө кабыл алган учурдан баштап арыз берген адам жекече айыптоочу болуп саналат жана ага ушул Кодекстин 42-беренесинде каралган укуктар түшүндүрүлүүгө тийиш.

17

## СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ БАШТАЛГАНГА ЧЕЙИН ЖЕКЕЧЕ АЙЫПТОО ИШИ БОЮНЧА СУДЬЯНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ (КР ЖПК, 354-БЕРЕНЕ)

- Эгерде берилген арыз ушул Кодекстин 353-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнүн талаптарына жооп бербесе, аны берген адамга судья далилдерди берүүнү, мүчүлүштүктөрдү четтетүүнү сунуш кылат жана ал үчүн мөөнөттөрүн белгилейт. Көрсөтмөлөр аткарылбаган учурда судья өзүнүн токтому менен арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат жана бул тууралуу арыз ээсине билдирет. Арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу тууралуу токтом апелляциялык тартипте 5 сутканын ичинде даттанылышы мүмкүн.
- Жекече айыптоочунун өтүнүчү боюнча судья далилдерди чогултууга көмөк көрсөтүүгө тийиш.
- Арыз келип түшкөн учурдан баштап 7 суткага чейинки мөөнөттө соттук отурумду баштоо үчүн негиз болгон учурда, судья арыз берилген адамды чакырып, аны иштин материалдары менен тааныштырууга, берилген арыздын көчүрмөсүн тапшырууга жана ушул Кодекстин 47-беренесинде каралган сот отурумундагы айыпталуучунун укугун түшүндүрүүгө жана ошол адамдын пикири боюнча аны коргоочу күбө катары сотко кимди чакыруу керектигин тактоого милдеттүү.
- Судья тараптарга элдешүү, анын ичинде медиатордун жардамы менен элдешүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүүгө милдеттүү. Алардан келишүү жөнүндө арыз келип түшкөн учурда иш боюнча өндүрүштү судья Жоруктар жөнүндө кодекстин 39-беренесинин негизинде токтом менен кыскартат.
- Эгерде тараптардын ортосунда жарашууга жетишилбесе, судья ишти кароону баштайт.

18

## СОТ ОТУРУМУНДА ИШТИ ТЕРИШТИРҮҮ (КР ЖПК, 355-БЕРЕНЕ)

- Жекече айыптоо иши боюнча арызды кароо утурлаган арызды кароо менен бир өндүрүшкө бириктирилиши мүмкүн. Бириктирүүгө соттук териштирүү башталганга чейин судьянын токтому боюнча жол берилет. Арыздарды бир өндүрүшкө бириктирүүдө, аларды берген адамдар бир эле учурда жекече айыптоочу жана айыпталуучу катары процесске катышат. Каршы даттануу келип түшкөндүгүнө жана каршы даттануу берилген адамдын өтүнүчү боюнча өндүрүштү бириктирүүгө байланыштуу коргоого даярдануу үчүн иш 3 суткадан ашык эмес мөөнөткө жылдырылышы мүмкүн. Алардын өздөрүнүн даттанууларында баяндалган жагдайлар жөнүндө бул адамдарга сурак жүргүзүү жабырлануучуну суракка алуунун эрежелери боюнча жүргүзүлөт, ал эми каршы даттанууда баяндалган шарттар тууралуу – айыпталуучуну суракка алуу эрежелери боюнча жүргүзүлөт.
- Сот отурумунда жекече айыптоо иши боюнча айыптоону жекече айыптоочу же анын өкүлү колдойт.
- Жекече айыптоо иши боюнча соттук териштирүү аны берген адамдын же анын өкүлүнүн арызын жарыялоо менен башталат.
- Сот отурумуна жекече айыптоочунун же анын өкүлүнүн жүйөлүү себепсиз келбей калышы берилген арыздан баш тартууну билдирет жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга алып келет.
- Жеке айыптоо иштери боюнча өндүрүш тараптардын жарашууларына байланыштуу кыскартылууга тийиш. Тараптардын жарашуусуна сот өкүм чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө чыгып кеткенге чейин жол берилет.

19

# БААЛОО БАРАГЫ

Күнү: ________________

Темасы: ______________________________________________________________

_________________________________________________

**1. Өткөрүлгөн сабактар пайдалуу болдубу?**

1___________(жок)
2___________(жарым-жартылай пайдалуу)
3___________(ооба)
4___________(абдан пайдалуу)

**2. Сиз канчалык деңгээлде өткөрүлгөн семинардын максаттарына жеттиңиз?**

1___________(максаттарына жетпедик)
2___________(максаттарына жарым-жартылай жеттик)
3___________(максаттарына негизинен жеттик)
4___________(максаттарына толугу менен жеттик)

**3. Тренингдин методдорун кандайча баалайсыз?**

1___________(натыйжалуу эмес)
2___________(орточо)
3___________(жакшы)
4___________(мыкты)

**4. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе эң эле оор болду жана эмне себептен?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**5. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, маселе өтө кызыктуу болду жана эмне себептен?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**6. Сиздин оюңуз боюнча семинарды өткөрүүнүн уюштуруу жагы кандай болду?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**7. Семинардын уюштуруучуларына келечекке карай кандай каалоолоруңуз бар?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**8. Сиз кандай кошумча жардамга муктажсыз?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**9. Башка комментарийлер:**

# ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

**ТМ 1-5.**

## №1 КАЗУС
## «ПЕШКОВДУН ИШИ»

А. Пешков кечинде үйүнө бара жатып, азык-түлүк дүкөнүнүн алдында турган товарларды жеткирүүчү жүк ташуучу машинаны көрүп калды. Жүк ташуучу машина кароосуз, азыктар жана ичкилик менен жүктөлүп турган. А. Пешков көпкө ойлонбой, ыңгайлуу кырдаалдан – айдоочу менен жүк ташуучунун жоктугунан пайдаланып, машинадан 1500 сомго азыктардан жана спирт ичимдигин алып, үйүнө жөнөдү. Үйүнө жетип, тамакка тоюп, спирт ичимдигин мас болгончо ичип, эшикке сейилдеп келүүнү чечти. Подъездден чыгып жатып, В. Иванов деген кошунасын көрүп калды. Аны менен мурда чатакташып жүрчү. А. Пешков чатактарын эстеп кетип, В. Ивановду бир нече жолу муштуму менен муштап, таяк менен чапты. Сабоонун натыйжасында кошуна ооруканага жатып калды. Соттук-медициналык экспертизанын бүтүмүндө В. Ивановдун ден соолугуна анын ишке жарактуулугун үчтөн бир бөлүгүнө чейин төмөндөтүүчү зыян келтирилгендиги белгиленген.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн тапшырма:**
Кылмыш жана жорук үчүн жазалоонун дайындалышын аныктоо.

**ЧЕЧИМ:**
Орчундуу эмес өлчөмдө уурдоо – жорук, КР ЖжК, 90-берене.
Чечимдердин варианттары: айып же эркиндигинен ажыратуу.
Ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү – кылмыш, КР КЖК, 139-берене, 1-бөлүк. Жашаруу мүмкүн.

**ТМ 1-6.**

## №2 КАЗУС
## «МАМБЕТАЛИЕВДИН ИШИ»

Мамбеталиев 1-октябрда бошонуу уруксатын алып, аскер бөлүгүн 3 суткадан кийин келип калышы керек болчу. Бирок өз айылына келгенден кийин классташынын үйлөнүү тоюна катышуу үчүн калып калып, аскер бөлүгүнө 12-октябрда кайтты.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн тапшырма:**
Жазык укук бузуунун курамын жана жазалоону аныктоо

**ЧЕЧИМ:**
Камакка алуу, 2 категория

## №3 КАЗУС
## «СИДОРОВДУН ИШИ»

Сидоров «Алсу» кафесинде – коомдук жайда жүрүп, аны тейлөө талабы менен официант аялдын колун кармап, одоно түрдө аны силкти. Официант аял Алиеванын колундагы графин жана рюмкалар жайгашкан поднос жерге түшүп, сынып калды. Кафенин администрациясы укук коргоо органдарынын кызматкерлерин чакырды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн тапшырма:**
Күнөөлүүнүн аракеттерин квалификациялаңыздар

**ЧЕЧИМ:**
Административдик чечим жөнүндө протокол (майда ээнбаштык) – мурда ушундай квалификацияланган, азыркы учурда – бул жазык жорук. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш. КР ЖжК, 199-берене.
Коргонууга мүмкүнчүлүк берилет: ээнбаштык кылмышы же ээнбаштык жоругу.

# ТРЕНИНГ ТЕМАСЫ: «КР ЖАҢЫ ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК МЫЙЗАМЫ БОЮНЧА ЖАЗЫК ЖОРУКТАР ҮЧҮН КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИК»

## ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Катышуучуларга КР жаңы Жазык-процесстик мыйзамы боюнча жазык жоруктары үчүн каралган жоопкерчилик жөнүндө билим берүү

## КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. КР Кылмыш-жаза кодекси менен Жоруктар жөнүндө кодексиндеги ченемдердин түшүнүгү жана айырмачылыгы
2. Жаңы Жазык-процесстик кодекс боюнча жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш

## «ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» МИНИ-ЛЕКЦИЯСЫНА КАРАТА ТЕЗИСТЕР

**1-суроо. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын процесстик статусу**

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы - жоруктар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жүзөгө ашыруучу кызмат адамы (КР ЖПК 5-берене 52-пункту, 38-берене).

ИИМ системасынын, экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча органынын, бажы органынын, аскер бөлүгүнүн, бирикмелердин жана аскер мекемелеринин, чек алар бөлүктөрүнүн, жазаларды аткаруу мекемелеринин, тергөө изоляторлорунун алгачкы текшерүү органына карата алгачкы текшерүү органынын кызматтык адамы – бул мамлекеттик мекеменин жазык-процесстик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу, аттестацияланган кызматкери.

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы ага алгачкы текшерүү органынын начальниги жүктөгөн алгачкы текшерүүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат. Ушуга байланыштуу ал төмөнкүлөрдү аткарууга укуктуу:

- жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүгө;
- жабырлануучунун материалдык залалдарын жана моралдык зыяндарынын ордун толтурууга чараларды көрүүгө;
- окуя жана ага тиешелүү адамдар жөнүндө маалыматтарды камтыган материалдарды, документтерди талап кылууга;
- тиешелүү мамлекеттик жана башка органдардан адистерди, эксперттерди берүүнү талап кылууга;
- зарыл болгон учурда иш боюнча өндүрүшкө котормочуну тартууга;
- жорук жасагандыгына негиздүү шектенүү бар адамды кармоого;
- жабырлануучу деп таанууга;
- котормочуга, адиске, экспертке карата билдирилген четтетүүлөрдү чечүүгө;
- жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө байланыштуу өтүнүчтөрдү чечүүгө;
- компетенциясынын чектеринде даттанууларды чечүүгө;
- жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү токтото туруу, кайра жаңылоо, кыскартуу жөнүндө токтом чыгарууга;
- шектүүнү, айыпталуучуну жана жабырлануучуну медиатор менен маалыматтык жолугушууга жиберүүгө;
- прокурордун жана алгачкы текшерүү органынын начальнигинин жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрүн жана тапшырмаларын аткарууга;
- башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга.

Мыйзамда прокурордун макулдугун, тергөө судьясынын ушул Кодексте белгиленген чечимин алуу каралган учурларды кошпогондо, жоруктар жөнүндө иштер боюнча бардык чечимдерди алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өз алдынча кабыл алат жана алардын мыйзамдуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

**Алгачкы текшерүү органынын начальниги**

Алгачкы текшерүү органынын начальниги алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү ишке ашырууну тапшырат. Алгачкы текшерүү бөлүмүнүн начальнигинин иш боюнча көрсөтмөлөрү жазуу жүзүндө берилет жана аткарылууга милдеттүү, бирок прокурорго даттанылышы мүмкүн (КР ЖПК, 40-берене).

**2-суроо. Жоруктар жөнүндөгү иштердин ведомстволорго караштуулугу**

КР ЖПКсынын 503-беренесине ылайык жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү төмөнкү органдар жүзөгө ашырышат:

**1) Ички иштер органдары**

- Ден соолукка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 65 – 74-беренелери), жашы жете электердин кызыкчылыктарына жана үй-бүлө мамилелеринин калыбына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 75 – 81-беренелери) инсандын саясий, социалдык-экономикалык жана эмгектик укуктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 82 – 84, 86 – 89-беренелери), менчикке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 90 – 96-беренелери), коммерциялык жана башка уюмдарда кызматтын кызыкчылыгына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 114-беренеси), өндүрүштүн коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 115, 116, 118-беренелери), коомдук тартипке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 119 – 122-беренелери), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 125 – 129, 131, 132-беренелери), экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 133 – 144, 146, 147-беренелери), айыл чарбасындагы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 148, 149-беренелери), кыймылдын жана транспортту пайдалануунун коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 150 – 158-беренелери), сот бийлигине жана – далилдерди алуунун процесстик тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 162 – 167-беренелери), башкаруу тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 168 – 175-беренелери), Баңги каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун же прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү (Жоруктар жөнүндө кодекстин 123, 124-беренелери) жоруктар боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырышат.

**2) Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү органы**

- Инсандын саясий, социалдык-экономикалык жана эмгектик укуктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 85-беренеси), экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 97 – 101, 103 – 109-беренелери), акча-кредиттик жана валюталык чөйрөдөгү (Жоруктар жөнүндө кодекстин 110, 112-беренеси), коммерциялык жана башка уюмдардагы кызмат кызыкчылыктарына каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 113-беренеси), маалыматтык коопсуздукка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 159, 160-беренеси), шаар куруучулук жана архитектуралык иш-аракетке каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 161-беренеси) жоруктар боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырышат.

**3) Бажы органы**

- Экономикалык иш-аракетти жүргүзүүнүн тартибине каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 102-беренеси), акча-кредиттик жана валюталык чөйрөдөгү (Жоруктар жөнүндө кодекстин 111-беренеси), өндүрүштүн коопсуздугуна каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 117-беренеси), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 130-беренеси), экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы (Жоруктар жөнүндө кодекстин 145-беренеси) жоруктар боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырышат.

**4) Аскер бөлүктөрү, бирикмелери жана аскердик мекемелер, чек ара бөлүктөрү**

- Аскерге чакырылуучулардын, резервисттердин жана аскерге милдеттүүлөрдүн жоруктары (Жоруктар жөнүндө кодекстин 176 – 178-беренелери), аскер кызматчыларынын жоруктары (Жоруктар жөнүндө кодекстин 179 – 186-беренелери) жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырышат.

**5) Жазаларды аткаруу мекемелери жана тергөө изоляторлору**

- Жазыктык-аткаруу системасынын мекемелеринин аймагында жасалган жоруктар боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырышат.

7. Ушул беренеде каралган ар кандай алгачкы текшерүү органдарына тиешелүү болгон жоруктардын жыйындысында сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктар оордугу баарынан чоң жорук боюнча аныкталат (КР ЖПК 503-беренесинин 7-бөлүгү).

### 3. Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби:

Жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүштүн тартиби төмөнкүлөр менен аныкталат:

- КР ЖПК жалпы эрежелери менен;
- КР ЖПКсынын «XVI БӨЛҮМ. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ» деп аталган атайын бөлүмү менен (502 – 511-беренелер);
- КР ЖПКсынын «Жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш» деп аталган 44-главасы менен (353 – 355-беренелер).

### 3.1. Сотко чейинки өндүрүш

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган бардык тергөө аракеттерин жүргүзүүгө укуктуу.

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштө жорук жасагандыгы боюнча шектелип жаткан адамга карата камакка алуу, үй камагы түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга жол берилбейт.

Жорук жасады деп шектелген адамдан алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жана соттун чакыруусу боюнча келүү жана аларга жашаган жеринин өзгөрүүсү жөнүндө билдирүү тууралуу тилкат алынат. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына же сот отурумуна келбеген учурда адам алынып келиши мүмкүн.

Өзгөчө учурларда ушул Кодекстин 98-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо жорук жасады деп шектелген адамга карата кармоо колдонулушу мүмкүн.

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш жорукту жасады деген шектенүү тууралуу адамга билдирилген учурдан тартып 20 күндөн кечиктирилбестен аяктоого тийиш.

Эгерде бир эле адам жорук жана кылмыш жасаса, сотко чейинки өндүрүш тергөө формасында жүзөгө ашырылат (КР ЖПК, 505-б.).

### 3.2. Өндүрүштү кыскартуу

4. Ушул Кодекстин 26-беренесинде каралган негиздер бар болсо, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы өндүрүштү кыскартат (КР ЖПК, 506-берене).

### 4.1. Өндүрүштү бүткөрүү

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш, аны менен шектелүүчүнү, анын жактоочусун жана жабырлануучуну иштин материалдары менен тааныштыруу жана айыптоо актысын түзүү менен аяктайт.

Айыптоо актысында төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

- аны түзүүнүн убактысы жана орду, ким түзгөн;
- шектүүнүн фамилиясы, ысмы жана атасынын ысмы, туулган күнү, айы, жылы жана

орду;

- жорукту жасоонун убактысын, ордун, ошондой эле ушул Кодекстин 83-беренесине ылайык далилденүүгө тийиш болгон башка жагдайларды көрсөтүү менен аны баяндоо;

- Жоруктар жөнүндө кодекстин жоопкерчиликти караган беренеси, бөлүгү, пункту;

- жабырлануучу, ага келтирилген залалдын мүнөзү жана өлчөмү жөнүндө маалыматтар;

- иштин материалдары менен таанышканда арыздар жана өтүнмөлөр.

Айыптоо актысына иштин материалдары, ошондой эле сотко чакырылууга тийиш болгон адамдардын тизмеси тиркелет.

Айыптоо актысы бекитилгенден кийин прокурор айыпталуучуга айыптоо актысынын көчүрмөсүн тапшырууну камсыз кылат. Эгерде жабырлануучу өтүнүч билдирсе, аталган документтин көчүрмөсү ага да тапшырылат. Айыпталуучунун жана жабырлануучунун аталган документтин көчүрмөсүн алгандыгы жөнүндө тилкаттары ишке кошулат.

Айыптоо актысын прокурор бекиткен учурдан тартып жорук жасаган адам айыпталуучу деп аталат (КР ЖПК, 507-берене).

**4.2. Прокурордун чечими**

Ушул главанын тартибинде аяктаган иш келип түшкөндө, прокурор келип түшкөн материалдарды 3 сутканын ичинде текшерүүгө жана төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алууга милдеттүү:

1) айыптоо актысын бекитүү жана ишти сотко жиберүү;

2) айыптоо актысын бекитүүдөн баш тартуу жана иштин материалдарын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен 10 күндөн ашпаган мөөнөттө кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жиберүү;

3) ушул Кодекстин 26-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо ишти токтотуу (КР ЖПК, 508-берене).

**3.5. Сот өндүрүшү**

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сот өндүрүшүнүн тартиби КР ЖПКда каралган соттук териштирүүнүн жалпы эрежелери менен аныкталат (КР ЖПК, 510-берене).

Соттук териштирүү башталганга чейин судья келип түшкөн иш боюнча 3 суткадан кеч эмес мөөнөттө төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө;

2) ишти сотко караштуулугу боюнча жөнөтүү жөнүндө;

3) сот отурумун дайындоо жөнүндө (КР ЖПК, 268-б.).

- Жорук жөнүндө иш аны сотто кароо башталган күндөн тартып 15 күндөн кеч эмес мөөнөттө судья тарабынан маңызы боюнча каралууга тийиш (КР ЖПК, 274-б.).

**3.6. Жөнөкөйлөтүлгөн сот өндүрүшү**

Соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөсү бар ишти судья ал келип түшкөндөн кийин 5 күндүк мөөнөттө иликтеп чыгат жана өкүм чыгарат.

Соттук териштирүү жүргүзүлбөөчү сот отуруму айыпталуучунун жана анын жактоочусунун милдеттүү катышуусу менен өткөрүлөт.

Судья айыпталуучудан ага коюлган айып ага түшүнүктүү экендигин, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгарууга макулдугун, соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруунун натыйжаларын түшүнө тургандыгын сурайт. Сот отурумуна жабырлануучу катышканда, судья андан соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн өкүм чыгаруу жөнүндө өтүнмөгө карата мамилесин териштирет.

Эгерде судья айыпталуучу макул болгон айыптоо негизделген иш боюнча жыйналган далилдер менен ырасталган деген тыянакка келсе, айыптоо өкүмүн чыгарат жана айыпталуучуга жаза дайындайт, бул жаза жасалган жорук үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн же максималдуу жазапул өлчөмүнүн үчтөн экисинен ашпоого тийиш.

Өкүмдү жарыялагандан кийин судья тараптарга аны даттануунун укугун жана тартибин, анын ичинде өкүм иштин материалдарынын изилденбегендигинин жана соттун тыянактары ишин иш жүзүндөгү жагдайларына шайкеш келбегендигинин негиздери боюнча апелляциялык тартипте даттанылбай тургандыгын түшүндүрөт.

Процесстик чыгымдар айыпталуучудан өндүрүлүп алынбайт.

**4-суроо. Жеке айыптоо**

Жеке айыптоо иштерине төмөнкүлөр кирет:

«Уруп-сабоо» деген 65-беренесинде,

«Ден соолукка жеңил зыян келтирүү» деген 66-беренесинде,

«Абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү» деген 67-беренесинде,

«Венерикалык ооруу жугузуу» деген 68-беренесинде,

«Абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу» деген 84-беренесинде каралган жоруктар (КР ЖПК, 23-берене, 2-бөлүк).

**4.1. Өндүрүштүн башталышы**

Ушул Кодекстин 23-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган жекече айыптоо иши боюнча өндүрүш Жоруктар жөнүндө кодексте каралган башка адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө адамдын сотко берген арызы боюнча башталат.

Арызда берилген соттун аталышы; жоруктун жасалган жерин жана убактысын көрсөтүү менен ошол окуяны баяндоо, далилдер; ишти өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө сотко өтүнүч; жоопкерчиликке тартылуучу адам жөнүндө маалымат; сот чакырууга тийиш болгон күбөлөрдүн тизмеси камтылууга тийиш. Арызга аны берген адам кол коёт.

Арыз жекече айыптоо иши боюнча өзүнө карата өндүрүш башталып жаткан адамдардын саны боюнча көчүрмөлөр менен сотко берилет.

Сот арызды өз өндүрүшүнө кабыл алган учурдан баштап арыз берген адам жекече айыптоочу болуп саналат жана ага ушул Кодекстин 42-беренесинде каралган укуктар түшүндүрүлүүгө тийиш.

**4.2. Соттук териштирүү башталганга чейин судьянын ыйгарым укуктары**

Эгерде берилген арыз ушул Кодекстин 353-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнүн талаптарына жооп бербесе, аны берген адамга судья далилдерди берүүнү, мүчүлүштүктөрдү четтетүүнү сунуш кылат жана ал үчүн мөөнөттөрүн белгилейт. Көрсөтмөлөр аткарылбаган учурда судья өзүнүн токтому менен арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат жана бул тууралуу арыз ээсине билдирет. Арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу тууралуу токтом апелляциялык тартипте 5 сутканын ичинде даттанылышы мүмкүн.

Жекече айыптоочунун өтүнүчү боюнча судья далилдерди чогултууга көмөк көрсөтүүгө тийиш.

Арыз келип түшкөн учурдан баштап 7 суткага чейинки мөөнөттө соттук отурумду баштоо үчүн негиз болгон учурда, судья арыз берилген адамды чакырып, аны иштин материалдары менен тааныштырууга, берилген арыздын көчүрмөсүн тапшырууга жана ушул Кодекстин 47-беренесинде каралган сот отурумундагы айыпталуучунун укугун түшүндүрүүгө жана ошол адамдын пикири боюнча аны коргоочу күбө катары сотко кимди чакыруу керектигин тактоого милдеттүү.

Судья тараптарга элдешүү, анын ичинде медиатордун жардамы менен элдешүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүүгө милдеттүү. Алардан келишүү жөнүндө арыз келип түшкөн учурда иш боюнча өндүрүштү судья Жоруктар жөнүндө кодекстин 39-беренесинин негизинде токтом менен кыскартат.

Эгерде тараптардын ортосунда жарашууга жетишилбесе, судья ишти кароону баштайт.

### 4.3. Сот отурумунда ишти териштирүү

Жекече айыптоо иши боюнча арызды кароо утурлаган арызды кароо менен бир өндүрүшкө бириктирилиши мүмкүн. Бириктирүүгө соттук териштирүү башталганга чейин судьянын токтому боюнча жол берилет. Арыздарды бир өндүрүшкө бириктирүүдө, аларды берген адамдар бир эле учурда жекече айыптоочу жана айыпталуучу катары процесске катышат. Каршы даттануу келип түшкөндүгүнө жана каршы даттануу берилген адамдын өтүнүчү боюнча өндүрүштү бириктирүүгө байланыштуу коргоого даярдануу үчүн иш 3 суткадан ашык эмес мөөнөткө жылдырылышы мүмкүн. Алардын өздөрүнүн даттанууларында баяндалган жагдайлар жөнүндө бул адамдарга сурак жүргүзүү жабырлануучуну суракка алуунун эрежелери боюнча жүргүзүлөт, ал эми каршы даттанууда баяндалган шарттар тууралуу – айыпталуучуну суракка алуу эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

Сот отурумунда жекече айыптоо иши боюнча айыптоону жекече айыптоочу же анын өкүлү колдойт.

Жекече айыптоо иши боюнча соттук териштирүү аны берген адамдын же анын өкүлүнүн арызын жарыялоо менен башталат.

Сот отурумуна жекече айыптоочунун же анын өкүлүнүн жүйөлүү себепсиз келбей калышы берилген арыздан баш тартууну билдирет жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга алып келет.

Жеке айыптоо иштери боюнча өндүрүш тараптардын жарашууларына байланыштуу кыскартылууга тийиш. Тараптардын жарашуусуна сот өкүм чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө чыгып кеткенге чейин жол берилет (КР ЖПК, 355-берене).

# 12 - МОДУЛЬ

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ

# ТРЕНИНГДИН ТЕМАСЫ: МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМ

**ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ:** Катышуучулардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын укуктук жөнгө салуу жөнүндөгү билимин өркүндөтүү

**ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:**

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам, мындай мыйзамдын максаты жана принциптери (МКЮЖ системасындагы Конституция жана тийиштүү мыйзамдар, мыйзам алдындагы актылар);
2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы;
3. Кылмыш иштери боюнча кармоо, тергөө стадияларында мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүүнүн тартиби;
4. Сотто кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүү тартиби.

**МАШЫКТЫРУУЧУ-ЭКСПЕРТТЕР:** Бахаутдинов М. М., Калыбаева А. А., Котик Н. М., Османова А. М., Сейдалиева М. Э., Качикеева Б. Ж.

**КАТЫШУУЧУЛАРЫ:** Судьялар, УКМК, Прокуратура, ИИМ, ЖАМК, ЭККМК кызматкерлери, ЖОЖдордун укук факультеттеринин окутуучулары, жактоочулар, укук коомчулугу.
ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ: 7 саат (5,5 окуу сааты, түштөнүүгө – 1 саат, тыныгууга – 30 мүнөт)
5,5 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1-сессия – 90 мүн., 2-сессия – 90 мүн., 3-сессия – 90 мүн., Жыйынтыктоочу сессия – 30 мүн.)

**КЕРЕКТҮҮ КЕҢСЕ ТОВАРЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР:**

- Флипчарттар жана түстүү маркерлер
- Дептер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

**ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:**

**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа
**ТМ 1-2.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзам» Power Point Presentation
**ТМ 1-3.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттешүү тартиби» Power Point Presentation
**ТМ 2-1.** №1 казус. «Опузалап талап кылуу боюнча иш» (1-3 нуска)
**ТМ 2-2.** №2 казус. «Героин боюнча иш» (1-3 нуска)
**ТМ 3-1.** №3 казус. « Е.А. боюнча иш» (1-3 нуска)
**ТМ 3-2.** №4 казус. «ЖАМК боюнча иш» (1-3 нуска)
**ТМ 3-3.** №5 казус. «Ерналиеванын иши» (1-3 нуска)
**ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы

**КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:**

1. Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» мыйзамы, 2009-жылдын 25-июнунда кабыл алынган.

**ОКУТУУ МЕТОДДОРУ:**

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо дискуссияларды өткөрүү
- Таратылуучу материалдар менен иштөө
- Power Point Presentation
- Симуляция
- Жалпы талкуу
- Мини-лекция

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| 09:00-09:30 | **Киришүү сессиясы**<br>Учурашуу жана таанышуу.<br>Тренингдин максаттары жана милдеттери.<br>Иштөө эрежелери. | | Бейджиктер, түстүү маркерлер, калемсаптар, А4 | |
| 09:30-11:00 | **1-сессия. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам.**<br><br>Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттешүү тартиби.<br><br>**1-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө/өздөштүрүүгө тийиш:**<br>Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү жөнгө салуучу мыйзам, МКЮЖ түрлөрү, алардын негизги айырмасы, МКЮЖны көрсөтүүчү органдар, МКЮЖны алууга укуктуу адамдар жөнүндө маалыматты.<br>Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзам ченемдерин кармоо учурунан тартып, соттук териштирүү аяктаганга чейин коргоону камсыздоочу башка ченемдик-укуктук актылар менен, тактап айтканда, КР ЖПКсы менен бирге колдонууну. | **1-КАДАМ.** Машыктыруучу «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам» Power Point Presentation жардамы менен мини-лекцияны өткөрөт.<br><br>**2-КАДАМ.** Машыктыруучу бет ачардын темасы боюнча катышуучулардын суроолоруна жооп берип, жалпы талкуу өткөрөт.<br><br>**3-КАДАМ.** Машыктыруучу жыйынтык чыгарып, тренингдин катышуучулары Конституциядан, Жазык-процесстик кодекстен жана Жарандык-процесстик кодекстен жана «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» мыйзамдан турган мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тууралуу түшүнүк алгандыгын айтып өтөт.<br>Мини-лекциянын жүрүшүндө МКЮЖ түрлөрү, МКЮЖ көрсөтүүчү органдар, жылдык кирешесин эсепке алуу жана жылдык кирешесин эсепке албоо менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга укуктуу адамдар, МКЮЖ системасынын башкаруу органдары, системанын катышуучулары тууралуу айтып өткөндүгүн белгилейт.<br><br>**4-КАДАМ.** Машыктыруучу «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттешүү тартиби» Power Point Presentation жардамы менен мини лекциясын өткөрөт **(КМ 2-1.).**<br><br>**5-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучулардын бет ачарынын темасы боюнча суроолорго жооп берип, жалпы талкуу өткөрөт. | **ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа<br><br>**ТМ 1-2.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам» Power Point Presentation<br><br>**ТМ 1-3.** «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттешүү тартиби» Power Point Presentation | Бахаутдинов М.М., Калыбаева А.А., Котик Н. М., Османова А. М., Сейдалиева М. Э., |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | | **6-КАДАМ.** Машыктыруучу 1-сессиянын жыйынтыктарын чыгарып, катышуучулар МКЮЖ системасы, МКЮЖ системасынын катышуучулары, алардын өз ара аракеттешүү тартиби, МКЮЖ башкаруу органдары, МКЮЖни координациялоо боюнча борбор, координаторлордун жана жактоочулардын негизги функциялары жөнүндө билим алышкандыгын айтып өтөт. | | |
| 11.00-11.30 | Тыныгуу | | | |
| 11.30-13.00 | **2-сессия.** Кармоо жана тергөө стадияларындагы мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам берүүнүн тартиби.<br><br>**2.1. 2-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө/өздөштүрүүгө тийиш:**<br>Кармоо жана тергөө стадияларында жактоочуларды дайындоо маселеси боюнча МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамдын ченемдерин бирдиктүү колдонуу жөнүндө билим пайда болууга тийиш; мыйзамдын жоболорун билүүгө; жактоочуларды дайындоо тартибин; укук коргоо органдарынын МКЮЖКБ координаторлору менен өз ара аракеттешүүсүнүн тартибин; МКЮЖ ченемдерин эсепке алуу менен кармоо жана тергөө стадияларында тергөөчүнүн, прокурордун, оперативдик кызматкерлердин укуктары менен милдеттерин билүүгө тийиш. | **1-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» көнүгүүсү<br>Машыктыруучу казустар менен иштөө, аларды карап чыгып, чечүү үчүн бир нече дискуссиялык чакан топторго (ДЧТ) бөлүнүүнү сунуштайт.<br><br>**2-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучуларга 4 чакан топко «Жыл мезгилдери» принцибин жетекке алып бөлүнүүнү сунуштайт: «Кыш» жана «Жаз» топторуна №1 казус, «Жай» жана «Күз» топторуна №2 казус берилет **(ТМ 2-1, 2-2, 2-3, 2-4, 2-5).**<br><br>**3-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бетачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулайт, консенсуска келет жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтөт. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилейт.<br><br>**4-КАДАМ.** Топтун бетачары аяктаганда, машыктыруучу казустун туура чечилиши тууралуу талкуу өткөрөт (жоопторун тактайт, топтор казусту толугу менен туура чечиши мүмкүн, бирок мүчүлүштүктөр кетирилсе, анда машыктыруучу кайсы жеринде мүчүлүштүктөр кеткендигин так көрсөтөт). | | |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| | | **5-КАДАМ.** Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**6-КАДАМ.** Машыктыруучу 2-сессия боюнча жыйынтык чыгарып, катышуучуларга кармоодо жана тергөөдө жактоочуну дайындоо тартиби; КМЮЖ боюнча жактоочулардын, тергөөчүлөрдүн жана координаторлордун өз ара аракеттешүү механизми; арыздарды каттоо тартиби, журналдарды жүргүзүү, жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин түзүү, КМЮЖ боюнча координатору тарабынан чыгарылуучу чечимдердин түрлөрү менен таанышкандыгы, катышуучулар арыздардын жана чечимдердин долбоорлорун толтурууну үйрөнгөндүгү жөнүндө айтып өтөт. | | |
| 13.00-14.00 | Түштөнүү | | | |
| | **3-сессия.** Сотто кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү тартиби<br><br>**3.1. 3-сессиянын жыйынтыктары боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билүүгө/түшүнүүгө/өздөштүрүүгө тийиш:**<br>Бардык стадияларда жактоочуларды дайындоо маселеси боюнча МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамдын ченемдерин бирдиктүү колдонуу жөнүндө билим пайда болууга тийиш; мыйзамдын жоболорун билүүгө; жактоочуларды дайындоо тартибин; укук коргоо органдарынын МКЮЖКБ координаторлору менен өз ара аракеттешүүсүнүн тартибин; МКЮЖ ченемдерин эсепке алуу менен кармоо жана тергөө стадияларында тергөөчүнүн, прокурордун, оперативдик кызматкерлердин укуктары менен милдеттерин билүүгө тийиш. | **1-КАДАМ.** «Казустар менен иштөө» көнүгүүсү<br>Машыктыруучу казустар менен иштөө, аларды карап чыгып, чечүү үчүн бир нече дискуссиялык чакан топторго (ДЧТ) бөлүнүүнү сунуштайт.<br><br>**2-КАДАМ.** Машыктыруучу катышуучуларга «Жол чырагы» принциби боюнча бөлүнүүнү сунуштайт: «Кызылдар» тобуна №3 казус, «Сарылар» тобуна №4 казус, «Жашылдар» тобуна №5 казус берилет **(ТМ 3-1, 3-2, 3-3).**<br><br>**3-КАДАМ. Чакан дискуссиялык топтордун иштөөсүнүн натыйжалары боюнча бет ачарларды өткөрүү.** Ар бир чакан топ өз тапшырмасын талкуулайт, консенсуска келет жана өзүнүн ишин башка дискуссиялык топторго бетачар түрүндө көрсөтөт. Ар бир топ өз ишин жана бетачарын флипчарттарга түстүү маркерлерди колдонуп, жазуу түрүндө белгилейт. | **ТМ 3-1.** №3 казус. « Е. А. боюнча иш» **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 3-2.** №4 казус. «ЖАМК боюнча иш» **(1-3 нуска)**<br><br>**ТМ 3-3.** №5 казус. «Ерналиеванын иши» **(1-3 нуска)** | Бахаутдинов М.М., Калыбаева А. А., Котик Н. М., Османова А. М., Сейдалиева М. Э., |

| Убактысы | Сессиянын аталышы жана окуу үчүн суроолор | Кадамдар жана колдонулуучу окутуунун интерактивдүү ыкмалары | Таратылуучу материал | Машыктыруучулар / эксперттер |
|---|---|---|---|---|
| | **Бардык тренинг боюнча КОРУТУНДУ:**<br>Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасы мамлекеттик органдар (аткаруучу, мыйзам чыгаруучу, сот бийликтери), Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамды туура жана бир өңчөй колдонгондо гана натыйжалуу жана ийгиликтүү иштейт. | **4-КАДАМ.** Топтун бетачары аяктаганда, машыктыруучу казустун туура чечилиши тууралуу талкуу өткөрөт (жоопторун тактайт, топтор казусту толугу менен туура чечиши мүмкүн, бирок мүчүлүштүктөр кетирилсе, анда машыктыруучу кайсы жеринде мүчүлүштүктөр кеткендигин так көрсөтөт).<br><br>**5-КАДАМ.** Машыктыруучу суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Пайдалуу болсо, эмнеси менен пайдалуу болду?»<br><br>**6-КАДАМ.** Машыктыруучу 3-сессиянын жыйынтыктарын чыгарып, тренингдин катышуучулары сотто адвокатты дайындоо тартиби; жактоочулардын судьялар жана МКЮЖ боюнча координаторлор менен өз ара аракеттешүү механизми; арыздарды каттоо тартиби; журналдарды жүргүзүү; жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин түзүү; МКЮЖ боюнча координаторлорду чыгарган чечимдердин түрлөрү менен таанышкандыгын; арыздардын жана чечимдердин долбоорлорун толтурууну үйрөнгөндүгүн айтып берет.<br><br>**7-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».<br>Бардык машыктыруучулар жана эксперттер тренингдин катышуучуларынын бардык темалар жана сессиялар боюнча суроолоруна жооп беришет.<br><br>**8-КАДАМ.** Машыктыруучу **бардык тренинг боюнча ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРАТ.** | | |
| 15:00-15:30 | **Жыйынтыктоочу сессия.**<br>«Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам» тренингин аяктоо.<br>Тренингди баалоо. | | **ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы | |

# КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

# ТРЕНИНГ «БИРИНЧИ, АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК, КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯЛАРДАГЫ СОТТОРДОГУ ӨНДҮРҮШ», «МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ»

Өткөрүү күнү: ___________________________

Өткөрүү орду: ___________________________

Катышуучулары: ___________________________

## ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| **09.00-09.30** | **Катышуучуларды каттоо** |
| **09:30 – 11:00**<br>**09:10 – 11:00** | **1-сессия.** Биринчи инстанциядагы соттордогу өндүрүш<br>Сотко караштуулугу. Алдын ала угуулар. Соттук териштирүү<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________________ |
| **11:00 – 11:30** | **Тыныгуу** |
| **11:30 – 13:00** | **2-сессия.** Апелляциялык жана кассациялык инстанция сотторундагы иштердин өндүрүлүшү<br>Соттук чечимдерге даттануу. Апелляциялык жана кассациялык инстанция сотторунда иштерди кароо<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________________ |
| **13:00 – 14:00** | **Түштөнүү** |
| **14:00 –14:30** | **3-сессия.** КР мамлекет кепилдеген юридикалык жардам мыйзамы<br>КР мамлекет кепилдеген юридикалык жардам мыйзамы<br><br>*Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*__________________________________________________ |
| **15:30 –16:00** | **Сессиянын жыйынтыктарын чыгаруу** |

# МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН УКУКТУК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

- 24-берененин 5-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүнөзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк берилет.
- 40-берененин 3-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

2

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ

- 45-берененин 3-бөлүгүндө төмөнкүлөр каралган: мамлекеттин эсебинен укуктук жардам ала турган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жактоочу менен камсыздалат. Мамлекеттин эсебинен укуктук жардам берип жаткан жактоочунун эмгеги Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык төлөнөт (КР 2009-жылдын 17-июлундагы №231 мыйзамы редакциясында)

3

## ЖАҢЫ ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКС

**51-берене. Жактоочуну чакыруу, дайындоо, алмаштыруу, анын эмгек акысын төлөп берүү**

1. Жактоочу шектүү, айыпталуучу, күбө, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан, ошондой эле шектүүнүн, айыпталуучунун, күбөнүн тапшыруусу же макулдугу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылат.
2. **Шектүүнүн, айыпталуучунун жазык сот өндүрүшүнө жактоочусун катыштыруу укугу алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот тарабынан камсыз кылынат.**
3. Мамлекеттин эсебинен мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга укуктуу адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адвокат менен камсыз кылынат. Мамлекеттин эсебинен мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам көрсөткөн адвокаттан эмгек акысын төлөө мыйзамга ылайык жүргүзүлөт.

4

4. **Шектүү, айыпталуучу тарабынан тандалган жактоочунун катышуусу мүмкүн болбогон учурларда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат берүүгө милдеттүү.**
5. Жактоочу жазык сот өндүрүшүнө 5 суткадан ашык, ал эми бөгөт коюу чарасын тандоодо 2 сааттан ашык катыша албаган учурда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, сот адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат камсыз кылууга милдеттүү.

5

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫ

- Бул Мыйзамдын негизги максаты – укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого каражаттарынын жок болгон учурунда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү жолу менен жарандарга сот адилеттигине жана квалификациялуу юридикалык жардамга жетүүсүнө кепилдик берүү

6

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамы 2009-жылдын 28-июлунда кабыл алынган жана 2011-жылдын январь айында күчүнө кирген.

- Мыйзамдын жаңы редакциясы 2016-жылдын 16-декабрында кабыл алынган.

7

## МЫЙЗАМДЫ КАЙРА КАРАП ЧЫГУУНУН НЕГИЗГИ КОНЦЕПЦИЯСЫ

1. Иштеп жаткан МКЮЖ системасын төмөнкүдөй жол менен чыңдоо жана оптимизациялоо:

2. МКЮЖны берүүнүн улуттук системасын түзүү. МКЮЖ боюнча өзүнчө структураны түзүү.

3. Жактоочулардын ишмердүүлүгүн МКЮЖны берүүгө катышууга шыктандыруу.

3.1. МКЮЖны киргизүүнүн этаптуулугу:

кылмыш иштери боюнча (МКЮЖ алуучуларынын категорияларын кеңейтүү менен)

3.2. МКЮЖны жарандык жана административдик иштер боюнча берүү механизмин түзүү.

8

## МЫЙЗАМ АЛТЫ ГЛАВАДАН, 30 БЕРЕНЕДЕН ТУРАТ

- 1-глава. Жалпы жоболор.
- 2-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алууга укуктуу адамдар
- 3-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү
- 4-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды башкаруу жана аны координациялоо
- 5-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүнүн жана каржылоонун тартиби
- 6-глава. Корутунду жоболор

9

## МЫЙЗАМДЫН ИШТӨӨ ЧӨЙРӨСҮ

- Ушул Мыйзамдын колдонулушу Кыргыз Республикасынын жарандарына, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга жайылтылат.

10

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЭКИ ТҮРГӨ БӨЛҮНӨТ:

- Консультациялык-укуктук жардам
- Квалификациялуу юридикалык жардам

11

## КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАРДАМ ТӨМӨНКҮДӨЙ ТҮРДӨ КӨРСӨТҮЛӨТ:

- Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, укуктарды соттук жана соттон тышкаркы тартипте ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо;
- Укуктук маселелер боюнча консультацияларды берүү; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардамдашуу; квалификациялуу юридикалык жардам аныктамасына жатпай турган жардамдардын башка формалары;

12

### МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДАРДЫ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КӨРСӨТҮҮЧҮ СУБЪЕКТИЛЕР

- Мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин тиешелүү кызмат адамдары;
- Адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар.

13

### КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАРДАМ БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ

1. Мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин кызмат адамдары тарабынан алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө укуктук консультация жана түшүндүрмө түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте консультациялык-укуктук жардам берилет.

2. Адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Мыйзамда каралган консультациялык-укуктук жардамдын бардык түрлөрү берилет.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу түзө алат.

14

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫН КАРОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫ

1. Кыргыз Республикасында **ар бир жаран** мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына өзү же өзүнүн өкүлү аркылуу **кайрылуу укугуна ээ**, алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө аталган органдар, алардын кызмат адамдары жарандардын сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайрылуу укугунан ажыратууга же алардын мындай укугун чектөөгө акысы жок.

3. Жашы жетелек же аракетке жөндөмсүз адамдардын кызыкчылыктарындагы арыздарды жана даттанууларды алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, ошондой эле көзөмөлдүк жана камкордук органдары берүүгө укуктуу.

4. Эгерде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында же эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ушул Мыйзамга ылайык кайрылуу укугунан пайдаланышат.

7. **Жарандардын кайрылууларын кароо акысыз жүзөгө ашырылат.**

15

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮНҮН КЕПИЛДИКТЕРИ ЖАНА ЭРКИНДИГИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

- **6-беренеден үзүндү. Маалыматка жетүүнү камсыз кылуу**
- Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана кызмат адамдары **ар кимге анын укуктарына жана мыйзамдуу таламдарына тиешеси бар документтер, чечимдер жана башка материалдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.**

16

**7-беренеден үзүндү. Жарандарды өздөрүнүн кабыл алуусу**

1. Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жарандарды жумасына бир жолудан кем эмес өздөрү кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү.

2. Жарандарды кабыл алуу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жарыяланган же мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын имаратынын стенддеринде жайгаштырылган жарандарды кабыл алуу графигине ылайык жүргүзүлөт.

5. Эгерде кайрылууда аларды чечүү ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясына кирбеген маселелер камтылса, жаранга каякка жана кандай тартипте кайрылуу керектиги тууралуу түшүнүк берилет.

7. Республиканын алыскы региондорунан келишкен жарандар кезексиз кабыл алынуу укугуна ээ. Кабыл албай коюуга жол берилбейт.

17

**12-беренеден үзүндү. Кайрылууларды караган учурдагы кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттери**

Органдар жана кызмат адамдары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

2) кайрылууну кароого кабыл алууга же болбосо аны тиешелүү жактарга жөнөтүүгө, же болбосо арыз ээсине анын кимге кайрылуусун түшүндүрүүгө;

3) кайрылууну маани-маңызы боюнча ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого, анда баяндалган фактыларга калыс баа берүүгө, алардын аныктыгын текшерүүгө;

4) жарандардын укуктарын, эркиндигин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган укукка жат аракеттерди (аракетсиздикти) четтетүү боюнча токтоосуз чара көрүүгө;

6) кайрылуу боюнча жүйөлүү жана негизделген чечим кабыл алууга.

18

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ

бул жарандык, административдик жана жазыктык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында жарандык, административдик жана жазыктык иштер боюнча адамдардын мыйзамдуу укуктарына жана кызыкчылыктарына мамлекеттин эсебинен өкүлчүлүк кылуу жана/же коргоо боюнча адвокаттын кесиптик иши

19

## ЖЫЛДЫК КИРЕШЕСИН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ АЛУУГА УКУКТУУ АДАМДАР

Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, жарандык, административдик жана жазыктын сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 жолку өлчөмүнөн ашпаган доогерлерге, жоопкерлерге, шектүүлөргө, айыпталуучуларга, соттолуучуларга, соттолгондорго, акталгандарга, жабырлануучуларга, жашы жете элек күбөлөргө берилет.

20

## ЖЫЛДЫК КИРЕШЕСИ ЭСКЕ АЛЫНБАЙ ТУРУП, КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ТӨМӨНКҮ УЧУРЛАРДА БЕРИЛЕТ:

1. адамдарга кармалган учурларда;
2. өзгөчө оор кылмыш жасады деп шектелгендерге, айыпталуучуларга, соттолуучуларга;
3. I жана II топтогу майыптуулугу бар адамдарга;
4. психикалык оорудан жабыркаган адамдарга;
5. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңдештирилген адамдарга;
6. жашы жете электерге алардын кызыкчылыктарында, алардын ата-энелерине (камкорчуларына жана камкордукка алгандарга) балдардын кызыкчылыктарында;
7. жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялап жаткан жалгыз бой энелерге;
8. энеси жок жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялаган адамдарга балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана коргоого байланыштуу маселелер боюнча;
9. мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына;
10. мамлекеттик жатак-үйлөрдө жашаган кары-картаңдарга;
11. жазык-процесстик мыйзамдарда каралган башка учурларда.

21

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫН БАШКАРУУ

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын башкарууга катышкан органдар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ыйгарым укуктуу органl;
- жактоочулардын кеңеши.

22

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ КООРДИНАЦИЯЛОО

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен **Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор** (мындан ары – МКЮЖКБ) түзүлгөн, анын укуктук статусу, жактоочулар кеңешинин сунуштарын эске алуу менен алардын ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу тартиби аныкталган.

23

## МКЮЖКБ МИЛДЕТТЕРИ

1) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын ишке ашыруу;

2) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

3) «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруунун жүрүшүндө квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча практиканы жалпылоо;

4) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга муктаж болгон адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү;

5) Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана жактар менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүү;

6) Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана жарандык коомдун башка институттары менен биргеликте жарандардын укуктук маданиятын жана укуктук аң-сезимин өнүктүрүүгө, калкты укуктук агартууга көмөктөшүү.

24

## МКЮЖКБ КООРДИНАТОРУ

Квалификациялуу укуктук жардам берүү максатында арыз тапшыруучу менен жактоочунун ортосундагы өз ара аракеттешүүнү камсыз кылуучу кызматтык адам.

25

## КООРДИНАТОРДУН ФУНКЦИЯЛАРЫ

1. Мамлекет кепилдеген укуктук жардам жөнүндөгү арыздарды кароо;
2. Укуктук жардам берүү үчүн жактоочуларды дайындоо;
3. Арыз тапшыруучунун киреше деңгээлин тастыктоо үчүн маалымат чогултуу;
4. Укуктук жардам берүү, баш тартуу жана токтотуу жөнүндө негизделген чечим чыгаруу;
5. Жер-жерлердеги жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин түзүү жана жүргүзүү;
6. Орнотулган тартипте мамлекет кепилдеген укуктук жардам берүү боюнча жактоочулардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү;
7. КР “МКЮЖ ЖӨНҮНДӨ” мыйзамына ылайык жүргүзүлүүчү башка функциялар.

26

## АДАМДЫН КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ УКУКТУК ЖАРДАМ АЛУУ УКУГУН ТАСТЫКТОО ТАРТИБИ

- Координатор жактоочу дайындалгандан тартып, 3-күндөн кечиктирбей, арыз тапшыруучунун квалификациялуу укуктук жардам алуу укугун аныктоо максатында укук коргоо органдарына, сотко, ЖААК органдарына, социалдык фондго, салык инспекциясына, өз алдынча башкаруунун жергиликтүү органдарына, ошону менен бирге башка уюмдар менен мекемелерге суроо-талаптарды жөнөтөт.
- Координаторго суроо-талабы боюнча маалыматтар 10 жумуш күн аралыгында бекер берилет.
- Квалификациялуу укуктук жардам алууга муктаж адамдардын кирешеси тууралуу маалымат алынгандан кийин координатор КР “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-10-пунктуларына ылайык мындай жардам берүү же баш тартуу жөнүндөгү чечимин чыгарат.
- КР “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2 10-пунктарына ылайык келген учурларда координатор квалификациялуу укуктук жардам берүү чечимин жылдык кирешени эсепке албай туруп чыгарат.
- Мыйзам тарабынан орнотулган мөөнөттүн аралыгында (13 күндөн ашырылбайт) квалификациялуу укуктук жардамга муктаж адам тууралуу маалыматтар жок болуп чыккан учурда координатор квалификациялуу укуктук жарам берүү чечимин чыгарат.

27

## ШЕКТҮҮЛӨРДҮ КАРМООДО ЖАКТООЧУЛАРДЫН НӨӨМӨТ КЕЗЕГИНИН ГРАФИГИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ

- Кылмышты же жорукту жасады деп шектелип жаткан адамга жактоочулардын эртелей жетүүсүн жүзөгө ашыруу үчүн жана аларга кечиктирилгис юридикалык жардам берүү үчүн координатор МКЮЖ боюнча реестрдеги жактоочулардын күн-дүр-түндүр нөөмөткө турууcун уюштурат.
- Үстүдөгү айга карата укук коргоо органдарында шектүү катары кармоодо кечиктирилгис юридикалык жардам берүүнү жүзө-гө ашыруучу жактоочулардын күндүр-түндүр иштөө графигин түзөт.
- Координатор жактоочулардын нөөмөткө туруу графигин КР ИИМ, УКМК, Финансылык полиция, ЖАМК жана Прокуратура-нын бардык структуралык бөлүмдөрүнө жөнөтөт.

28

# МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫ, МКЮЖГА ТАРТЫЛГАН ОРГАНДАРДЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮСҮ, АЛАРДЫН РОЛУ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫ

Мамлекеттик органдар тарабынан мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү жана жардам берүүнү уюштуруу мамлекеттик органдар, Кыргыз республикасы-нын Адвокатурасы, жергиликтүү өз алдына башкаруу ор-гандары, башка уюмдар жана адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жар-дам жөнүндө” мыйзамына ылайык өткөрүлөт.

2

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ КООРДИНАЦИЯЛОО

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен түзүлүп, анын укуктук статусу, Адвокаттар кеңешинин сунуштарын эсепке алуу менен ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу тартиби аныкталган Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борборго (мындан ары МКЮЖКБ) жүктөлгөн.

3

## МКЮЖКБ МАКСАТЫ

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана жарандык коом институттарынын өз ара аракеттешүүсү боюнча процессти координациялоо үчүн түзүлгөн.

4

## МКЮЖКБ МИЛДЕТТЕРИ

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын жүзөгө ашыруу;
2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
3. Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү” мыйзамын жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө квалификациялуу юридикалык жардам берүү боюнча практиканы жалпылоо;
4. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга муктаж адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү;
5. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү маселелери боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана адамдар менен өз ара аракеттешүү;
6. мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, жарандык коомдун башка институттары менен биргеликте калктын укуктук агартуусуна, укуктук маданияттын жана укуктук аң-сезимдин өнүгүшүнө көмөктөшүү.

5

## МКЮЖКБ КООРДИНАТОРУ

Квалификациялуу юридикалык жардам берүү максатында арыз ээси менен адвокаттын ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрдү камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамы.

6

## КООРДИНАТОРДУН ФУНКЦИЯЛАРЫ

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө арыздарды кароо;
2. Юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттарды дайындоо;
3. Арыз ээсинин кирешесинин деңгээлин ырастоо үчүн маалыматтарды чогултуу;
4. Юридикалык жардам берүү, андан баш тартуу жана токтотуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгаруу;
5. Жер-жерлерде адвокаттардын кезметчилигинин графигин түзүү жана жүргүзүү;
6. Белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын ишинин мониторинги;
7. Ушул Мыйзамга ылайык башка иш-милдеттер.

7

**ЖАРАНДЫК, АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ЖАЗЫКТЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЧӨЙРӨСҮНДӨ КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА УКУК ДООГЕРЛЕРГЕ, ЖООПКЕРЛЕРГЕ, ШЕКТҮҮЛӨРГӨ, АЙЫПТАЛУУЧУЛАРГА, СОТТОЛУУЧУЛАРГА, СОТТОЛГОНДОРГО, АКТАЛГАНДАРГА, ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРГА, ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК КҮБӨЛӨРГӨ БЕРИЛЕТ**

1. эгерде жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 жолку өлчөмүнөн ашпаса, бул статьянын 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жылдык кирешесин эске албастан, квалификациялуу юридикалык жардам төмөнкүлөргө берилет:

1) адамдарга кармалган учурларда;
2) өзгөчө оор кылмыш жасады деп шектелгендерге, айыпталуучуларга, соттолуучуларга;
3) I жана II топтогу майыптуулугу бар адамдарга;
4) психикалык оорудан жабыркаган адамдарга;
5) Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңдештирилген адамдарга;
6) жашы жете электерге – алардын кызыкчылыктарында, алардын ата-энелерине (камкорчуларына жана камкордукка алгандарга) – балдардын кызыкчылыктарында;
7) жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялап жаткан жалгыз бой энелерге;
8) энеси жок жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялаган адамдарга – балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана коргоого байланыштуу маселелер боюнча;
9) мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына;
10) мамлекеттик жатак-үйлөрдө жашаган карыларга-картаңдарга;
11) жазык-процесстик мыйзамдарда каралган башка учурларда.

8

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ АЛУУГА УКУКТУУ АДАМДАР

- **арыз ээси** – өзүнүн кызыкчылыктарында же башка жактардын кызыкчылыктарында мамлекет кепилдеген юридикалык жардам

- **алуучу** – ушул Мыйзамда белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берилген жеке жак

9

## АРЫЗ ЭЭСИНИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1. Арыз ээси төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ушул Мыйзамда каралган тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берилиши үчүн кайрылууга;

2) өзүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндө, ошондой эле жазуу жүзүндө жана оозеки формаларда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө толук маалымат алууга;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү канааттандыруу же болбосо андан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө чечимди алууга;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө купуялыкка;

5) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө арызды кабыл алуудан жана жардам берүүдөн баш тартылганда ыйгарым укуктуу органга же сотко даттанууга.

2. Арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп саналган анык жана зарыл маалыматтарды өз убагында берүүгө;

2) арыз берүүгө негиз болгон жарандык, административдик жана/же жазыктык иш боюнча адвокаттын бар экендиги жөнүндө маалыматты өз убагында берүүгө.

10

## АЛУУЧУНУН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1. Алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды өз убагында алууга;

2) мыйзамда белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү жана көрсөтүү үчүн жоопту жактардын аракети (аракетсиздиги) боюнча даттанууга;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алуудан баш тартууга;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө купуялыкка.

2. Алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнүн шарттарына таасир тийгизген жагдайлардын өзгөрүшү жөнүндө өз убагында кабарлоого;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө негиз болгон анык жана зарыл маалыматтарды өз убагында берүүгө;

3) ушул Мыйзамга ылайык материалдык жана социалдык абал жөнүндө берилген маалыматтардын анык эмес экендиги белгиленген учурда чыгымдардын ордун толтурууга.

11

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮНҮН ТАРТИБИ

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн субъекттери катары адвокаттар ушул Мыйзамда, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген учурларда жана тартипте чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтөт.

2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүгө адвокаттардын катышуусу облástтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү координациялоо боюнча борбор менен өз ара аракеттенген аймактык адвокатуралары тарабынан камсыз кылынат.

3. Айылдык калктуу конуштарда адвокаттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүшү облástтардын тиешелүү аймактык адвокатуралары тарабынан Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борбордун аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракетте камсыз кылынат.

12

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА АДАМДЫН УКУГУН ЫРАСТОО ТАРТИБИ

- Арыз ээсинин квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун аныктоого 3 күндөн кечиктирбестен координатор арыз ээсинин жана/же алуучунун кирешесинин деңгээлин ырастоо үчүн социалдык фонддун органдарына, салык органдарына, башка уюмдарга жана мекемелерге суроо-талаптарды жөнөтөт.
- Суратылып жаткан маалымат координаторго 10 жумушчу күндүн ичинде бекер негизде берилет.
- Квалификациялык юридикалык жардамга муктаж адамдын кирешеси тууралуу маалымат алынгандан кийин координатор мындай жардам берүү же жардамды берүүдөн баш тартуу чечимин Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин жоболоруна ылайык чыгарат.
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-10-бөлүктөрүндө каралган учурларда Координатор квалификациялуу юридикалык жардам берүү жөнүндөгү чечимин жылдык кирешесин эске албай туруп чыгарат.
- Мыйзам тарабынан орнотулган (13 күндөн ашпаган) мөөнөттө жеке жак тууралуу маалымат жок болсо, анда Координатор квалификациялуу юридикалык жардам берүү чечимин чыгарат.

13

## ШЕКТҮҮЛӨР КАРМАЛГАНДА АДВОКАТТАРДЫН НӨӨМӨТКӨ ТУРУУ ГРАФИГИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ

- Кылмышты же жорукту жасагандыгына шектенип кармалган адамдарга адвокаттардын эрте жетишин жүзөгө ашыруу жана кечиктирилгис юридикалык жардам берүү үчүн МКЮЖ боюнча реестрде катталган адвокаттардын күндүр-түндүр нөөмөткө туруусун уюштурат.
- Координатор үстүбүздөгү айга укук коргоо органдарында кармалган шектүүлөргө кечиктирилгис юридикалык жардамды жүзөгө ашыруучу адвокаттардын күндүр-түндүр иштөө графигин түзөт.
- Координатор тарабынан адвокаттардын нөөмөткө туруу графиктери ИИМ, УКМК, Финансылык полиция, ЖАМКтын бардык структуралык бөлүмдөрүнө жана Кыргыз Республикасынын прокуратурасына жөнөтүлөт.

14

## КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ БЕРҮҮДӨН БАШ ТАРТУУ ҮЧҮН НЕГИЗДЕР. КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМДЫ ТОКТОТУУ (КР “МКЮЖ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫНЫН 24-, 26-БЕРЕНЕЛЕРИ)

- Координатор квалификациялуу юридикалык жардам берүү чечиминен баш тартат, эгерде мындай жардамга муктаж адам Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинде көрсөтүлгөн адамдардын тизмесине ылайык келбесе.
- Координатор квалификациялуу юридикалык жардам берүү чечиминен баш тартат, эгерде мындай жардамга муктаж адам Кыргыз Республикасынын “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдардын тизмесине ылайык келбесе жана анын жылдык кирешеси эң аз эмгек акысынын 60 жолку өлчөмүнөн ашса, ошону менен бирге алуучунун бул жазык иши боюнча жактоочусунун макулдашуу боюнча бар болушу учурунда же алуучунун МКЮЖ программасы боюнча квалификациялуу юридикалык жардамдан жазуу түрүндөгү баш тартуусу бар болсо.

15

## АДВОКАТТЫ АЛМАШТЫРУУ (КР “МКЮЖ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫНЫН 25-БЕРЕНЕСИ)

Координатордун чечими боюнча адвокат төмөнкүдөй учурларда алмаштырылат:

- юридикалык жардам алуучудан жазуу жүзүндө жүйөлөштүрүлгөн баш тартуу арызы келип түшкөндө;

- кызыкчылыктардын конфликти бар болгондо;

- адвокат убактылуу четтетилгенде;

- адвокат квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринен чыгарылганда.

16

# №1 КАЗУС
# «ОПУЗАЛАП ТАЛАП КЫЛУУ БОЮНЧА ИШ»

2015-жылдын 23-июлунда Бишкек шаарынын Свердлов районунун ИИБине А. А. аттуу жаран арыз менен кайрылды. Ал арызында 2015-жылдын 22-июлунда болжолу менен саата 21де Бишкек шаарынын «Миң түркүн» дүкөнүнүн жанында, белгисиз үч адам өздөрүн милиция кызматкери катары тааныштырып, ага карата күч колдонуп, автомашинага отургузуп, ал билбеген бир батирге алып келип, эртең мененки саат 7ге чейин кармап, акча опузалап талап кылышты деп билдирди. арызы боюнча 2015-жылдын 3-августунда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 170-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон.
2015-жылдын 12-августунда болжолу менен 15 саатта милиция кызматкерлери тарабынан өзүнүн таанышынын батиринде М.А. аттуу жаран кармалып, Бишкек шаарынын Свердлов районунун ИИБ жайына жеткирилген жана ага карата кыйноо колдонулган. Аны кылмыш жасагандыгын мойнуна алуу менен түшүндүрмө катын кыйнап жаздырышкан.
Ошол эле күнү болжолу менен саат 20да Г.Ш. аттуу жараны, андан соң саат 22де П.А. аттуу жаран кармалган, аларга карата да кыйноо колдонулган, аларды да кыйнап түшүндүрмө каттарын жаздырышкан. Түшүндүрмө каттарын бир нече жолу кайрадан оңдоп жазышкан.
М.А. кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:00дө түзүлгөн.
П.А. кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:10до түзүлгөн.
Г.Ш. кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:20да түзүлгөн.
2015-жылдын 14-августунда үчөө тең Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 123-беренесинин 2-бөлүгүндө (адамды уурдоо), 125-беренесинин 2-бөлүгүндө (мыйзамсыз түрдө эркиндигинен ажыратуу), 170-беренесинин 2-бөлүгүндө (опузалап талап кылуу) 167-беренесинин 2-бөлүгүндө (тоноо) каралган кылмыштар боюнча айыпталган.
Ошол эле күнү Бишкек шаарынын Свердлов районунун судьясынын токтому менен үчөөнө тең камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы тандалган.
Ошол эле күнү жабырлануучу менен үч айыпталуучунун ортосунда беттештирүү өткөрүлгөн, тергөөчү айыпталуучуларга тергөөнүн аяктагандыгы тууралуу жарыялап, аларды кылмыш ишинин материалдары менен тааныштырды. Тергөө амалдарынын протоколдорунда анын колу жүрөт. Бирок М.А., П.А. жана Г.Ш. адвокатты сотто бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө маселени чечүүнүн алдында гана көргөндүгүн, анын тергөө амалдары жүрүп жаткан учурда жок болгондугун билдиришти.
Соттук отурумдарда адвокат бардык учурларда бир эле фразаны айтып туруп алды: «Тергөөчүнүн өтүнмөсүн соттун кароосуна калтырам».

2015-жылдын 29-сентябрында М.А., П.А. жана Г.Ш. кызыкчылыктарын «Юридикалык консультациянын» (белгисиз бир уюмдун) №263 ордер-тапшырмасы боюнча адвокат Б.М. коргой баштайт. Ошол эле күнү жабырлануучуну үч айыпталуучу менен тең бет-тештирүү өткөрүлүп, тергөөчү айыпталуучуларга тергөөнүн аяктагандыгы тууралуу билдирип, кылмыш ишинин материалдары менен тааныштырды. Тергөө амалдары-нын протоколдорунда адвокаттын колу жүрөт, иш менен таанышып чыккандан кий-ин адвокаттан арыздар жана өтүнмөлөр түшкөн жок.  Кийин, биринчи инстанциядагы сотто ошол эле жактоочу Б.М. жабырлануучунункызыкчылыктарын коргоого ишеним кат боюнча киришти. Биринчи инстанциядагы сотко (Бишкек шаарынын Свердлов районунун соту) кылмыш иши 2015-жылдын 2-октябрында келип түштү. Иш боюнча бир нече отурумдар дайындалды, бирок алар өткөн жок, анткени жабырлануучу алар-га келбеди. Бир да отурумда соттолуучулардын жактоочулары катышкан жок.
2015-жылдын 12-декабрында судьянын өтүнүчү боюнча Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №47 ордер-тапшырмасын көрсөтүп,  ишке адвокат И.Р. киришти.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. М.К., Б.М. жана И.Р. аттуу адвокаттар М.А., П.А. жана Г.Ш аттуу айыпталуучуларды коргоого укуктуу беле?
2. М.А., П.А. жана Г.Ш. кармалганда алардын коргоого укугун камсыздоо үчүн тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш?
3. Тергөөнүн өндүрүшүндө М.А., П.А. жана Г.Ш. аттуу жарандарга карата коргоо укугун камсыз кылууда тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш болчу?
4. Соттук териштирүүдө коргоого укукту камсыз кылууда судья кандайча аракеттенүү-гө тийиш болчу?

## №2 КАЗУС
## «ГЕРОИН БОЮНЧА ИШ»

Ч.Р. аттуу жаран УКМК кызматкерлери тарабынан 2014-жылдын 19-декабрында саат 23тө кармалган. Жаранды кармоо учурунда салмагы 1700 грамм «героин» баңги заты табылып, андан алынган.

2014-жылдын 20-декабрында бул факт боюнча кылмыш иши козголгон.

Ч.Р. андан баңги заты табылган фактысын мойнуна албай, УКМК кызматкерлери ага карата 10000 АКШ долларын опузалап алуу максатында бул жасалма кылмыш ишин ачышкан. Аны кыйнашкан, кылмыш жасаганын мойнуна алууга мажбурлашкан. Башка жана денесинин башка жактарына урушкан. УКМКын бир кызматкери аны мурунга муштаган. Натыйжада ден соолугуна зыян келтирген анча оор эмес дене жаракаттарын алып, денеси көгала болуп, мурду сынган. Бул тууралуу соттук-медициналык экспертизанын бүтүмү бар.

Кармоо протоколу тергөөчү тарабынан 2014-жылдын 20-декабрында саат түнкү 2де түзүлгөн. Кармалганга жактоочу факт түрүндө кармалган күндүн эртеси саат эртең мененки 11де жолуккан. Тергөөчү кармалганды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу УКМКнын мурдагы кызматкери болгон С.Н. аттуу адвокат менен тааныштырган. С.Н. аттуу адвокат Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды жүзөгө ашыруучу адвокаттардын мамлекеттик реестринде катталган эмес. Ишке катышуу үчүн ал Ысык-Ата районунун №10 ЮКсынын ордер-тапшырмасын көрсөткөн.

Тергөө амалдары протоколунда адвокат С.Н.дин колу жүрөт, бирок Ч.Р. аны шектүү катары суракка алуу, айыптоону угузуу жана айыпталуучу катары суракка алуу адвокаттын катышуусу менен өткөрүлбөгөндүгүн айтууда. Адвокат тергөөчү Ч.ны суракка алып бүткөндөн кийин, Ч. протоколго кол койгондон кийин келди.

Соттук отурумда адвокат бөгөт коюу чарасын тандоодо эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасын тандоону суранган. Бул анын бардык сүйлөгөн сөзү болду.

**Талкуу жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. двокат С.Н.нын Ч.Р.дин кызыкчылыктарын коргоого укугу бар беле?
2. Ч.Р.ди кармоодо жана тергөөнү өндүрүүдө коргоого укукту камсыз кылуу үчүн тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш болчу?

## №3 КАЗУС
## «Е.А. БОЮНЧА ИШ»

Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун өкүмү менен Е.А. аттуу жаран күнөөлүү деп табылган жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 97-беренесинин 1-бөлүгү боюнэркиндигинен 14 жылга ажыратылган.

Е.А. апелляциялык даттанууну Бишкек шаардык сотунун Кылмыш-жаза иштери жана административдик укук бузуу иштери боюнча соттук коллегияга жиберген.

Апелляциялык даттануу соттолгон тарабынан адвокаттын жардамысыз эле даярдалып жиберилген.

Бишкек шаардык сотунун соттук отурумунда адвокат жок болгон. Иш боюнча судья баяндамачы МКЮЖ боюнча мамлекеттик реестрде катталган адвокат И.А.ны Е.А.нын жактоочусу катары катышууну сураңды.

И.А. макул болуп, Е.А.нын кызыкчылыктарын коргоо үчүн Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №27 ордер-тапшырмасын жазды.

Соттук отурум 15 мүнөт убакыт өткөрүлдү. Соттук коллегия өзүнүн апелляциялык даттануусун колдогон соттолгон Е.А.нын жүйөлөрүн, апелляциялык даттанууну колдогондугун билдирген адвокат И.А.нын жүйөлөрүн, соттон даттанууну канааттандырылуусуз калтырууну суранган прокурордун бүтүмүн укту. Андан кийин соттук коллегия кеңешме бөлмөсүнө чыгып кетти.

Беш мүнөттөн кийин соттук коллегия кеңешме бөлмөсүнөн чыгып, өкүмдү жарыялады: биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн күчүндө калтыруу.

**Талкуу жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. Адвокат И.А. Е.А.нын кызыкчылыктарын коргоого укуктуу беле?
2. Е.А.нын коргоого укугун камсыздоо үчүн судья кандайча аракеттенүүгө тийиш эле?

# №4 КАЗУС
# «УКМК БОЮНЧА ИШ»

Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКтын №2 мекемесинин жазалоонун калган мөөнөтүн – 3 жыл, 11 ай, 23 күнүн – андан ары өтөө үчүн соттолгон Р.ди жатак-абакка которуу жөнүндөгү эскертүүсү канааттандырылган.

2014-жылдын 3-июнунда түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокурор Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Кылмыш иштери жана административдик укук бузуу иштери боюнча соттук коллегияга Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтомун жокко чыгарууну суранган көзөмөлдөө эскертүүсүн киргизген.

Түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукка көзөмөл боюнча прокурордун Чүй областынын Аламүдүн райондук сотуна көзөмөл эскертүүсүнүн түшкөндүгү тууралуу соттолгон Р.га  почта менен да, телефон аркылуу да, байланыштын башка түрлөрүн колдонуу менен да кабарланган эмес.

Келип түшкөн эскертүү жөнүндө соттолгондун биринчи инстанциядагы сотто материалды кароого катышкан жактоочусуна да кабарланган эмес.

Ошентип, Р. өзүнө да, аны коргоо тарабына да  прокурордун келип түшкөн эскертүүсү жөнүндө кабарланган эмес, эскертүүнүн көчүрмөсү аларга тапшырылган эмес, алар сотко өзүнүн эскертүүгө карата каршылыгын билдирүүгө жана кошумча материалдарды тапшырууга мүмкүнчүлүгүнөн айрылган.

Соттолгон Р. га жана анын жактоочусуна иш Жогорку Сотто каралып жаткан учурда да кабарланган эмес.

Соттолуучунун түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКтын №2 мекемесинин администрациясы да прокурордун келип түшкөн эскертүүсү жана аны Жогорку Сотто кароо мөөнөтү жөнүндө кабарланган эмес.

2014-жылдын 8-июлунда Р.ге карата прокурордун эскертмеси боюнча соттук материалды кароо үчүн соттук отурум болуп өттү.

**Соттук отурумдун протоколунан:**
Соттук курамдын төрагалык кылуучусу ишти кароого дайындалган убакытта соттук отурумду ачты жана кайсы иш териштирилип жаткандыгын жарыялады.
Соттук отурумдун катчысы процесстин кабарланган катышуучуларынын тизмесин жарыялады жана бардыгы тең тийиштүү түрдө кабарлангандыгына карабастан, сот отуруму на эч ким келбеди деп баяндады.
Төрагалык кылуучу судья Р.ге карата мамлекеттик адвокатты дайындоо жөнүндө прокурордун пикирин сурады.
Прокурор: Каршы эмесмин.
Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегиясы ордунан кеңешип, аныктады: соттолгон Р.дин кызыкчылыктарын коргоо үчүн Б.Г.а аттуу мамлекеттик адвокат дайындалсын.
Адвокат Б.Г. Р.дин кызыкчылыктарын коргоого Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №0000019 ордер-тапшырмасын көрсөтүп, ишке киришти. Иштин материалдары менен таанышуу өтүнмөсү менен кайрылган эмес, эскертме менен таанышкан эмес, жарыш сөзгө чыгып, Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтомун күчүндө калтырууну суранды.

Соттук коллегия ошол эле күнү чечим чыгарды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. Адвокат Б.Г. соттолгон Р.ди коргоо укугун алууга укуктуу беле?
2. Сот Р.дин коргоого укугун камсыздоодо кандайча аракеттенүүгө тийиш эле

**ТМ 3-3.**

## №5 КАЗУС «ЕРНАЛИЕВАНЫН ИШИ»

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту тарабынан Ерналиева Айзада Шаимбетовнага карата №3/09-5017 кылмыш иши каралып жатат. А.Ш. Ерналиевага Бишкек шаарынын ИИБ тергөө органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-бер., 2-б, 3-п.; 166-бер., 4-б, 2-п.; 166-бер., 4-б., 2-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2-, 4-, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б. боюнча айыптоолор коюлууда.

Жабырлануучулар: Мария Султанбекова; Марат Султанбеков; Назар Боксоев; Вероника Петрова; Антонина Фролова.
Соттолуучу: Ерналиева Айзада Шаимбетовна
Жашоо дареги: Кыргызстан, Бишкек шаары, Левитан көчөсү, 15-үй, 16-батир.
Туулган күнү: 9 – август, 1980-жыл.
Туулган жери: Кыргызстан, Токтогул шаарчасы.
Кесиби жана иштеген жери: укалоочу, убактылуу жумушсуз.

Катышуучулардын сотко келишин текшерүүдө соттук отурумдун катчысы соттолуучунун жактоочусу жок экенин айтты, анткени мурда тергөөгө катышкан жактоочу Башукян Андро Искандерович сотко келбеди, катчы иштин материалындагы ордерге таянып, жактоочу соттолуучуга КРдин МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамга ылайык берилгендигин айтып берди.
Судья соттолуучуга жактоочусунун жоктугу себебин аныктоо максатында суроо берди, соттолуучу анын оор материалдык абалына байланыштуу тергөө учурунда жактоочу МКЮЖ мыйзамына ылайык берилген деп жооп берди. Азыркы учурда соттолуучунун Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзамга ылайык коргоп келген жактоочусу КР жарандыгынан баш тартып, туруктуу жашоо ордуна КРден чыгып кеткендиги, Юстиция министрлигинин жактоочу ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча лицензиясын тапшыргандыгы, мына ушул себепке байланыштуу МКЮЖ реестринен чыгарылгандыгы аныкталды.
Аныкталган жагдайларга байланыштуу төрагалык кылуучу соттолуучуга кайрылып, КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамдын алкагында жактоочу менен камсыздоо жөнүндө суроо берди, соттолуучу камсыздоону суранды, анткени буга чейин анын материалдык абалы текшерилген жана ага МКЮЖ көрсөтүлгөн. Сот соттолуучуга жактоочуну дайындоо зарыл экендиги жөнүндө чечим чыгарды.
Соттук отурум соттолуучунун жаңы жактоочусу келгенден кийин улантылды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. Судья КР мыйзамынын кайсы ченемдерине таянып аракеттенди?
2. Эмне себептен судья кылмыш ишинин кароосун жылдырган жок?

# ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

# ТРЕНИНГ
# МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМ

## ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын укуктук жөнгө салуу жөнүндө билим берүү

## КАРОО ЖАНА ОКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзам жана мындай мыйзамдын принциптери (МКЮЖ системасындагы Конституция, тийиштүү мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар).
2. Сотто кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү тартиби.

## №1 КАЗУС
## «ОПУЗАЛАП ТАЛАП КЫЛУУ БОЮНЧА ИШ»

2015-жылдын 23-июлунда Бишкек шаарынын Свердлов районунун ИИБине А.А. аттуу жаран арыз менен кайрылды. Ал арызында 2015-жылдын 22-июлунда болжолу менен 21 саат 21де Бишкек шаарынын «Миң түркүн» дүкөнүнүн жанында, белгисиз үч адам өздөрүн милиция кызматкери катары тааныштырып, ага карата күч колдонуп, автомашинага отургузуп, ал билбеген бир батирге алып келип, эртең мененки саат 7ге чейин кармап, акча опузалап талап кылышты деп билдирди. А. н арызы боюнча 2015-жылдын 3-августунда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 170-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон.

2015-жылдын 12-августунда болжолу менен саат 15те милиция кызматкерлери тарабынан өзүнүн таанышынын батиринде М.А. аттуу жаран кармалып, Бишкек шаарынын Свердлов районунун ИИБ жайына жеткирилген жана ага карата кыйноо колдонулган. Аны кылмыш жасагандыгын мойнуна алуу менен түшүндүрмө катын кыйнап жаздырышкан.

Ошол эле күнү болжолу менен саат 20да Г.Ш. аттуу жаран, андан соң саат 22де П.А. аттуу жарган кармалган, аларга карата да кыйноо колдонулган, аларга да түшүндүрмө каттарын кыйнап жаздырышкан. Түшүндүрмө каттарын бир нече жолу кайрадан оңдоп жазышкан.

М.А.на кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:00дө түзүлгөн.

П.А. на кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:10до түзүлгөн.

Г.Ш. на кармоо протоколу 2015-жылдын 13-августунда саат 3:20да түзүлгөн.

2015-жылдын 14-августунда үчөө тең Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 123-беренесинин 2-бөлүгүндө (адамды уурдоо), 125-беренесинин 2-бөлүгүндө (мыйзамсыз түрдө эркиндигинен ажыратуу), 170-беренесинин 2-бөлүгүндө (опузалап талап кылуу) 167-беренесинин 2-бөлүгүндө (тоноо) каралган кылмыштар боюнча айыпталган.

Ошол эле күнү Бишкек шаарынын Свердлов районунун судьясынын токтому менен үчөөнө тең камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы тандалган.

Ошол эле күнү жабырлануучу менен үч айыпталуучунун ортосунда беттештирүү өткөрүлгөн, тергөөчү айыпталуучуларга тергөөнүн аяктагандыгы тууралуу жарыялап, аларды кылмыш ишинин материалдары менен тааныштырды. Тергөө амалдарынын протоколдорунда анын колу жүрөт. Бирок М.А., П.А. жана Г.Ш. адвокатты сотто бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө маселени чечүүнүн алдында гана көргөндүгүн, анын тергөө амалдары жүрүп жаткан учурда жок болгондугун билдиришти.

Соттук отурумдарда адвокат бардык учурларда бир эле фразаны айтып туруп алды: «Тергөөчүнүн өтүнмөсүн соттун кароосуна калтырам».

2015-жылдын 29-сентябрында М.А., П.А. жана Г.Шкын кызыкчылыктарын «Юридикалык консультациянын» (белгисиз бир уюмдун) №263 ордер-тапшырмасы боюнча адвокат Б.М. коргой баштайт. Ошол эле күнү жабырлануучунун үч айыпталуучу менен тең беттештирүү өткөрүлүп, тергөөчү айыпталуучуларга тергөөнүн аяктагандыгы тууралуу билдирип, кылмыш ишинин материалдары менен тааныштырды. Тергөө амалдары-

нын протоколдорунда адвокаттын колу жүрөт, иш менен таанышып чыккандан кийин адвокаттан арыздар жана өтүнмөлөр түшкөн жок.

Кийин, биринчи инстанциядагы сотто ошол эле жактоочу Б.М. жабырлануучунун кызыкчылыктарын коргоого ишеним кат боюнча киришти.

Биринчи инстанциядагы сотко (Бишкек шаарынын Свердлов районунун соту) кылмыш иши 2015-жылдын 2-октябрында келип түштү. Иш боюнча бир нече отурумдар дайындалды, бирок алар өткөн жок, анткени жабырлануучу аларга келбеди. Бир да отурумда соттолуучулардын жактоочулары катышкан жок.

2015-жылдын 12-декабрында судьянын өтүнүчү боюнча Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №47 ордер-тапшырмасын көрсөтүп, ишке адвокат И.Р. киришти.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**

1. М.К., Б.М. жана И.Р. аттуу адвокаттар М.А., П.А. жана Г.Ш аттуу айыпталуучуларды коргоого укуктуу беле?
2. М.А., П.А. жана Г.Ш. кармалганда алардын коргоого укугун камсыздоо үчүн тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш?
3. Тергөөнүн өндүрүшүндө М.А., П.А. жана Г.Ш. аттуу жарандарга карата коргоо укугун камсыз кылууда тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш болчу?
4. Соттук териштирүүдө коргоого укукту камсыз кылууда судья кандайча аракеттенүүгө тийиш болчу?

**ЧЕЧИМ:**

1. Жактоочунун кармалгандардын кызыкчылыктарын коргоого укугу жок болчу, анткени ал МКЮЖ боюнча адвокат болгон эмес, кармалгандар же алардын туугандары менен юридикалык жардам берүү жөнүндө макулдашууну түзгөн эмес.
2. Шектүүлөрдү кармаганда тергөөчү Координатор тарабынан түзүлгөн график боюнча нөөмөттөгү жактоочуну чакырат же кармалгандын кызыкчылыктарын коргоо үчүн Координаторго адвокатты жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылат.
3. Тергөө стадиясында коргоо укугун камсыздоо үчүн тергөөчү тергелип жаткан адам мамлекеттин эсебинен квалификациялуу юридикалык жардамга муктаждыгын аныктайт, андан арыз алат жана координаторго жөнөтөт.
4. Соттук териштирүү стадиясында коргоого укугун камсыздоо үчүн судья соттолуучудан ошол адам мамлекеттин эсебинен квалификациялуу юридикалык жардамга муктаждыгын аныктайт, андан арыз алат жана координаторго жөнөтөт.

## №2 КАЗУС
## «ГЕРОИН БОЮНЧА ИШ»

Ч.Р. аттуу жаран УКМК кызматкерлери тарабынан 2014-жылдын 19-декабрында саат 23тө кармалган. Жаранды кармоо учурунда салмагы 1700 грамм «героин» баңги заты табылып, андан алынган.

2014-жылдын 20-декабрында бул факт боюнча кылмыш иши козголгон.

Ч.Р. андан баңги заты табылган фактысын мойнуна албай, УКМК кызматкерлери ага карата 10000 АШК долларын опузалап алуу максатында бул жасалма кылмыш ишин ачышкан. Аны кыйнашкан, кылмыш жасаганын мойнуна алууга мажбурлашкан. Башка жана денесинин башка жактарына урушкан. УКМКын бир кызматкери аны мурунга муштаган. Натыйжада ден соолугуна зыян келтирген анча оор эмес дене жаракаттарын алып, денеси көгала болуп, мурду сынган. Бул тууралуу соттук-медициналык экспертизанын бүтүмү бар.

Кармоо протоколу тергөөчү тарабынан 2014-жылдын 20-декабрында саат түнкү 2де түзүлгөн. Кармалганга жактоочу факт түрүндө кармалган күндүн эртеси саат эртең мененки 11де жолуккан. Тергөөчү кармалганды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу УКМКнын мурдагы кызматкери болгон С.Н. аттуу адвокат менен тааныштырган.

С.Н. аттуу адвокат Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды жүзөгө ашыруучу адвокаттардын мамлекеттик реестринде катталган эмес. Ишке катышуу үчүн ал Ысык-Ата районунун №10 ЮКсынын ордер-тапшырмасын көрсөткөн.

Тергөө амалдары протоколунда адвокат С.Н.дин колу жүрөт, бирок Ч.Р. аны шектүү катары суракка алуу, айыптоону угузуу жана айыпталуучу катары суракка алуу адвокаттын катышуусу менен өткөрүлбөгөндүгүн айтууда. Адвокат тергөөчү Ч.ни суракка алып бүткөндөн кийин, Ч. протоколго кол койгондон кийин келди.

Соттук отурумда адвокат бөгөт коюу чарасын тандоодо эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасын тандоону суранган. Бул анын бардык сүйлөгөн сөзү болду.

**Талкуу жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**
1. Адвокат С.Н. Ч.Р.дин кызыкчылыктарын коргоого укугу бар беле?
2. Ч.Р.ди кармоодо жана тергөөнү өндүрүүдө коргоого укукту камсыз кылуу үчүн тергөөчү кандайча аракеттенүүгө тийиш болчу?

**ЧЕЧИМ:**
1. Адвокат С.Н.дин Ч.Р.дин кызыкчылыктарын коргоого укугу жок болчу, анткени ал МКЮЖ боюнча адвокат болгон эмес, кармалгандар же алардын туугандары менен юридикалык жардам берүү жөнүндө макулдашууну түзгөн эмес.
2. Тергөөчү Координатор тарабынан түзүлгөн график боюнча нөөмөттөгү жактоочуну чакырат же кармалгандын кызыкчылыктарын коргоо үчүн Координаторго адвокатты жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылат.

## №3-КАЗУС
## «Е.А. БОЮНЧА ИШ»

Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун өкүмү менен Е.А. жараны күнөөлүү деп табылган жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 97-беренесинин 1-бөлүгү боюнча күнөөлүү деп табылып, эркиндигинен 14 жылга ажыратылган.

Е.А. апелляциялык даттанууну Бишкек шаардык сотунун Кылмыш-жаза иштери жана административдик укук бузуу иштери боюнча соттук коллегияга жиберген.

Апелляциялык даттануу соттолгон тарабынан адвокаттын жардамысыз эле даярдалып жиберилген.

Бишкек шаардык сотунун соттук отурумунда адвокат жок болгон. Иш боюнча судья баяндамачы МКЮЖ боюнча мамлекеттик реестрде катталган адвокат И.А.ны Е.А.нын жактоочусу катары катышууну суранды.

И.А. макул болуп, Е.А.нын кызыкчылыктарын коргоо үчүн Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №27 ордер-тапшырмасын жазды.

Соттук отурум 15 мүнөт убакыт өткөрүлдү. Соттук коллегия өзүнүн апелляциялык даттанусун колдогон соттолгон Е.А.нын жүйөлөрүн, апелляциялык даттанууну колдогондугун билдирген адвокат И.А.нын жүйөлөрүн, соттон даттанууну канааттандыруусуз калтырууну суранган прокурордун бүтүмүн укту. Андан кийин соттук коллегия кеңешме бөлмөсүнө чыгып кетти.

Беш мүнөттөн кийин соттук коллегия кеңешме бөлмөсүнөн чыгып, өкүмдү жарыялады: биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн күчүндө калтыруу.

**Талкуу жана чечим кабыл алуу үчүн суроолор:**

1. Адвокат И.А. Е.А.нын кызыкчылыктарын коргоого укуктуу беле?
2. Е.А.нын коргоого укугун камсыздоо үчүн судья кандайча аракеттенүүгө тийиш эле?

**ЧЕЧИМ:**

1. Адвокат И.А. Е.А.нын кызыкчылыктарын коргой алмак эмес, анткени мындай коргоо координатор тарабынан ага тапшырылган эмес.
2. Судья Е.А.га коргоону камсыз кылуу үчүн соттолуучудан анын мамлекеттин эсебинен квалификациялуу юридикалык жардамга муктаждыгын сурап билүүгө тийиш болчу. Эгерде ал муктаж болсо, анда Е.А.дан арыз жаздырып алып, аны координаторго жөнөтүш керек болчу.

## №4 КАЗУС
## «УКМК БОЮНЧА ИШ»

Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКтын №2-мекемесинин жазалоонун калган мөөнөтүн – 3 жыл 11 ай, 23 күнүн – андан ары өтөө үчүн соттолгон Р.ди жатак-абакка которуу жөнүндөгү эскертүүсү канааттандырылган.

2014-жылдын 3-июнунда түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокурор Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Кылмыш иштери жана административдик укук бузуу иштери боюнча соттук коллегияга Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтомун жокко чыгарууну суранган көзөмөлдөө эскертүүсүн киргизген.

Түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукка көзөмөл боюнча прокурордун Чүй областынын Аламүдүн райондук сотуна көзөмөл эскертүүсүнүн түшкөндүгү тууралуу соттолгон Р. почта менен да, телефон аркылуу да, байланыштын башка түрлөрүн колдонуу менен да кабарланган эмес.

Келип түшкөн эскертүү жөнүндө соттолгондун биринчи инстанциядагы сотто материалды кароого катышкан жактоочусу да кабарланган эмес.

Ошентип, Р. өзүнө да, аны коргоо тарабына да прокурордун келип түшкөн эскертүүсү жөнүндө кабарланган эмес, эскертүүнүн көчүрмөсү аларга тапшырылган эмес, алар сотко өзүнүн эскертүүгө карата каршылыгын билдирүүгө жана кошумча материалдарды тапшырууга мүмкүнчүлүгүнөн айрылган.

Соттолгон Р. жана анын жактоочусу иш Жогорку Сотто каралып жаткан учурда да кабарланган эмес.

Соттолуучунун түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКтын №2 мекемесинин администрациясы да прокурордун келип түшкөн эскертүүсү жана аны Жогорку Сотто кароо мөөнөтү жөнүндө кабарланган эмес.

2014-жылдын 8-июлунда Р.ге карата прокурордун эскертмеси боюнча соттук материалды кароо үчүн соттук отурум болуп өттү.

Соттук отурумдун протоколунан:

Соттук курамдын төрагалык кылуучусу ишти кароого дайындалган убакытта соттук отурумду ачты жана кайсы иш териштирилип жаткандыгын жарыялады.

Соттук отурумдун катчысы процесстин кабарланган катышуучуларынын тизмесин жарыялады жана бардыгы тең тийиштүү түрдө кабарлангандыгына карабастан, сот отуруму на эч ким келбеди деп баяндады.

Төрагалык кылуучу судья Р.ге карата мамлекеттик адвокатты дайындоо жөнүндө прокурордун пикирин сурады.

Прокурор: Каршы эмесмин.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегиясы, ордунан кеңешип, аныктады: соттолгон Р.дин кызыкчылыктарын коргоо үчүн Б.Г. аттуу мамлекеттик адвокат дайындалсын.

Адвокат Б.Г. Р.дин кызыкчылыктарын коргоого Юстициянын Чүй-Бишкек башкармалыгынын №0000019 ордер-тапшырмасын көрсөтүп, ишке киришти. Иштин материалдары менен таанышуу өтүнмөсү менен кайрылган эмес, эскертме менен таанышкан эмес, жарыш сөзгө чыгып, Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 2014-жылдын 30-майында чыгарылган токтомун күчүндө калтырууну суранды.

Соттук коллегия ошол эле күнү чечим чыгарды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Адвокат Б.Г. соттолгон Р.ди коргоо укугун алууга укуктуу беле?
2. Сот Р.дин коргоого укугун камсыздоодо кандайча аракеттенүүгө тийиш эле?

**ЧЕЧИМ:**
1. Адвокат Б.Г. Р.дин кызыкчылыктарын коргоого укуктуу эмес болчу, анткени мындай коргоо Координатор тарабынан ага жүктөлгөн эмес.
2. Сот Р.дин коргоого укугун камсыздоо үчүн соттолгонго материалдын соттук кароосунун убактысы жана орду жөнүндө тийиштүү түрдө кабарлоого жана ал мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга муктаждыгын аныктоого тийиш эле. Эгерде ал муктаж болсо, анда соттолгондон арыз алып, аны координаторго жөнөтүш керек эле.

# №5 КАЗУС «ЕРНАЛИЕВАНЫН ИШИ»

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту тарабынан Ерналиева Айзада Шаимбетовнага карата №3/09-5017 кылмыш иши каралып жатат. А.Ш. Ерналиевага Бишкек шаарынын ИИБ тергөө органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-бер., 2-б, 3-п.; 166-бер., 4-б, 2-п.; 166-бер., 4-б., 2-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 3-п.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б.; 166-бер., 2-б., 2, 3-п.; 350-бер., 2, 4, 6-б. боюнча айыптоолор коюлууда.

Жабырлануучулар: Мария Султанбекова; Марат Султанбеков; Назар Боксоев; Вероника Петрова; Антонина Фролова.

Соттолуучу: Ерналиева Айзада Шаимбетовна

Жашоо дареги: Кыргызстан, Бишкек шаары, Левитан көчөсү, 15-үй, 16-батир.

Туулган күнү: 9 – август, 1980-жыл.

Туулган жери: Кыргызстан, Токтогул шаарчасы.

Кесиби жана иштеген жери: укалоочу, убактылуу жумушсуз.

Катышуучулардын сотко келишин текшерүүдө соттук отурумдун катчысы соттолуучунун жактоочусу жок экенин айтты, анткени мурда тергөөгө катышкан жактоочу Башукян Андро Искандерович сотко келбеди, катчы иштин материалындагы ордерге таянып, жактоочу соттолуучуга КРдин МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамга ылайык берилгендигин айтып берди.

Судья соттолуучуга жактоочусунун жоктугу себебин аныктоо максатында суроо берди, соттолуучу анын оор материалдык абалына байланыштуу тергөө учурунда жактоочу МКЮЖ мыйзамына ылайык берилген деп жооп берди. Азыркы учурда соттолуучунун Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү мыйзамга ылайык коргоп келген жактоочусу КР жарандыгынан баш тартып, туруктуу жашоо ордуна КРден чыгып кеткендиги, Юстиция министрлигинин жактоочу ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча лицензиясын тапшыргандыгы, мына ушул себепке байланыштуу МКЮЖ реестринен чыгарылгандыгы аныкталды.

Аныкталган жагдайларга байланыштуу төрагалык кылуучу соттолуучуга кайрылып, КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамынын алкагында жактоочу менен камсыздоо жөнүндө суроо берди, соттолуучу камсыздоону сураньы, анткени буга чейин анын материалдык абалы текшерилген жана ага МКЮЖ көрсөтүлгөн. Сот соттолуучуга жактоочуну дайындоо зарыл экендиги жөнүндө чечим чыгарды.

Соттук отурум соттолуучунун жаңы жактоочусу келгенден кийин улантылды.

**Талкуу жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:**
1. Судья КР мыйзамынын кайсы ченемдерине таянып аракеттенди?
2. Эмне себептен судья кылмыш ишинин кароосун жылдырган жок?
3. Сот тарабынан жактоочуну дайындоо процедурасын түшүндүрүп бериңиз.

**ЧЕЧИМ:**

1. Судья төмөнкүдөй мыйзамдардын:
а) КР Конституциясынын 40,103-беренелеринин;
б) КР ЖПКсынын 9-беренесинин (Соттук коргоо), 16-беренесинин (Жарандардын мыйзам жана сот алдындагы теңчилиги), 18-беренесинин (Тараптардын далилтартышынын жана тең укуктуулугунун негизинде сот ишин жүзөгө ашыруу), 20-беренесинин (Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун акталуу укугун камсыз кылуу), 45-беренесинин (Жактоочуну чакыруу, дайындоо, алмаштыруу, анын эмгегине акы төлөп берүү) негизинде аракеттенген.

2. Иш МКЮЖ берүү үчүн дайындалган адвокат келгенге чейин КР МКЮЖ жөнүндөгү мыйзамына ылайык соттолуучунун коргоого укугун камсыздоо үчүн кийинкиге жылдырылган.

3. Соттун канцеляриясы аркылуу Координаторго (МКЮЖБге) жазуу түрүндө кайрылуу (Координаторго билдирүү телефон аркылуу да жөнөтүлүшү мүмкүн). МКЮЖ берүү үчүн адвокат Координатор тарабынан дайындалат, ал 2 саат аралыгында сотко келип калышы керек.